

БОЛОТБЕК КУЗЬМЕНКО

# САЙРООЧУ КУШТАР

БОЛОТБЕК КУЗЬМЕНКО

# САЙРООЧУ КУШТАР

*Очерктер*

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» БАСМАСЫ
1978

С (Кирг)
К 89

**Кузьменко Болотбек**

К 89 Сайроочу куштар. Очерктер. [Жашта
үчүн]. Ф., «Мектеп», 1978 ©

168 бет.

Автор бул очерктеринде ар түркүн сайроочу ку
тардын жашоо-тиричилиги, алардын адамга тийгизг
пайдасы жөнүндө кызыктуу сөз козгойт жана алард
багуунун жолдору жөнүндө кеңешин берет.

С (кирг)+59(07

К $\frac{73-011}{М\ 452(17)-78}$ 202—78

© Издательство «Мектеп», 1978 г.

# АДАМ ЖАНА ЖАРАТЫЛЫШ

Канаттуу куштар — жаратылыштын кызгалдактай коздугу, эрке баласы, таразасы. Үйдө багылуучу канатуулларды — тоок менен өрдөктү, каз менен күрптү ...баарыңар жакшы билесиңер. Алар адам баласына эт жана май, жүн жана тыбыт... беришет. Өзүлөрү ар кандай зыяндуу курт-кумурскаларды, отоо чөптөрүнүн уругун жеп, аш калдыктары менен жерди семиртишет...

Мен үй канаттуулары жана аңчылык кылынуучу— чил, кыргоол, тоодак, өрдөк, улар, кекилик, индиялык каз жөнүндө кеп айтпай эле коёюн. Жаратылышта алардын ар биринин ээлеген орду, аткарган милдети, баа жеткис мааниси бар. Мен көбүнчө майда куштар: канаттуулардын жалпы тиричиликке тийгизген таасири; адам баласынын куштар менен болгон карым-катышы, өз ара байланышы; жаратылыштагы тең салмактуулук, сайроочу куштардын адамга алып келген ырахаты жана башка маселелердин тегерегинде азыноолак ой жүгүртүп, көп жылдык байкоолорду ортого салгым келди. Мүмкүн айрым ойлорум табышмактуу көрүнөр, бирок, өз сезимиңерде таразалап, салмактап көрүңүздөр.

Канаттуулар жер бетинде миллиард жыл илгери пайда болду. Адам маймылдан кийин кас-кас басып,

бөлүнүп чыкты. Куштар адамдан улуу, анткени, алар мурда жаралды. Кээ бир укмуштай чоң, семиз, асманда учуп же жерде жорголоп жүрүүчү канаттуулардын түрлөрүн адам биротоло кырып таштады. Ал иш не бир күндө, не бир жылда бүткөн жок. Көп жылдап жүрүп олтурду. Ал жөнүндө китепте айрым мисалдар айтылат.

Адамды байыркы заманда эле көкөлөп учкан макулуктар кызыктырбай койгон жок. Алардын учканын көрүп, адамдын да учкусу келди. Эр жүрөктүү, тайманбас айрым ойлоп тапкычтар канаттууларды тууран, аларга окшотуп, «учуучу» жабдууларды жасап көрүштү.

Жерден 5—10 метр, кээси 50—100 метр бийиктикке көтөрүлүп, бир нече метр алдыга учкандар да болду. Кээси ойлоп тапкан «канатынан» өз ажалын да тапты. Ойлоп табуучулар жөнүндө өзүңөр да ар түрдүү китептерден окуган чыгарсыңар. Мен аттарын кайталап олтурбайын.

Бирок, ошол эр жүрөк, тынымсыз изденген «уччуч» — ойчулдар болбосо, азыр асманды как жарып, күркүрөп жүргөн «ИЛ-18», «ЯК-40», «ИЛ-62», «ТУ-144» жана толуп жаткан лайнер-самолеттор жаралар беле? Самолеттор, дирижаблдер болбосо, «Салют», «Союз», «Венера», «Марс» жана башка космостук кораблдер, ар түрдүү максаттагы ракеталар түзүлөр беле? Түзүлбөйт да, жасалбайт да болучу.

Көрдүңөрбү, баарысы «канаттуу» куштарды туурайбыз, ошолордой болуп учабыз, абага көтөрүлөбүз дегенден башталды. Куш— самолёт — ракета — корабль. Бири-биринен жаралган, өз ара ажырагыс байланыштуу нерселер.

Адам куштарга байкоо жүргүзүп, биологиянын, зоологиянын көп сандаган түйүндөрүн чечип, илимий ачылыштарды жасады. Адам куштарга куштарлана карап, жер шарынын кайсы жеринде аба ырайы,

кыртышы, жемиши, өсүмдүктөрү кандай экендигин билип алды. Адам куштардын айыл чарбачылыгына, жалпы тиричиликке тийгизген оң таасирин ачты. Көрсө куштар адам баласына, анын күнүмдүк жана түбөлүк турмушуна эбегейсиз чоң таасир тийгизет экен. Көрсө куштар болбосо, биз жаңгак, карагат, өрүк, нан, эт... айтор, жеп жүргөн бардык азык-түлүктөн, кийген кийимден ажырап калмак экенбиз.

Бул айтканыма көп ишенбей, ынанбай турасыңар го? «Таранчы менен жаңгактын ортосунда кандай байланыш бар?» — деп сурагыңар да келип турган чыгар? Эмесе мен турмуштук баасы бар айрым мисалдарга кайрылайын.

Жаратылышта азоттун маанисине баа жетпейт. Муну химиктер айрыкча жакшы билишет. Азот болбосо жандуу, кыймылдап жүргөн, ысык кандуу макулуктар да болбос эле. Демек, биз да болбойт элек. Себеби, азотсуз терек менен таруу, кайың менен беде, карагай менен кызылча, тал менен буудай... өнбөйт, өспөйт, көбөйбөйт. Азот органикалык жер семирткич. Куштар жеген жеминин дээрлик үчтөн эки бөлүгүн органикалык жер семирткич — азот катарында кайра бөлүп чыгарышат. Мисалы, биз чоң короолу чымчыкты жайкы бактардан көп көрүп жүрөбүз. Ал жалаң курт-кумурска, алардын жумурткалары менен личинкаларын жейт. Чөптүн уругун, мөмө-чөмө жемиш жебейт. Эки чоң короолу чымчык — эркеги менен ургаачысы — апрель — июнь айларында эки жолу балапан чыгарышканда — үч айдын ичинде 6—7 килограмм курт-кумурсканы жеп коюшат. Анын 4—5 килограммы кык катарында азот болуп бөлүнүп чыгат да, жерге эң баалуу жер семирткич катарында түшөт. Мол түшкөн жерде өсүмдүктөр дүркүрөп өсөт.

Кээде бактарга, токойлорго, жашыл тилкелерге, бадалдарга зыяндуу курттар чабуул коюшат, жалбырактарын, бутактарын, кабыгын шуудурата жеп киришет.

Байкасаңар ошол эле күнү мите түшкөн аянтка туш-туштан түмөндөгөн канаттуулар зуулдап учуп келишет. Алар зыянкечтерди мойсоп, кырып киришет. Натыйжасында куурап кала турган токой, бадал, бак... аман-эсен сакталып калат. Мите кемирип, жеп таштаган айрым жыгачтар келерки жылы эле кайра түптөнүп, дүпүйүп жана жашыл тартып өсүшөт. Эмнеден? Алар куурап кала турган жыгачтар эмес беле?

Көрсө канаттуулар «чабуул» жасаган зыянкечтерди аябай көп жешкенден ошончолук көп кыкты да бөлүп чыгарышат экен. Ал кык тигил жапа чеккен тал-дарактарга эң сонун семирткич болуп берет. Ошон үчүн ал өлбөй, соолубай, куурабай өз өмүрүн улантып кетип олтурат.

Бир жолу мен бир окумуштуу менен көпкө аңгемелешип олтурдум. Сөздөн сөз чыгып, ал мага канаттуу менен балыктын ортосундагы тыгыз байланыш жөнүндө кызык окуялардан айта кетти. Адегенде мен ага ишенбей олтурдум.

Чабалекей, же өрдөк асманда учуп жүрсө, балыктар деңизде, дарыяларда, океандарда сүзүп жүрсө, экөөнүн ортосунда асман менен суудай айырма жатпайбы? Кантип эле алар өз ара байланыштуу болсун? — деп окумуштуудан сурадым.

Ал жылуу-жумшак жылмайды да, көз айнегин оңдоп кийип сөзүн узатты:

— Бир жолу мен Камчаткада болдум,— деди ал салмактуу сүйлөп. — Максатым — жарым аралда жашаган канаттуулардын көчүп жүрүүсүн, жашоо-тиричилигин, балапан чыгарышын, аларды багышын изилдөө болучу. «Петропавловск» деген залкар чоң кемеге түшүп, деңизге чыктык. Кемеде өлкөнүн ар кайсы жеринен келишкен жүзгө жакын окумуштуу, орнитолог, биолог, натуралисттер, кабарчылар, сүрөтчүлөр чогулуптур. 3—4 күн жол жүрдүк. Акырында «куштардын базарына» жеттик.

Корабль тып-тынч бир булуңга токтоду. Кайыктарга түшүп, жээкке чыктык. Куштардын көптүгүн айтпа. Ызы-чуусунан эч нерсе угулбайт. Жакын туруп сүйлөшүү мүмкүн эмес. Кыйкырышып сүйлөшүп жаттык. Жарым саат өтпөй көпчүлүгүбүз кирилдеп калдык. Үнүбүз бүткөн соң айла жок, ар кимибиз унчукпай, кол жаңсашып, өз ишибизге алаксыдык. Бирибиз — жумурткалашын текшерсек, бирибиз — жеген жемин талдап, мен кыгынын деңизге тийгизген таасирин аныктоого кириштим.

Бул аралда кызыл тумшук өрдөк, чардак, ийри тумшук чулдук, көк кытан жана дагы толуп жаткан канаттуулар жашайт экен. Бош калган бир чарчы метр жер таппайсың. Аярлап баспасаң аска-зоодо кадам сайын кезиккен не жумурткасын, не темир канат балапанын, не жумуртка жылытып, балпайып олтурган кыска тумшук казды басып алчудайсың. Учушпайт, бизден коркушпайт да экен. Уя, жумуртка, балапан, кык деген неме жер жайнайт. Өзүмдүн байкоолоруму токтолоюн. Ал эмнелерди көрсөттү? Аралдагы канаттуулар, негизинен, майда балык менен жашап, күн көрүшөт. Чоң, семиз балыктар суунун тереңинде, ага суучул өрдөктөр да чүмкүп жете алышпайт. Майда чабактар суунун үстүндө, 20—30 сантиметр тереңдигинде гана жыбырап сүзүп жүрөт. Аны учуп баратып илип кетүү алда канча жеңил.

Балык жеген миң-сандаган канаттуулардын кыгы жөн эле апакай тоо болуп жылтырайт. Аны же катуу шамал уратып, же өткүн нөшөр эритип деңизге түшүрөт. Ал сууда жөн чирип жок болуп кетет. Кыкты өтө майда, көзгө араң илешкен суу курт-кумурскалары сугунуп жешет жана өтө көбөйүшөт. Ал курт-кумурскаларды майда балыктар жейт. Майда балык орточо балыкка жем болот. Орточо балык чоң балыктын жемине айланат... Сууга түшкөн кык тереңге чөккөндүктөн, ал жерде өнүп чыккан балыр, деңиз капустасы,

камыш жана башка өсүмдүктөр жөн эле түнт токойго айланат. Аны да түмөндөгөн балыктар жеп, көбөйөт.

Жаратылыштын байланышы деп биз, окумуштуулар, так ушул «чынжырды» түшүнөбүз. Бир эле алкагын, мисалы, канаттууларды алып таштасак, аталган деңизде балык жем таппай, кескин түрдө азайып, же тап-такыр жок болуп кетиши мүмкүн.

Биз барган канаттуулардын аралынын жанында балыкчылар укмуштай көп тонналаган балык кармаша турганын айтышты. Балыктардын эсепсиз көбөйүшүнө алиги кызыл тумшук өрдөк, бороон кабарчысы, ак чардактар... тикеден-тике таасирин тийгизген...

Кайсы бир өлкөдө (ал өлкө океанга жакын жерде болчу) канаттуулардын базарын жок кылышып, куштарды ага жолотпой аткылап, үркүтүп, тоо-тоо болуп жаткан кыктарын Англияга алтынга сатышкан экен. Мурда бул өлкө балыкты өтө көп кармап, байыган болсо, канаттуулар базары жоюлар замат балыкты өтө аз кармап, бара-бара бир топ ачарчылыкка да дуушар болуптур.

Мындай жагдайдан кутулуш үчүн өлкөнүн жетекчилери «канаттуулар базарын» кайрадан ачууну, ал жерге керектүү канаттууларды багууга шарт түзүүнү, ошону менен деңизде балыкты көбөйтүүнү чечишиптир.

Бул окуя мындан 10—15 жыл илгери болгон. Азыр ошол өлкөдө кайра канаттуулар көбөйүп, алар менен кошо деңизиндеги балыктары да көбөйүп, элинин курсагы тоюп (жалаң эле балык жешет экен деп ойлобогула, балык көп болсо, аны сатышса ун да, эт да, кумшекер да болот дечи), азыр соода-сатык иштери кайра оңолуп келе жатат дешет...

Окумуштуу бул сапар мындай дагы бир мисал айтты.

— Республикада көлдөр, көлмөлөр көп. Айрымдарында сазан, карп, алтын балык, осмон балыгы багы-

лат. Айрым чарба жетекчилери балык көбөйсүн үчүн ошол карамагындагы көлдөргө үй өрдөктөрүн атайын коё беришип, эң туура кылышат. Көрсө өрдөктөрдүн жеген жеми аш болуп, андан бөлүнүп чыккан кыгы балыктын кескин көбөйүшү үчүн сонун азоттук семирткич болуп берет экен. Өрдөк багылбаган же жапайы каз-өрдөктөр токтобогон көлдөрдө, сууларда адатта балык да аз болот...

Канаттуу куштар ар түрдүү өсүмдүктөрдү бир жерден экинчи жерге «көчүрүүдө», орун которуштурууда эбегейсиз чоң кызмат аткарышат.

Кыргызстандын тоолуу көп жеринде токой өсөт. Анда карагай менен кайың, өрүк менен жаңгак, арча менен алма, долоно менен мажрүм тал... жана башка бадалдар, жемиштүү дарактардын жапайы түрлөрү кеңири жолугат. Аларды кезегинде ким тиккен? Ким олтургузуп, бапестеп багып өстүргөн? Адамбы? Жок. Же канаттуулар, же башка жана жаныбарлар «тигишкен». Ооба, так ошолор отургузушкан. Мисалы, тыйын чычкан, момолой, кемчет, аюу жаңгакты жеп-жеп абдан тойгондон кийин дагы бир топ жаңгакты ууртуна катып, башка жакка — суу жээктерине, үңкүрлөргө жакын жерлерге, оонап ойной турган аянттарга ташып кетишет да бекитишет. Кээсин кийин таап жешсе, кээсин адашып таппай калышат. Ошол жерде бир жыл өтпөй жаңгактын ип-ичке күрөң көчөтү өнөт. Бара-бара ал чоң дарак болуп жетилип, тонна-тонна жаңгак берет.

Өзөндөрдө, шалбааларда, белдерде, тоо кыркаларында мөмөлүү көп бадалдар жайкалып өсөт. Ал: бөрү карагат, кызылгат, кожогат, долоно, четин, дан куурай жана башкалар. Бул бадалдардын, өсүмдүктөрдүн ашын сайроочу жапайы куштар жеп күн көрүшөт. Токойдо жашаган канаттуулар — кара шакылдак, чаар шакылдак, чоң жылкычы чымчык, короолу, эр сынар, боз чымчыктар кышында курт-кумурска, башка жем

жок болгондуктан, жалаң аталган бадалдардын ашы менен жашашат. Айрымдары, мисалы, чоорчу куш, кызыл төш, кара баш, кичине кара жана жашыл жылкычы чымчыктар бадалдын ашынын не таттуу, не ачкыл, не ачуу ширесин гана сиңирип, данын башка жакка учуп барып, бөлүп чыгарышат. Дан кыртышка түшсө болду, ал көп учурда сөзсүз өнүп чыгат. Аны чөп-чар, жалбырак, жумшак кар жаап жылытса, жазгы мээрим, жамгыр көптүрүп, кабыгын чорт жарып, бүчүрүн өндүрөт, көз жаргызат. Кээде бир өзөндөгү долононун ашы 3—4 жылдан кийин тээ алыстагы башка өзөндө өсүп чыгат. Аны канаттуу токой куштары «көчүрдү» деп билүү керек. Болбосо аштын катуу, салмактуу данеги бир өзөндөн экинчи өзөнгө өзүнөн-өзү кантип эле көчүп, орун оодарып кетсин? Биздин Кыргызстанда айрыкча чекилдек, долоно, четин, кызылгат, карагат, өрүк, жаңгак, шилби, жийде, алча, алкор жана башка мөмө-жемиш өскөн тилкелер, аянттар, тектирлер, чоң өзөндөр көп. Ошону бир кезде канаттуу досторубуз эгишкен. Азыр да эгип жатышат.

Орнитологдор (канаттууларга илимий байкоо жүргүзүшкөн адамдар) четиндин ашын майда жана чоң куштардын кырктан ашык түрлөрү жей тургандыгын аныкташты. Алардын отузга жакын түрлөрү четиндин ашын ашказанында сиңирбегендиктен, аны тээ бөтөн жерге алып барып, кыгы менен кошо бөлүп ташташат. Тянь-Шандын, Текестин, Таластын тоолорунда азыр чытырман токой болуп өсүп турган четинди миңдан жүздөгөн жылдар илгери мала баш, кызыл төш, жылкычы чымчыктар, сагызган, карга-кузгундар, куркулдактар жана биз аттарын билбеген толуп жаткан канаттуулар «көчүрүп» тигишкен. Каркыра турналар, жапайы каздар жана өрдөктөр, көк кытандар, безбелдектер адатта кышында ар түрдүү чөптөрдүн, бадалдардын, жыгачтардын уругун бир жерден жеп, учуп кетип башка жерге түнөшөт. Жеген жеминин бир

даары аш болсо, бир даары аш болбой жерге түшөт. Ал данды адегенде тезеги жаап, дан нымдуу жерде өнүп чыкканда ага сонун семирткич болуп берет. Тамыр жайып, бийиктеп алгандан кийин жергиликтүү кыртышта кадимкидей өнүп-өсүп кетет, мөмө байлайт, көбөйөт.

Мына ушуга карап биз «жаратылыш өзү чоң агроном, чоң окумуштуу»,— деп айта алабыз. Жаратылыш ар бир өсүмдүктүн, ар бир жаныбар-канаттуунун тең салмакта болуп турушуна миллиондогон жылдар бою кыраакылык менен «көз салып» келатат. Ага адамдын осол аралашуусу зыян гана келтириши мүмкүн.

Канаттуулардын айрым түрлөрү кеч күздө, кышында жана эрте жазда б. а. жылдын оор мезгилинде, жалаң жаңгак жана эмен жыгачынын чоң-чоң уругу менен тамактанышат. Мисалы, биздин өлкөбүздө чыйырчыктан чоңураак, өң-түспөлү боп-боз сойка деген канаттуу көп кездешет. Сойка эмен жыгачынын уругун биз беш бармакты кандай жакшы көрсөк, так ошондой эле жакшы көрөт. Адатта бул урукту адамдар чочколор үчүн кап-каптап чогултушат.

Сойка эмен жыгачынын дүпүйүп өскөн калың бутактарынын арасында «оттоп» жатканда ал көзгө анча деле көрүнбөйт. Күрөң, боз бутактарга куюлушуп кетет. Ал жеткен ачкөз, соргок неме. Өзү абдан тойгондон кийин беш-алты чоң-чоң урукту же жаңгакты ууртуна бекем катып алып, аны алыска алып кетип, өзүнө жаккан, көмүскө болуп көрүнгөн жерге тыкандык менен жашырат. Ала келгенин бекитүү үчүн сойка адегенде калың токойдун арасынан кичинекей чуңкур казат. Ага жаңгакты тумшугу менен түртүп түшүрүп, үстүнө жердеги жалбырактан, топурактан жаап, тырмагы менен таптап да коёт. Өзү: «Эми иш бүттү, муну кышында келип жейм»,— деп учуп кетет.

Эртеси жана башка күндөрү түшүм түгөнмөйүнчө азык-түлүк ташыганын улантат. Бирок, ар күнкүсүн

ар башка жерге беките, жашыра берет. Кийин жашырган жемин алактап издейт. Көбүн кар, дагы түшкөн калың сары жалбырактар, эски бутактар жаап койгондуктан, сыйпалап, карбаластап таппай калат. Жазында, жер ным тартканда табылбай калган жаңгагы, эмен жыгачынын уругу сойка аларды жылуулап көмүп койгондуктан, тап-татынакай болуп өнүп чыгат. Өнүп, өсүп калган урукка, не жаңгакка эми эч ким тийбейт. Ал дарак болуп өсүп кетет. Баралына жетет.

География китебинен баарыбыз Ыраакы Чыгышта, Сибирде, Сахалин, Курил аралдарында кедр жаңгагы өсө тургандыгын, кээ бир жерде ал чытырман токой экендигин, революцияга чейин кедей-кембагалдар, Сибирге сүргүнгө айдалган адамдар көбүнчө ошол кедр жаңгагы менен күн көргөндүгү жөнүндө билебиз. Кедрдин жаңгагы өтө даамдуу, майлуу жана ден соолукка пайдалуу. Чоң, биз билген түштүктүк жаңгакка караганда анын майы жүрөккө тийбейт. Балдар аны кочуштап көп жеп коюшса да ичи оорубайт.

Кедр жаңгагын миңдеген гектар жерге адам баласы Сибирде эч качан тиккен эмес. Аны, негизинен, кедровка (кедр жыгачынын аты коюлган канаттуунун бир түрү) деген куш көбөйттү. Бул жөнүндө орус адабиятында, саякатчылардын китептеринде көп айтылган.

Кедровка да сойка сыяктуу көбүнчө жалаң кедр жаңгагы менен жан сактайт. Ал да торсоюп тоюп алгандан кийин он чакты данын ууртуна катып, алыска ташып кетет. Жашырат. Кийин издеп таппай калат. Бекиткен жеринде кедр өсүп чыгат. Бирок, кедр жыгачы өтө акырындык менен жетилет. Ал 30—50 жылдан кийин гана алгачкы жемишин берет. Куурабай көгөрүп, 300—500 жыл жашайт. Жыгачы өтө катуу. Мык кирбейт. Андан, кедр жыгачынан биз жасып жүргөн калемдерди жасашат. Калем жасоочу фабрикага барып калсаңыз ал жер жаңгактын жыпары — чайыр

жыттанат. Бир кедр жыгачынан он миң окуучуга жете тургандай калем жасалат.

Бир сөз менен айтканда, канаттуулардын жаратылышта ээлеген орду, аткарган милдеттери, биологиялык, экономикалык, тарыхый мааниси эбегейсиз чоң. Биз үчүн учуп, сайрап, жорголоп жүргөн ар бир канаттуу өтө пайдалуу, ал бизге көрүнбөй, айтпай, кабарлабай туруп, чоң кызмат кылат. Канаттууну өлтүрүү менен биз жаратылыштагы тең салмактуулукту, заттардын алмашуусун бузабыз, ийкемдүү кичинекей кызматкерлерибизден, татынакай жардамчыбыздан ажырайбыз. Ошондуктан, бир дагы канаттууга каршы кол көтөрбөйлү, өлтүрбөйлү, майып, жарадар кылбайлы. Ал бизден эч качан жансоога сурабасын. Макулбу?

Жаратылыш адамдын ички, рухий дүйнөсүн байытат, кеңейтет, көз кумарын кандырат, коозлукту, сулуулукту көрө билүүгө тарбиялайт, боорукер, абийирдүү, кең-пейил кылат. Болсоң жаратылыштай кең пейил, боорукер бол! Жаратылыш бизге эмнени гана бербеди. Айлана тегерегиңерге көз чаптырып көргүлөчү. Биз жашап жаткан үй, уктаган керебет, сабак окуган парта, жолго чыккан автобус, дасторкондо жаткан нан, чөнтөгүбүздөгү бетаарчы — айтоор, баарысы жаратылыш берген буюмдар, заттар, нерселер. Ошолордун азыркыдай болушунда, жашообузда тикеден-тике аралашуусунда канаттуулардын сиңирген эмгегин баалоо кыйын. Баа жеткис асыл эмгек.

Куштардын сайраганычы! Ал не деген мукамдуу, уккулуктуу, жан-дүйнөңдү балкытып эриткен керемет музыка! Канаттуунун ырын музыкалык эч бир аспапта кайталап, туурай албайсың. Булбулдун, торгойдун, бөдөнөнүн... кайрыктарын чоорго, кыякка, комузга, пианиного салып көргүлөчү. Эч нерсе чыкпайт. Бир дагы кайрыгын туурай албайсың. Канаттуулар болсо, биздин аспаптарды туурашат. Чоор десең чоорду, кыяк десең кыякты тууурап, сайрашат. Менин үйүмдөгү

канарейкалар радиодон, телевизордон кайрыктуу музыка жаңырып, шоокумданса, так өзүндөй туурап, сайрап киришет. Баарысы бир сайраса кулак тунат.

Демек, музыканы жакшы түшүнгөн адамбы же канаттуубу? Өзүңөр эле калыс болгула.

Эми токойду алып көрөлү. Эгерде биз токойдун ичине сейилдеп, эс алуу үчүн барганда ал жерде кызыл гүл, жашыл чөп өсүп, куштар сайрабаса, биздин моокумубуз, кумарыбыз канабы? Канбайт. Куштарсыз токой — өлүү токой. Анын ичинен кара шакылдак, булбул, жылкычы чымчык, короолу чымчыктар сайрабаса, биз өзүбүздү ыңгайсыз сезип, чоочуркайбыз, өзүбүздөн өзүбүз коопсузданабыз. Токойдун ичинен кетип калууга ашыгабыз. Анткени, мээни тызылдаткан тынччылык, добушсуз мемирегендик адам затынын жүрөгүнө жат. Адам музыкага, шоокумга, жаратылыш менен сүйлөшүүгө, баарлашууга башынан, бешикте жаткан кезинен көнүп калган. Жансыз, кайрыксыз токой ага зынданды, ээн талааны элестетет. Ал думугуп, тумчугуп, туталанып чыдабай кетет.

Токойдо булбул шаңшыса, башка кооз канаттуулар учуп-конуп жүрсө, тыйын чычкан бутактан бутакка түйүлүп, таптак секирсе, биз ал жерден кылчактап оңой менен кетпейбиз. Ар бир кыймылга сүймөнчүлүк менен карап, ар бир кайрыкты кулак төшөп угабыз. Бул жайындагы токойдун ичи деп коёлу.

Эми токойго кышында баралы. Кар жатат. Пахтадай аппак кар. Теребел тынч. Үлп эткен жел да жок, жылаңач жыгачтардын жылаңач бутактары ыргалбайт. Түлкү, коён, карышкыр, чил, кыргоол жана башка жан-жаныбарларды мурда эле атып-кырып, жок кылып таштаган экенбиз, эч кандай из көрүнбөйт. Эртеден кечке чейин токойду аралап жүрүп, бир дагы макулуктун чыйырын көрбөсөң, өзүңдү кандай сезесиң, окуучум? Төбө чачың тик туруп, ийиниң өзүнөн-өзү тырышат. Көзүң чоң ачылып алаят. «Мен кайсы

планетага келдим?» — деп өзүң таң каласың. — Бул Айбы же Марспы? Коён менен кыргоол, чил менен түлкүсү кайда кеткен?»

Көрдүңөрбү, биз баарысын атып-атып жатып, чердейге тоёбуз деп жүрүп жалгыз калдык. Жыл өткөн сайын ата турган, көрө турган, уга турган биздин жардамчыларыбыз улам-улам азайып баратат. Ал эми бул бойдон мылтыкты дагы көбөйтүп, тарсылдата атылап, аймап жеп олтурсак 50—100 жылдан кийин эмне болот? Кайда барсак бизди тым-тырс чөл-талаа курчап жүрбөсүн? Так ошондо биз таптакыр жападан жалгыз калып, адашкан Мажнун болбойлу, ыя?

Адам баласы азыр башынан чоң, залкар техникалык революцияны кечирип жаткан мезгил: талааларда чоң шаарлар өсүп, суулар бөгөлүп, плотиналар курулуп, шалбаалар, саздар кургатылып, темир жолдор салынып... курулуш иштери эбегейсиз кулач жайды. Мындай «чабуул» жер бетин өзгөртүп, канаттууларга, жан-жаныбарларга сөзсүз таасирин тийгизбей койгон жок. Алар же убактылуу орун которуштурууга, же таптакыр башка жакка учуп, качып кетүүгө аргасыз болушууда. Мисалы, азыр Батыш Европада мындан 100—200 жыл илгеркидей бир дагы жапайы токой аянтын, бош жаткан жерлерди көрбөйсүң дешет. Бардык жерде адам баласынын колу тийгенин, сөзсүз бир нерсенин курулганын көрөбүз. Токойлор биротоло кыркылып, ордуна чоң шаар өсүп чыккан; ойдуңда көл чалкып, дөңсөлөр кертилип айдалып, эгин жайкалат. Мурда бул жерде жашап, кыштап, көбөйүп келген канаттуулар, жаныбарлар таптакыр башка жактарга аргасыз көчүп кетишкен. Алардын ордуна өзгөргөн шартка жараша башка түрдөгү канаттуулар, жан-жаныбарлар ооп келген.

Алыска, Европага барбай эле өзүбүздүн Токтогул ГЭСи курулган жерди алалы. Мурда бул жерде тоодак, безбелдек, чил, каракур, кекиликтер байыртан бери

өмүр сүрүп келген болсо, азыр ал канаттуулардан бири да жок. Кээсин адамдар атып шорпосун ичип, жеп коюшса, кээси качып, алыска жансоогалап кетишти. Бирок, алардын ордуна жасалма көлгө каз-өрдөктөр, чукулдуктар, тартар — иши кылып сууда сүзүүчү, не сууга жакын жашаганды жакшы көрүүчү канаттуулар келип жатат. Бир нече жылдан кийин плотинанын суусу менен сугарылган жерлерде бак-дарактар, токой тилкелери шуулдап, күтүрөп өсөт. Жер бети жашыл кымкап жамынат. Ошондо Токтогул өрөөнүндө мурда эч качан жашабаган, көзгө көрүнбөгөн канаттуулар, жаныбарлар, курт-кумурскалар пайда болот. Өзгөргөн жер сөзсүз өзүнө жаңы макулуктарды тартпай койбойт. Жаңы өзгөргөн жерди биринчи болуп канаттуулар чалышып, өзүлөрүнүн «жакын туугандарын» чакырып келишет.

Адатта сагызган, ала карга, көк карга, кызыл чыйырчык, чөкөтан, кара чыйырчык өзгөргөн жаратылышты биринчилерден болуп ачышат. Эми алар уяны сууга, плотинага, каналдарга жакын жерге салышат да балапан чыгарышат. Азыр токтогулдуктар алардын жеринде мурда болбогон жан-жаныбарлардын туш-туштан келип жатканын таңкалуу сезими менен айтышат.

Ат-Башы ГЭСинин, Киров районундагы суу сактагычтын курулушунда да ошондой зор өзгөрүүлөр пайда болду. Эми Күрпсай ГЭСи курулса, ал жер да таанылгыс болуп өзгөрөт деп ойлойм.

Же Фрунзе шаарына жакын Токмок токой коругун алып көрөлү. Мындан 20—30 жыл илгери эле Токмок шаарынын тегереги саздак, шалбаалуу келер эле. Ар кайсы жердеги тартмага мал түшүп, көлчөлөргө жазында каз-өрдөк конуп өтчү. Кийин жүздөгөн гектар жер корукка айландырылды, бадал, жыгач көчөттөрү тигилди, камышты, чырканакты орууга, өрттөөгө, чабууга тыюу салынды. Талас токоюнан түрлөнгөн кыр-

болдор алынып келинип коё берилди. Азыр бул жерде өскөн камыш, бадалдын арасынан бастырган атчан киши көрүнбөйт. Кыргоол деген жер жайнайт. Ала каргалар менен жайылып, быпырап оттоп жүрүшөт. Жаш балапандарын дүйнөнүн көп коруктарына, токойлоруна самолет, поезд менен алып кетип жатышат. Дагы бир нече жылдардан кийин Токмоктун кыргоолдорун биз Индиядан жана Австралиядан, Франциядан жана ГДРден, Болгариядан жана Чехословакиядан... көрө алабыз. Азыр биздин илбирстерди, ак кууларды, таранчыларды, кара чыйырчыктарды, ала каздарды жер жүзүнүн көп өлкөлөрүнөн кезиктирүүгө болот.

Биздин жерибизде айыл чарба өсүмдүктөрүн, токойлорду, өзөн-сууларды ар кандай зыянкечтерден корукка алып жүргөн канаттуулар эң эле көп. Алардын пайдасы жөнүндө айтып олтурса айтылуучу сөздөр эң эле көп. Ошентсе да адам баласына пайдасы тийген айрым бир сейрек куштар жөнүндө эки-үч сөз кыстара кетейин.

Аэродромду баарыңар билесиңер. Ал самолеттор конуучу жана учуучу тептегиз чоң аянтча. Андай жерге бөтөн киши жолобойт. Кишини жолотпой койсо болот, а канаттуулардычы? Алар асмандан учуп келишкендиктен эч нерсе менен кубалап жибере албайсың.

Кийинки жылдарда самолеттор абдан көбөйдү. Аэродромго конгон канаттуулар да көбөйдү. Эс алуу, жем терүү үчүн конушат. Канаттуулар менен самолеттордун кагылышуулары да сейрек эмес. Конуп келаткан же уча берген самолет түмөндөгөн чыйырчыктарга, чабалекейлерге туш келсе, эки тарап тең кырсыкка учурайт экен. Самолеттун кулалы менен кагылышуусу биринчи жолу 1910-жылы Калифорнияда катталды. Андан бери жүздөгөн самолеттор куштар менен кагылышып жатат. Дүйнө жүзүндө канча кырсык, кар-

гаша болгонун эсептеп чыгуу кыйын. Кырсык болбосун үчүн аэродромдун кызматкерлери куштарды дарылдаган радионун үнү менен коркутуп, мылтык, замбирек менен да атып көрүштү. Кылтак коюшту, ууланган жем чачышты, натыйжа болбоду. Кийинки кездерде самолет конуучу аянттарда ителги, куш, бүркүт багышчу болду. Аны көргөн майда канаттуулар аэродромго конбой өтүшөт. Коркушуп, жүрөгү түшүп, андан ары учуп кетишет. Аэродромго өлгөн 5—6 ак чардакты таштап койсо да тирүүлөрү түк жакындабайт. Радиодон корккон чыйырчыктын, көк карганын, чабалекейдин... доошун күчтөп уктурса, же чабуулга өткөн турумтай, жагалмайдын үнүн жаңыртып, шаңшытып турса да, ал жерге эч бир канаттуу жолобой тургандыгы аныкталды.

Мына ушундай ар түрдүү чараларды көрүүнүн натыйжасында аэродромдордо самолеттордун канаттуулар менен кагылышуусу кескин түрдө кыскарды деп айтышат учкучтар.

Биздин канаттуу досторубуз уулуу жер семирткичтеринен аябай көп жапа чегишет. Биз аны көрбөйбүз. Текшере келгенде мындай окуя оңой эле байкалат. Токойлорго, жемиш бактарына, кызылча аянттарына түшкөн зыянкечтерди, мителерди жок кылуу үчүн азыр самолеттон дуст деген дарыны чачышат. Дуст канаттуунун жеми же суусу менен ашказанына түшсө, тигил бечара сөзсүз өлүмгө дуушар болбой койбойт.

Сөөлжандар дустка оңой менен өлбөйт. Кыртыштагы уулуу дустту алар канчалык көп жешсе да өлбөй этпей жашай беришет. Ал эми ошол ууланган сөөлжанды өрдөк, каз, кара шакылдак, карга, сагызган, това, кекилик, чил, кыргоол жесе, сөзсүз көз жумушат. Мен муну бир нече жылдан бери Фрунзе шаарынын тегерегиндеги чарбалардан байкап жүрөм.

Көрдүңүздөрбү, алманы, өрүктү, алмурутту сактайбыз деп биз байкабай, маани бербей канаттууларды

кырып жатабыз. Ал эмиууланган алма, өрүк, алмурут адамдын организмине зыян келтирбейт деп ким айта алат? «Жаан уусун жууп кетет»,— дешет. Арийне, жаан айталы алмадагы уунун — дусттун үчтөн эки бөлүгүн жуушу мүмкүн. Бирок, бир бөлүгү биздин ашказаныбызга акырындык менен түшүп, чөгүп жатабы деп ойлойм.

Мен өз оюмду гана ортого салдым. Уу-химикаттарын мүмкүн болушунча аз эле колдонсок. Бир гектар алмага он чакты курт түшсө, анын үстүнө он тонна дуст чачуунун зарылчылыгы барбы? Ошол он чакты куртту эки булбулдун, же эки чыйырчыктын жеп койгону эле жакшы эмеспи?

Мына мен: «Канаттууларды жакшы көрүү керек, сактоо, корукка, көзөмөлгө алуу керек»,— деп жатам. Бирок, ышкыбоз адам бардык канаттууну жакшы көрүп, сактай алабы? Жок. Андай иш эч кимибиздин колубуздан келбейт. Бардык куштарды багуу, коруу мүмкүн эмес.

Жаратылышка пайда келтирүү үчүн биз кайсы бир канаттууну же үйдө багышыбыз, же жашаган жеринде корукка алып, байкоо жүргүзүшүбүз керек. Ырас, жаратылышта байкоо жүргүзгөнгө караганда, үйдө куш багып, аны байкаган бир топ жеңил. Мен аны өз тажрыйбамдан улам ишенимдүүлүк менен айтып олтурам.

Менин үйүмө кишилер көп келет. Кээ бири жайнаган куштарымды көрүп, бир аз суктангандан кийин: «Куш бакканыңыз жакшы деңизчи, бирок, капас—канаттуунун чыныгы түрмөсү эмеспи? Алар алыс уча албаса, кичинекей капастын ичинде ары-бери туйлагандан башкага жарабаса, канча жашайт дейсиз?» — деп чымчып сурашат.

Ар кимисине көңүлгө жараша ар башкача жооп берем. Бирок, жооптун маңызы да, ток этер жери да бир: мыймыт, боз чымчык, эр сынар, бөдөнө ж. б. канаттуулар үчүн капас уйга — сарай, койго — короо,

итке — үңкүр, бизге үй сыяктуу эле жөнөкөй турагы. Биз анчалык чоң эмес тамда деле, боз үйдө деле жашап жатпайбызбы. Эч бирибиз «боз үй тар, уйкана — уйга тар, короо — койго тар»,— деп айта элекпиз. Туурабы? Анда эмне үчүн жарым метрлик капас муштумдай кушка тар болот? Анын ичинде жеми, суусу, чөбү, куму — айтоор, жаратылышта издеп жүрүп араң тапканы бар болсо, капас түрмөбү? Тоок үчүн тооккана түрмөбү?

Дагы бирөөлөрү келип: «Канаттууларды үйүндө баккан кишилер көбөйүп кетти. Ошон үчүн жаратылышта сайроочу куштар азайды. Мурда быкпырдай жайнап жүрүшчү эле эми көрүнбөйт. Баарына силер, мүнүшкөрлөр, натуралисттер — күнөлүүсүңөр»,— деп бизди айыпташат.

Эки ойду талдап көрөлү. Жооп берели. Биринчисине жооп: жаратылышта учуп жүргөн, айталы мукур, капастагыдай жемди (күн карама, сулу, сабиз, жумуртка, таруу ж. б.) эч таппайт. Ал бир күндө көп болсо жарым чай кашык ар кандай урук табар. Жемсөөсүн көбүнчө чөп-чар, кум-таш менен толтурат. Экинчи жооп: жаратылыштагы канаттуунун душманы эсепсиз көп. Аны күн сайын ажал аңдып жүрөт. Ителги, жагалмай, куш үчүн мылтык, рогатка, жаа, уу, кылтак — баарысы душман, эч бири ага жем бербейт. Же мылтыктан атылган чачма коргошун эмес, кызыл таруу, ак буудай, арпабы? Же ителги торгойду, таранчыны кууганда ага «муногу куртту жеп алып, сайрап берчи»,— деп кууп жөнөйбү? Андай эмес го дейм. Тескерисинче, баарысы бечера жазыксыз макулуктун канын төгүүнү, өзүн жеп коюуну гана эңсейт. Жаратылышта торгой, таранчы, бөдөнө... ашып кетсе 3—4 жыл жашайт. Андан ашпайт. Же башкаларга жем болот, же илдеттен өлөт, же алыска сапар чеккенде (ар бир канаттуу эки жолу узак сапар чегет эмеспи — жазында биздин жерге, күзүндө биздин жерден) каза табат.

Үйдөгү жандуу бурчта көп болсо 10—15 баш сайроочу ар түрдүү канаттуу жашайт. Андан ашыгын эч ким деле бакпас, биринчиден, жеми жетишпейт, экинчиден багууга убакыт жетишпейт. Мен билгенден Фрунзе шаарында 3—4 гана карыя пенсионерлер 60—70 канаттуудан багышат. Калган ышкыбоздор 5—6дан, же 10—15тен, кээси андан да аз — 1—2ден гана багышат. Ал эми жаратылышта бир күйкө бир эле күндө 10—15 майда сайроочу чымчыкты, 5—10 талаа чычканын жөн эле «эрмектеп» жеп коёт. Бир айда канчасын, ал эми жаздан күзгө чейин канчасын жейт экен? Эсептеп көргүлөчү.

Бир жолу мен мындай бир тажрыйба жасадым. Тажрыйба эмес, байкоо жүргүздүм деп айтсам оңдуураак болор. Айылда жашап турган бутактуу чоң жыгачка мен чыйырчыктын жаңы уясын илип койдум. Калың дептерге чыйырчыктын келген күнүн, ургаачысы 6 жумуртка тууган мезгилин, баса баштаганын, балапан чыгарганын, аларга жем ташыганын эринбей жаза бердим. Бир эле жолку сапарында бир чыйырчык талаадан 3 чоң чегирткеден алып келе баштады. Ошондой чоң чегирткени өзүм кармап таразага тарттым (менде сүрөт чыгара турган химикаттарды таразалап тарта турган кичинекей тараза азыр да бар. Бирок, мен аны пайдаланбай калдым, себеби, сүрөт тартпайм, таразаны улуу балам Ишенбай пайдаланат, эми ал менин ордума сүрөт тартып жүрөт). Бир чоң чегирткенин салмагы эки грамм чыгат экен. Демек, чыйырчык бир алып келгенде балапандарына 6 грамм чегиртке ташыйт. Бир күндө орто эсеп менен эркеги жана ургаачысы алмак-салмак талаага 40 жолу учуп барып келишти. 40Х6 грамм=240 грамм. Эртеден кечке чейин балапандары 240 грамм чегиртке жеди. 240 граммды 30 күнгө көбөйтөлү. 7 килограмм 200 грамм болду.

Бир эле айдын ичинде орто эсеп менен «бир үй-бү-

лө» чыйырчык, 7 килограмм 200 грамм чегиртке жеди. Ар бири 1,5 килограммдан жейт бекен? Ооба. Ал эми бир айылдын аймагында 1000 чыйырчык жашаса, алар бир айда 1,5 тонна, башкача айтканда, бир жүк ташуучу машинага сыя тургандай курт-кумурсканы жок кылышат.

Же күйкөнү алалы. Адатта күйкө аш болбогон жемин кулгуп чыгарат. Бир жолу биз бир топ бала болуп ойноп жүрүп, күйкөнүн кулгуган жемин таптык. Үстүнөн караганда ал уйпаланган жүндөй экен. Биз аны кургаттык. Кургагандан кийин эски кагаз баракка салып, чыбык менен майдаладык. Карасак чычкандардын, чымчыктардын канат, баш, омуртка сөөктөрү. Айрым чычкан, чымчыктардын баш сөөктөрү бүкүлү бойдон жүрөт.

Демек, күйкө чычкандарды жеп, бир топ пайда келтирет экен. Бир талаа чычканы бир жайдын ичинде бир килограмм эгин жейт. Бир күйкө бир жайдын ичинде бир миң чычканды жеп, бизге бир тонна эгинди сактап калат.

Талаа чычкандарын күйкө гана жакшы жебестен, аларды үкү, кулалы, бабырган, борбаш, жоору да жакшы жешет. Чычкан көп жылы бул жырткыч канаттуулар да арбын көбөйөт. Майда канаттууларга тийбейт. Чычкан аз жылы алар канаттууларды көп жешет.

Адатта үйдөгү жандуу бурчта ышкыбоз адамдар курт-кумурска менен күн көргөн сайроочу куштарга караганда дан, отоо чөптөрүнүн уругун жеген сайроочу канаттууларды көбүрөөк багышат. Ал кайсы канаттуулар экендиги төмөндө жарыяланган очерктерде кеңири айтылды. Курт-кумурска менен жашагандарын багуу бир топ машакаттуу иш, бирок аларды багууну өздөштүрүп алсаңар, укмуштай сонун сайрап беришет. Мисалы, мага эр сынар, мыймыт, башайы, боз чымчык, мукур, кызыл төш, снегирдин (бул канаттуулар жалаң эгин уругун жешет) сайраганына караганда, булбул-

цун, торгойдун, кара шакылдактын сайраганы алда канча мукам, назик, жагымдуу угулат. Аталган куштарды сайроо жактан мен биринчи тепкичке коём. Бирок, аларды багуу кыйын: жайдыр-кыштыр курт-кумурска бербесең өлүп калышат. Ырас, курт-кумурсканын ордун алмаштыра турган жемди да ойлоп таптык. Ал кебек курт. Капкара, тырмактай коңуздардын 40—50сүн жарымына чейин кебек салынган чакага коё берип, үстүн эски чүпүрөк менен жаап, күн ара суудан бир кашык себелеп турса, алар укмуштай көп личинкаларды туушат. 1—2 айдын ичинде личинканын узундугу 2 сантиметрге жетет. Кебек курт дегенибиз ошол күрөң личинка. Бир булбулга, не торгойго, не кара шакылдакка, не чоң жылкычы чымчыкка бир күндө 5—10 курт, азыраак тууралган сабиз, быштак, нан берип турса эле жашай берет экен. Куртту бербей койсоң, абдан сайрашпайт, көңүлү чөгүп, үрпөйүп, жанына жакындасаң кушуң тетири карайт.

Эгерде курт-кумурска менен күн көргөн канаттууну бага албасаңар, анда татаал, машакаттуу, түйшүктүү бул ишти колго албай эле койгон түзүк. Анын ордуна мектептерде жана үйдө, пионерлер сарайында жана балдар бакчасында тоту куш, бөдөнө, мыймыт, эр сынар, боз чымчык баккан оң.

Кайталап айтайын, бардык канаттууларды жакшы көрүү жана асыроо эч кимдин колунан келбейт. Же эки бөдөнө, же эки боз чымчык, же эки башайы чымчык багуу деле алгачкы мезгилде жетишет. Эгерде алар өлбөй 5—10 жыл сайрап берсе, демек, биз ал куштарга жакшылык кылганыбыз. Талаада ал куштар эбак өлүп калмак.

Сайроочу куштар биздин кумарыбызды кайрыктары менен гана ыраазы кылбастан, алар өзүлөрүнүн татынакай тулку бою, кооз, жарашыктуу кийими — жүнү менен жүрөгүбүздү кубанычка, ырахатка бөлөйт. Терезеде, китеп салынган чыгдандын үстүндө, дубал

боорунда турган же илинген капастын ичинде же кып-кызыл, же сапсары, же күрөң, жё жап-жашыл чымчык ары-бери учуп, эртеден кечке чейин сайрап олтурса, муну ким жаман иш дейт, ким тетири басып кете алат? Таш боор, муз жүрөк, кайдыгер адам гана ошентпесе, маданияттуу, абийирдүү, жашоо кумары өчпөгөн адам антпес, тетири баспас, «кушту багып жатасың» деп айыптабас.

Мен жаратылышты жанындай көргөн, үйүндө сайроочу куштарды баккан өтө көп адамдарды тааныйм.

Куштарга жем, суу берүү, кайрыктарын угуу алар үчүн турмуштун бир ыракаты, ажайып коолдугу. Көпчүлүгүнүн балдары ата кесибин улантып кетишкен. Үйүнө барып калсаң, токойго, талаага чыккандай болосуң, куштар жөнүндө, алардын кызык, назик мүнөзү жөнүндө укмуштарды угасың, жомок дүйнөсүнө аралагандай болосуң. Атасы бир кезде айтып олтурган кызык аңгемени баласы айтып олтурса жаманбы?

Куштарга кумарлануу бир эле чымчыктан башталат. Мисалы, мен бир кезде бир бөдөнөдөн эле баштагам. Азыр жыл сайын үйдө 40—50 канаттуу кыштайт. Мезгилге карап алар кээде андан көбөйүп, кээде азайып турат. Көбөйгөнү — балапан чыгарганы. Азайганы — бир тобун ышкыбоздор сурап алып кеткени. Кээси улам-улам не качырып, не өлтүрүп алып кайра келишет. Андайларга мен 3 жолкуга чейин куш берем. Үчүнчүсүн да өлтүрүп алса, ага бербейм, андай немеден жакшы мүнүшкөр чыкпайт.

Сайроочу куштар көбөйсүн үчүн студенттер, мугалимдер, мектеп окуучулары укмуштай зор иш жүргүзө алышат. Ал үчүн, биринчиден, азыр жашап жаткандарын эч кимге аттырбай, өлтүрбөй, корукка алуу зарыл. Экинчиден, өзөндөргө, токойлорго, жашыл тилкелерге ар түрдүү формадагы уяларды илүү керек.

Андай жасалма уя түк бош калбайт. Үчүнчүдөн, кышындагы суукта, жазындагы жутта, шырылдаңда канаттууларга жем берүүнү уюштуруу эң сонун натыйжаларга алып келет. Канаттууну адам өзү чоочутуп, коркутпаса, ал терезеңерге, короодогу дубалга, өрүккө конуп сайрап берет. Балдар эч бирин рогатка, жаа, таш менен коркутушпаса, урбаса, чыйырчык алардын колунан чегиртке, сөөлжан, тууралган эт жебейби.

Мен сайроочу куштарды адам баласына жакындатуунун болжолдуу таржымалын келтирейин. Ал таржымал мектеп окуучуларына, биология мугалимдерине, бардык окурмандарыма эреже болуп калса, өзүмдү эбегейсиз бактылуу сезер элем. Таржымалды бир жылга түзүп алалы, атап айтканда жылдын кайсы мезгилинде эмнелерди жасоо керек:

Январь: кыш, күн суук, кар көп, эртеден кечке чейин шамал согуп турат. Демек, канаттуу куштар жемди оңой менен таба алышпайт. Күчтөп жем берүү керек. Жем салгычтардын ар кандай формаларын өзүңөр ойлоп жасасаңар жарашат.

Февраль: чыйырчыктардын, жылкычы чымчыктардын келер мезгили. Уя жасоо, кошумча жем чачып туруу, мугалим менен бирге ууяны кайсы жерге илүүнү тактоо. Колхоздун, совхоздун багында аткарылуучу иштин планын түзүү, эл арасында сайроочу куштардын келишине карата түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

Март: чыйырчыктар, чабалекейлер, жылкычы чымчыктар келишти. Уясын тез иле көргүлө. Мерчемдүү жерге жем чачкыла. Анткени, кээ бир күндөр суук, бороон-чапкындуу болушу мүмкүн. Алыстан келгендер али чабал, кошумча азыктандырбасаңар, бир даары өлүп калышы ыктымал. «Келгин куштар» майрамын өткөргүлө. Уянын жасалышы боюнча атайын көргөзмө уюштурсаңар эң кызык болот.

Апрель: уяларын илип бүттүңөр. Келгин куштар

келишти. Уяларын ээлешти. Эми байкоо жүргүзө баштасаңар болот. Уясын ит-куштан сактагыла. Мышык жолобосун. Урбагыла. Бирин да өлтүрбөгүлө. Бирин өлтүрүп койсоңор, уясы аңгырап бош калат. Өзүңөр наалат угасыңар.

Май: таранчылар, чабалекейлер, чыйырчык, жылкычы чымчык, башайы чымчык, мыймыт уяга жумуртка салып, жылыта баштаган мезгил. Эч бир чоочутпагыла. Жумуртка басып олтурган ургаачысын көрсөңөр да көрмөксөн болуп койгула. Ал силерди өз досу, кароолчусу деп түшүнсүн. Ошондо гана ургаачы тынч олтуруп, балапандарын текши чыгарат. Май айында булбул, чыйырчык ж. б. лары эң сонун сайрашат. Магнитофондун пленкасына сөзсүз жазып алгыла. Кышында ал табылгыз кымбат музыка болот.

Июнь — июль: уядан балапандардын чыйпылдаганы угулат. Ата-энесинин түйшүгү көбөйдү. Эми алар экөө эмес, уясындагы балапандары менен эсептесе кеминде 6—8 баш. Тийбегиле. Коркутпагыла. Тап бербегиле. Балапандарын бага беришсин. Байкоо жүргүзүүнү уланткыла. Пионерлер лагеринин тегерегиндеги токойлордо, бактарда жашаган канаттууларды корукка алгыла. Уясын эч ким буза көрбөсүн. Отоо чөптөрүнүн бышкан уругун чогулта баштагыла.

Август: дарбыздын, коондун, бадыраңдын уругун, жемиштердин ашын, алманын, өрүктүн, алчанын уругун чогулта турган эң негизги учур. Бул учурду өткөрүп жибербегиле. Жемди канчалык көп даярдап алсаңар, кышында ошончолук көп канаттууларды ачарчылыктан аман асырап каласыңар. Бошоп калган жыгач уяларын оңдоп, ичин тазалап койгула. Буга көп деле убакыт кетпейт.

Сентябрь: бака жалбырактын, какым-кукумдун уругун, карагат, четин, долоно ашын, отоо чөптөрүнүн уругун чогултууну уланткыла. Коон, дарбыздын, по-

мидордун уругун да чогулта бергиле. Бир даны жерде бекер калбасын. Аткарылган иштер боюнча мектепте атайын талкуу өткөрсөңөр өтө пайдалуу. Анда ким эмне жасагандыгын, пайдалуу кандай иш аткарганын айтып берсин.

Октябрь: талааларда, арыктардын жээктеринде, токой тилкелеринин, жолдордун бойлорунда ала бата, эрмен, уйгак, төө тикен ж. б. отоо чөптөрү биротоло бышып жеткен мезгил. Ошондон ар бириңер 10—15 килограмм даярдап алсаңар, кышында кичинекей досуңар — канаттуулар ачка болушпайт.

Ноябрь, декабрь: кайрадан кыш келди. Күнүгө болбосо да күн ара кар жаайт. Куштардын көбү жылуу жактарга кетип, айрымдары силерге ишенип кыштап калышты. Аяз ата мурдуңан, бетиңен чымчыйт, жылуу үйдө эле сыртка чыкпай олтура бергиң келет. Бирок, сен сөзсүз сыртка чык. Чыкпасаң болбойт. Тигинде сени не торгой, не таранчы, не кептер, не бактек, не кара шакылдак, не жылкычы чымчык күтүп олтурат. Жайында белендеп койгон жемден бир ууч чачып кой. Эртесинде ал жем чачылган жерге 5—6сы сөзсүз топтошуп учуп келет. Жемден дагы чач. Күнүгө чачып тур. Сенин мээрбан колуңдун жардамы, боорукердигиңдин жардамы менен кичинекей канаттуулар кыштан аман-эсен чыгышат. Бул бакыт, бул таалай, бул жашоо кумары эмей эмне?

Биз канаттууларды кышында баксак, алар эрте жаздан кеч күзгө чейин биз үчүн «иштеп», түмөндөгөн центнер эгинди, алманы, кызылчаны, таруунu, өрүктү, арпаны... ар түрдү мителерден, кумурскалардан, чычкандардан сактап беришет, биздин дасторконубузду байытышат, сайрап кумарыбызды жазышат.

Сайроочу куштарды асырагыла, баккыла, байкоо жүргүзгүлө. Ишенип койгула, бул өтө кызыктуу, ары пайдалуу илимий иш.

# I. БУЛБУЛ

«Булбул» деген сөздү ким билбейт? Мүмкүн Түндүк Уюлдун, Антарктиданын, Африканын жашоочулары билишпес. Анан Американын кишилери да бул чымчыкты таанымбайт дешет. Себеби, булбул аталган жерлерде жашабайт. Бирок, анын аты жана даңкы дүйнөнүн көп элдерине кеңири таанымал.

Булбул жөнүндө көп сандаган сонун-сонун ырлар жазылып, макал-лакаптар, уламыштар, жөө жомоктор айтылып жүрөт. Дагы-дагы канча учкул сөздөр жаралат.

Булбулдун сайраганын уктуң беле? Ал кыргыз жерине — Таласка жана Пржевальскиге, Фрунзеге жана Токмокко, Жала-Абадга жана Чүйгө апрель-май айларында учуп келип, токойлордун арасында, бактарда жашап, келер замат сайрай баштайт.

Көбүн эсе булбулдар тал-дарактардын бүчүрлөрү жаңыдан ачыла баштаганда өзүлөрүнүн сүйүктүү, алмустактан бери тандап алган жерине келишет. Күн кайрадан суук тартса, көрүү кыйын.

Талас шаарында мен биринчи жолу булбулдун үнүн 1964-жылдын 10-апрелинде уктум. Катуу сайрабай, ал адегенде акырын, алыстан баштагансыды. Убакыт таңга жуук болучу. Мен иштеп олтурсам, көчөнүн ары жагындагы алмалуу, алчалуу калың бактан доош чыкты. Калем сапты таштап, үйдөгүлөрдү ойготпоюн деп акырын сыртка чыгып кеттим. Таң куланөөк сүрүптүр. Үрүл-бүрүл караңгы. Беш-Таш тараптан соккон сыдырым желдин салкындыгынан кадыресе чыйрыга түштүм. «Кетип эле калайынбы?» — дедим адегенде. Бирок, сыйкырчы куштун сыйкыр доошу мени өзүнө арбап алгансыды.

«Ууру деп бактын ээси туз салган кур дүрмөт менен «бап» дегизип атып жиберсечи?» — деген ой да кылт этти. Өзүмдү бир аз кармадым. Бирок, тигил

улам күчөп бараткандыктан, кызыктым, кайсы жакка кирип бараткнымды унутуп да койдум.

Жыгачтан, зымдан жасалган тосмосу бар экен, андан ууруча ашып түштүм. Кудай жалгап, күрөң дөбөтү менин жытымды сезген жок. Жерге жата калып, булбул сайрап жаткан бутакты мерчемдеп алдыга сойлоп жөнөдүм. Үн улам жакындай, улам күчөй берди. Боз плащ кийип чыкканым ырас болуптур, боз чарбакка аралашып, тигинин көзүнө көрүнбөй калсам керек.

Он чакты кадам бадыраңдын эски жөөгү менен жыла түшкөндөн кийин демимди ичиме алып токтодум. Эми сыйкырчы менин так төбөмдө сайрап жатты. Өзү көрүнбөйт. Ал мага гана кайрылып: «Кел-кел-кел, чөк-чөк-чөк, у-гу-гу, фью-фью-фью» деп бир эсе өзүнө чакырып, бир эсе келекелеп, мыскылдап жаткансыды. Эмне мыскылдайт? Боортоктоп жылганымабы? Башка бакка ууруча киргенимеби?.. Мейли, келекелесе келекелей берсин. Сайраганын эшитсем болду, мага ошонусу гана керек. Ансыз да аны кармай алмак эмесмин. Кармаган күндө да багуу колдон кайдан келсин? Булбулду багуу тажрыйбасы менде беш-алты жылдан кийин гана пайда болбодубу.

Мен ырчыны бир сааттай угуп, жыргап жаттым. Таш, кесек, эски-уску бутактар боорума, кабыргама аябай өтүп жатканына назар салган жокмун. Бети-башым үшүгөнүнө да кайыл болдум. Мен да шырп этпедим. Ал да кыймылдабады. Тек алманын бир бутагы өзүнөн өзү сайрап жаткандай туюлду.

Акырындап барып таң сүрдү. Али жашыл «кийимин» кие элек жылаңач бутактарды теше тиктейм. Көрүнбөйт. Көзүм айлана-чөйрөгө абдан каныкканда гана «ырчыны» карегим чалды. Ал алманын сөөмдөй бутагынын орто ченинде олтуруптур. Бутак ачакай. Ошол алма бутак кесилбесе, азыр да таба алар элем.

Таранчыдан бир аз чоңурак боз чымчык экен. Куй-

ругу гана узун жана жазы. Анысы сайраган сайын мага жүгүнгөнсүп, кулдук уруп жатты. Кыймылдабай бир орунда ушунчалык көп убакыт сайрай турганын ошондо биринчи жолу көрүп, уктум.

Үйдүн ээси сыртка чыкты. Балжайган сары абышка экен. Ити ага эркелеп, эки-үч жолу үрүп жиберди эле булбул учуп кетти — мен тигилерге алаксып, анын качан, кайда учканын көрбөй калдым.

Аргасыз ордумдан турдум. Үй ээси мени көрүп аябай коркуп кетти.

— Стой, стрелять буду! — деп кыйкырып, оң колун мени көздөй мылтыктай сунду. Байкасам тизеси бүгүлүп, өзү калтырап турат.

— Ата, коркпоңуз, мен ууру эмесмин, булбулдун сайраганын угайын деп багыңызга кирдим. Кечирип коюңуз,— дедим плащка жабышкан жалбырак, топуракты күбүп жатып...

— Булбул? Кайсы булбул? — деп ал адегенде эч нерсе түшүнгөн жок.

— Азыр эле учуп кетти. Мына бул бутакта олтурган. Бир сааттан ашык сайрады,— дедим,— менин үйүм тигил эле жерде. Ана, терезеси жарык, көрүнүп турат. Экинчи кабатта. Капаста олтурган бөдөнөнү көрдүңүзбү? Ошол менин үйүм, менин бөдөнөм.

— Аа, ошондой де! — деп тигил абышка жылмайды, өңүнө кызыл жүгүрдү, тизеси да калтырабай калды. — Булбулду угам десең келип тур, жакын эле турбайсыңбы?

— Жок, ыракмат, мен аны көрөйүн дедим эле. Мурда көргөн жок болчумун,— дедим актанып.

— Оо, булбул куштардын падышасы го, жарыктык! — деп абышка тамшанды. — Мен бул жакка Уралдан көчүп келгем. Жаш кезим, биринчи ууз сүйүүм ошол жакта өттү. Булбул Уралда көп. Жери да ыңгайлуу анан калса. Чөбү бийик, белге буралат, арыктардын, майда бадалдардын, суугa жакын токой

тилкелеринин арасында сайрап жүрүшөт. Бадалдарынан адам өтө албайт. Арасында түркүн-түстүү чымынчиркей, курт-кумурска жер жайнайт. Булбул ошолорду терип жейт. Кээде, караңгы киргенде, же таңга жуук жакын турган биздин чакан айлыбыздын бактарына учуп келчү, моокумду кандыра сайрап кетчү. Өзүн мен да такыр көргөн жокмун. Сайраганын гана көп уктум. Алп сыйкырчы, жүрөктүн жибек кылын козгогон куш... Маша менен мен алгач ошо булбулдардын мекени — чачтай жыш өскөн жемиштүү бадалдардын арасынан жолуктум эле...

Абышкага рахмат айтып, бу сапар дарбазасынан сылык-сыпаа чыгып кеттим. Бирок, ошол бакта сайраган булбулдун үнү азыр да кулагыма угулуп, сезимимдин тереңинде жаңырып турат, алыска алыска — Уралга чакыргансыйт.

Ошол булбул абышканын багынын кайсы бир жашыруун, караңгы жерине уяласа керек — эки-үч ай сайрап жүрдү. Моокумум канганча шоокумун уктум. Уясын бир нече жолу издеп көрдүм, бирок натыйжасыз, бардык аракетим текке кетти. Мага ал ырын гана түбөлүккө арнагансыды. Жүрөгүмдү далай-далай жолу кабында болк эттирди.

Келерки жазда Талас токоюндагы булбулдарды барып укчу болдум. Ары жактагы күздүктөн торгой сайраса, калың черден кээде асан-үсөн түспөлдөш кыргоол шаңшып, узун тумшук булбул таңдайын тазалайт, музыка берметтерин суу шылдырына төгөт, нөшөрлөтүп жаадырат. Токой ичи ным, балыр, кожогаттын жалбырагы, козукарын жана ачылып келаткан теректин чайыры жыттанат. Каймаксыз сүттөй жазгы бозомтук туман бадалдын арасына кирип, майда камыш, көлөкө менен жашынмак ойногонсуйт.

Тигинден, мындан «чак-чак-чак» доош жаңырып концерт башталды. Өзүлөрү көрүнбөйт. Алар калың өскөн чычырканактын, майда талдын ичинде. Кай-

рык чыккан жактан көз ирмебе. Кокус учуп калса, кыймылынан гана байкап каласың. Анда да адегенде өзүн эмес, ал түртүлгөндө кыймылдатып, сермеп кеткен бутакты, анан гана өзүнүн «ойт» берген караанкөлөкөсү карекке урунат. Көзүң курч болсо, конгон жерин серепчилейсиң. Курч болбосо, эми шаңшыганын кайра күт. Чыда. Тикен сайса да чыда.

Көп кишилер: «Булбул жеткен коркок болот. Жанына эч бир жанды жолотпойт»,— дешет. Ал туура эмес. Мен кээде айрымдарынын жанына эки-төрт метрге чейин сойлоп, боортоктоп барып жүрдүм. Ырас, денем көп жолу чычырканакка тилинди, канталады. Бирок, булбулду жакын жерден көрүү кумары үчүн нени жасабайсың, не деген сыноодон, тозоктон өтпөйсүң?

Бир жолу Талас суусу буурадай кирип, албууттанып жатканда аркы өйүздөн айрыкча экиленип сайрап жаткан булбулду барып көрөмүн деп суута чамындыдай агып кете жаздагам. Агып деле кетет белем, ким билет, бирок ташкындаган киргил суу аскадай чоң теректи дүмүр-пүмүрү менен оодарып, суута жыгып таштаптыр. Мен ошол алп мырза теректин калың бутактарына чатышып калып, жөргөмүшчө жабышып, араң дегенде жээкке чыктым. Ылай чыланган суудан кадыресе ичип алган экенмин, курсагым чаначтай көөп, кулагым тунуп, нымдуу сыз жээкте онтоп бир топ жаттым. Аңгыча эки токойчу атчан келишти. Абалымды көрүп, бутумдан өйдө сырактатып... Ий, койчу, оозумдан жарым чакадай сууну окшутуп төктүрүштү. Булбулдун кумарына, кызыгына баткан киши кээде ушундай тамашага да туш келет.

Мен эс алганчакты тигил көсөл ырчы көздөн кайым болду. Ошону акыры көрбөй калдым. Берки жээкке атчандар өткөрүп коюшту:

— Чабак билбегенден кийин экинчи суута ташбакадай түшпөй жүр,— деп бири коштошордо кеңешин

берди. Экинчиси: «Га-га-га!» — деп токой жаңырта күлдү.

Булбулдун адамды өзүнө таң калтырган, суктандырган, оп тарткан үч жагы бар. Биринчиси, сайраганы. Экинчиси, дайыма кыймылдап, жүгүнүп турган куйругу. Үчүнчүсү, көздөрү. Көздөрү жалжылдап чоң. Башка сайроочу куштардын арасынан мынчалык бото көздү кезиктирбейсиз. Ал сенин көзүңө кадала караса, сени куш эмес, кандайдыр бир акылдуу, зирек, көрөгөч жаныбар карагандай, муун-жүлүнүңө таасир этет. Азыр ал сүйлөп жибере тургандай сезилет. Кээде сага акыл айткандай, кээде сенден кеңеш сурагандай туюлат. Анысын ары-бери тынымсыз кыймылдаган куйругу менен далилдегенсийт.

Жерде чуркап баратып, узун тумшугу менен эски шуудураган жалбырактарды тез-тез оодарып, астынан бир нерсе таба коюп, тым-тырс туруп калат да сен тарапка бакырая карайт. Ал көз карашы: «Ой, бул ким? Опсуз чоң, дардайган неме го? Эмне үчүн сайрабайт? Мага доспу же душманбы», — деген көз караш.

Сен кыймылдаба: шүк жата бер. Сен ага дос экениңди билип, курт-кумурска издегенин улантат, кээде сага үч-төрт кадам жерге чейин секирип келет. Башын эңкейтип, кызыккандай көзүңө тике карайт. Көзүңдү ирмебе, акырын жылуу-жумшак жылмайып кой. Ал куйругун кыймылдатат, сага жүгүнөт, тумшугундагы сары куртун сени көздөй ыргытат — анысы сени менен тамак-ашын бөлүшкөндөгүсү, достошуу табагын тартышкандагысы...

Дале жата бер. Ал өзү тойгондон кийин жакын бутактардын бирине конуп, сага, атайын сага арнап сайрап берет. Кол чаппа. Жүрөгүң аны алкасын. Жүрөгүң ага кубансын. Андан ыйык, андан кымбат, андан асыл эмне бар жашоодо?

Булбул биротоло учуп кеткенден кийин гана ал

мекендеген жерден сен да из суутсаң болот. Бирок, аны чоочутпа. Адегенде ал өзү өз эрки менен учуп кетсин. Ошондо эртең да жаратылыштын ушул «залына» келип, анын «концертинин» уландысын уга аласың. Коркутуп жиберсең достуктун жибек жиби чорт үзүлүп калат.

Булбулдун сайраганын көп адамдар мүмкүн укпаган да чыгар. Укса да аны башка сайроочу куштарга окшоштуруп алышы, чаташтырышы ыктымал. Анткени, биздин жерибизге мыймыт, боз чымчык, ала баш, кызыл төш сыяктуу сайроочу куштардын көп түрлөрү конуш которуп келишет. Айрыкча уялашкан жаз айларында укмуштай катуу, бийик, таза доош менен сайрагандыктан, чаташтырып алуу да кыйын эмес. Көбү мукамдуу, уккулуктуу, ар түркүн кайрыкка салып көңүл сергите сайрашат.

Бирок, булбулдун үнү көп тыңшаган адамга таптакыр башкача угулат. Ал шылдыраган тоо булагындай тунук, жакшы толгонгон комуздай ачык, флейтадай бийик.

Булбулдун ыры мына ушул алтын сапаттары менен башкалардан айырмаланат. Ал эми анын таңдайы (көмөкөйү) кандай түзүлдү болду экен?

Кийинки суроого чоң зоологдор, окумуштуулар, орнитологдор жооп бербесе, биз ага жооп бере албаспыз. Себеби, атайын окубаган адам анын анатомиялык түзүлүшүн кайдан билсин? Бирок, булбул көмөкөйү менен гана айырмаланбай, ал башка ыргактарды жаттап, уга билгендиги, демек, кулак көңдөйүнүн түзүлүшү, сезимталдыгы менен да өзгөчөлөнүп турат. Ал бөтөн куштун доошун, шоокумун, кайрыктарын уккан эле жерден тууран, кайталап жиберүүгө жөндөмдүү. Башка куштардын эң мыкты делген сайрагычтары булбулдун татаал кайрыктарын эч качан так өзүндөй кайталай алышпайт.

Аба жетишпейби, жөндөмдүүлүгү башкабы, тама-

гы башкача түзүлгөнбү? Таң. Кээ бир кара чыйырчыктар гана булбулдун айрым кайрыктарын тууращат, бирок, анысын да бат эле унутуп коюшат.

Сайраганга келгенде үнү, доошу, кайрыктары боюнча бири-бирине окшош эки булбулду кезиктирүү кыйын. Мисалы, жүз куш болсо, жүзү жүз башка кубулжуйт. Жаш балапандары (1—2 жылга чейинкилери) начар эле сайрашат. 5—6 жаш нак баралына жеткен курагы. Демек, «картаңдары» мыкты артист болушат. Жыл өткөн сайын анын өнөрү артып, үнү тазаланып өркүндөй берет. Кайрыктары көбөйөт.

Булбулду кайдан көрүүгө болот? Ал калың өскөн бактарды, бадалдарды, токой четин, түбүндө булагы шылдыр-шулдур аккан чычырканак, долоно жыш каптаган жарларды мекендейт. Бир жерди пааналап, ээлеп алса, август — сентябрь айларына чейин ошол жерде жүрөт. Түлөгөндө да ошол жерде түлөйт. Мерчемдүү жерге же кечке жуук, же таңга маал, колдон келсе магнитофон алып барган оң. Эгерде шырп алдырбай, былк этпей жылуурак ылымтага — калың бадалдын же жардын түбүнө олтурса, «солист» өзүн көп күттүрбөйт. Тигинден же мындан анын «чек-чек!» деген үнү сөзсүз угулат. «Чек-чек» менен ал өзүнүн ыр сабагын баштайт. Ырдап бүтүп, жарым, бир мүнөт эс алат. Анан башка кайрыктарын безелентет.

Булбулдардын сайраганы башка майда куштардыкына көп окшошпойт. Мисалы, башайы чымчык үчтөрт кайрыкты эртеден-кечке чейин кайталай берет. Мыкты булбулдун көмөкөйүндө он эки-жыйырма кайрык болот, ар бир кайрыгы өзүнчө строфаны— сапты түзүп турат.

Кээ бир композиторлор булбулдун сайраганын нотага түшүрүүгө аракеттенишкен, бирок андан жарытылуу тыянак чыккан эмес. Композитор С. Алябьевдин «Соловей» деген ыры гана булбулдун кайрыктарын бир аз элестеткенсийт.

Үйдөгү зоологиялык бурчта — көп түрдөгү канаттуулардын арасында — мен үчүн булбул гана жетишпей жаткансып жүрдү. «Бир жапайы булбул баксам экен»,— дегенде ак эткенден так эттим. Жалпы коллекция үчүн ал керек болду. Анан: — бага алар бекенмин? — деген суроо уйкумду бөлдү. — «Булбулду багуу — эмчектеги баланы багуудан кыйын» — дебеди беле бир натуралист? Анын айтканына караганда ага күн сайын 10—15 кебек курт, жарым чай кашык чоң кумурсканын тукумун, жакшы бышкан, майда туурагалган торпок этинен бир чай кашык, туурагалган сабиз, сүткө чыланган каткан нан керек. Капасы да кенен, үстү жумшак кебез менен капталып, жарык жерге, таза абага коюлбаса сайрабайт имиш.

Бул сыяктуу сөздөр, божомолдоолор мени бир топ чочутса да мен аны багууга бел байладым. Аны кармоо үчүн бир топ убара чектим. Фрунзе шаарынын тегерегинде мен барбаган, мен басып, аралабаган токой тилкелери, калың чырмалышкан бадалдар, ээн жаткан бактар калбагандай эле болду го. Көп жерде мышыкча жашырынып жатып, сайраганын уктум. Бири-биринен өтөт азаматтар. Көз алдымда эле секирип жүрүшкөнсүйт, издесем эле уясы табылбайт. Өзү да бар болуп туруп, кайра жок болуп кетет.

Абдан тажагандан кийин Андрей Киселёв, Ыбрай Шарафутдинов, Владимир Кузнецов, Сергей Торопов деген тажрыйбалуу чымчыкчы — мүнүшкөрлөргө кайрылдым.

— Булбул уясын жерге жакын, калың өскөн бадалдын арасына салат,— деди узун бойлуу, чап жаак, көзү бүтүгүй А. Киселёв деген абышка.

— Жок, ал жердин үстүнө эле уялайт, бирок уясын абдан тыкан, кылдат жашыргандыктан, тепсеп алмайынча, көрбөйсүң,— деди университеттин биология факультетинин студенти Сергей Торопов.

Ал эми башка бир кишинин айтууна караганда

булбул уясын карагайдын кылдай учуна салат. Ага эч ким, эч качан жете албайт...

Ушул сөздөрдү укканы тынчым кетип, уясын бадал арасынан да, карагайдын башынан да, жерден да издедим. Уя көзүмдөн учту. «Же буйрубаган нерсеби? Андай болушу да «ыктымал».

«Үйүмдө бир да жапайы булбул жашабай калат экен го»,— деген ой оюмду онго бөлүп жүргөндө, кубанычтуу кабар өзү келди.

Кызматтан кайтып, чымчыктарыма жем, какым-кукумдун жалбырактарын, суу берип жаткам. Бул мен үчүн көп жылдан бери адат болуп калган көнүмүш: адегенде куштарымдын жемсөөсүн ыраазы кылып, алардан кийин гана өзүм тамак-аш ичпесем, бир тиштем нан да тамагымдан өтпөй, таштай түйүлүп туруп алат.

Ошентип, куштарымды тамактандырып жатканда эшиктин коңгуроосун кимдир-бирөө шыңгыратып калды. Ачтым. Сайроочу чымчыктарды багып жүргөн Виктор Мальнев деген бир досум баш бакты. Учураштык, ал-жай сураштык.

— Сен булбул баксам деп эңсеп жүрчү белең? Табылдыбы? Кармадыңбы?— деп сурады ал бироокумда.

— Жок. Таптырбай жүрүшөт. Мына, төртүнчү май айы келди. Кайрадан талаалап, токойлоп издейин, жер чалайын деп турам. Уясы көзүмө чалдыкпай койду,— дедим.

— Анда убара болбо. Мен былтыр темиркант үч балапанын уясынан алгам. Колуман жем берип багып чоңойттум. Экөө эркек, бирөө ургаачы чыкты. Ургаачысын коё бердим. Экөө үйдө. Ошонун бирин ал. Бири менде калсын. Экөөн багуу кыйын экен. Айрыкча кебек курт түт келбейт. Ар бири күнүнө 15—20 кебек курт жеп жатса, кайсынысына жетишет? Кебек курт 3—4 айда гана жегенге жетилет.

— Андан башка эмне берип жатасың?

— Бышырылган жумуртка, быштак, чымын-чиркей, курт-кумурска, кум, сабиз, какым-кукум, беде берип жатам. Жемди сөзсүз майдалап, туурап, жанчып бериш керек экен. Бүкүлүсүн жебейт. Какалып калат. Колуңан келсе курт өстүр. Эң негизги тамагы ошол.

— Ал кандай деген курт?

— Айтпадымбы кебек курт деп. Бир идишке, мисалы, эски чакага, аквариумга, чоң темир тунукеге, жыгач ящикке кадимки кебек салып, он чакты кара коңузду ичине коё берсең, 2—3 айдан кийин өзү эле быжырап чыга келет.

— Коңузду кайдан алам?

— Мен берем.

— Курттар быжырап көбөйгөнчө булбулум орозо кармайбы?

— Ага чейин мен бир аз берип турам. Өзүң көпөлөк, чымын-чиркей, эшек курт, бышкан жумуртка, быштак, сабиз бере бер.

— Дагы эмнени жакшы көрөт экен?

— Сууга чүмкүгөндү, ары-бери секиргенди. Кененирээк идишке таза суу куюп койсоң, кирингенин көрүп ал. Жөн эле чабак уруп, жел кайыктай шатырайт. Шөмтүрөп отурганын көрсөң күлкүң келет — сууга түшкөн чычкандай эле бир бечара болуп калат.

— Болуптур, азыр берсең, азыр кеттик...

Ошентип, биринчи булбул менин үйүмө «көчүп» келди. «Жапайы азоо булбул. Кантип жашар экен? Бага албай, убалына калсамчы?»

Атын «Тимур» деп койдум. Жону боз. Куйругу да боппоз, узун, ары-бери, өйдө-ылдый сороктоп турат. Мени көрүп «чек-чек» деди эле, жүрөгүм туйлап, эрип кеткенсиди. Кубанчымды айтпай эле коёюнчу — аны түшүнгөндөр да болор, түшүнбөгөндөр да болор.

Адегенде үйдөгү чымчыктарды сыйлыгыштырып (бирөө олтурган капаска үчтөн-төрттөн бөлүштүрүп)

жатып, ага эң чоң капасты бошотуп бердим (анын узундугу — 1 метр, туурасы — 50 см., бийиктиги — 60 см. Өзүм бир жума үңүлүп олтуруп, эптеп-септеп жасагам).

Тимур менин үйүмө 25-апрель күнү «көчүп» келген. Виктор сунуш кылган жемден күнүгө эртең менен бир маалда бере баштадым. Бергеним: 1 чай кашык быштак, 1 чай кашык тууралган жумуртка, 1 чай кашык малдын тууралган эти, бир ууч майдаланган кakым-кукум, тундурулган таза суу. Сууну сөзсүз тундуруу керек. Анткени, шаардык сууда хлор бар. Ал чымчыктар үчүн уу. Заматта өлүп калышы мүмкүн. Булактын суусунда эч кандай хлор болбойт. Шаарда туруп, сайроочу куштардан баксаңар суусун сөзсүз тундуруп берип тургула. Ага бир чаканы мен да эбак арнап койгом. Майда кум бергенди да унутпагыла.

Тимур үйгө келгени түйшүк көбөйдү. Орошбек деген алты жашар балам экөөбүз көпөлөк, чымын-чиркей, коңуз, кумурска, эшек курт кармаган «адистерге» айландык. Ишемби, жекшемби, майрам күндөрү кичинекей ак тор, бош идиш алып, талаалап кетебиз да, жарыша көпөлөк кууп, коңуздардан кармап, аябай чарчап-чаалыгып кайтабыз. Тимур бергенибизди «ап» деп көз ачып жумгуча жеп коёт. Көңүлү куунак. Такыр коркпойт, урунбайт, качып кетүүгө ниеттенбейт. Көздөрүн тостойтуп, жем берчү убакытты күтүп отурат, же сууга киринип, ары-бери ойнойт, экиленет.

Үйдө бир жума жашаса да бир сайраган жок. «Мага сайрабай турганын берген го,— деп ойлодум. — Кой май майрамы өтсүн. Виктордукуна барып, анын үйүндөгүсүн көрөйүн, сайраса ырын угайын».

Бирок, 1-май майрамынын таңы жаңы эле кулапөөк сүргөн маалында...

Эртең мененки саат 5 те үй-бүлөбүз менен көшүлүп уктап жаткanбыз. Бироокумда балкондон башка куштардыкынан бөтөнчө кайрыктар жаңырды. Кай-

рык өтө катуу чыккандыктан, баарыбыз ойгонуп кеттик. Тыңшасак Тимур сайрап жатат. Ал бизди 1-май майрамы, жаздын келиши менен куттуктап жаткан окшойт. Мен сүйүнгөнүмдөн чыдай албай:

— Орошбек, тур балам! Төмөн түшүп үч-төрт сөөлжан казып келчи, айланайын. Тимурдун алгачкы сайраганын оозантып коёлу,— дедим.

Орошбек кичинекей темир күрөкчөсүн алып, тепкичтен андан-мындан бир аттап, нымдуу арыктын кырынан семиз-семиз, көгүш-кызгылтым төрт чоң сөөлжанды ширенкенин бош кутучасына салып келди. Аларды ары-бери ылайынан, кумунан тазалап, сууга жууп, шилекейин кетирип, булбулдун капасына таштадым. Сонун кушум башын кыйшайтып, мончоктой жылтылдаган, буурчактын данындай чоң кара көздөрүн ойнотуп, сойлоп жүргөн сөөлжандарга бир топко чейин тигиле карап турду. «Кантер экен» — деп мен терезенин гүлдүү пардасына жашырынып алып, аңдып карап тура бердим. Акырында ал отурган бутагынан секирип түштү да, сөөлжандын бирин узун тумшугу менен орто белинен илип алып капастын зым тешиктеринен ыргытып жиберди. Экинчи, үчүнчү сөөлжан да төртүнчү кабаттан төмөн кулады.

«Ии, жутканына чоңдук кылып жатса керек» — деп ойлодум да чоң сөөлжанды кесмедей майдалап туурап бердим. Жок, тууралганына да карап койбой, бутагына секирип конду. «Кесме» куурап калды. «Булбулдар сөөлжанды такыр эле жешпейт окшойт»,— деген ойго келдим да, эртесинде сөөлжанды жара тилип текшерип көрсөм, ичинде ылай менен майда бүртүк-бүртүк кумдан башка нерсе жок... Сыягы ылай менен кум аш болбосун жапайы чымчыгым менден мурда эле билсе керек. Антейин десең кара шакылдак менен бөдөнө, кыргоол менен чил, кекилик менен тоодак, сөөлжанды аябай жакшы көрүшөт ко? Аларга ал кантип даамдуу, сонун аш болуп жүрөт?

Эми биз сөөлжанды так ошол эки бөдөнө менен кара шакылдакка гана берип жүрөбүз. Биз сөөлжандарды бир-эки айлап өлтүрбөй бакканды да үйрөндүк. Нымдуу кум салынган идишке сойлотуп коё берсең, ал 50—60 күн жашайт экен.

Тимур эртеден кечке чейин, түнкү саат экиден жетиге чейин сайрап олтурчу. Кайрыктарын бет алдындагы бак ичиндеги сайроочу куштар кайталайбыз дешип убара чеккени менен эч бири так өзүндөй туурай албады. Кайдан туурасын! Тууроо үчүн таңдай керек. Булбулдун кайрыктары улам эле кайталана бергидей, ал тоту куш эмес.

Күнүгө угуп жүрүп: кээ бир кайрыктарын тыбышка салып көрдүм. Тимурдун кайрыктары: «пен-пен-пен!» «ци-фюить, ци-фюить!» «ци-тюп-ци-тюп, ци-тюрюрк, ци-тюрюрк, ци-тюркюрк!» «тюи-тюи-тюп-тюп-твить!» «ци-тио, ци-тио-ци-тио! и-го-го-го фюить жана башкалар. Анын «ырында» «ц» тыбышына сөзсүз басым жасалчу. Ар бир сабында «ц» тыбышы даана сезилип турчу. Ушул сыяктуу кайрыктар ар түрдүү бийиктикте жаңырып, бир ырааттуулукта кайталанчу эмес. Ал ырдап бүтүп, эс алчу; не жүнүн тароочу, не суугa түшчү, не жөн эле бутактан-бутакка секирип шоктончу, оштончу, назданчу.

Анын ыры бизди тажатчу эмес. Чийки же бышкан эттен майдалап туурап берип койсом, ошол замат таптакыр жаңы саптардан баштайт. 12 кайрыгы бар эле. Кээ бирөөлөрү андан да жогорку даражадагы артист дешет билгендер. Алтын таңдай дегендери го. Ошондой булбулдун бири Калининское селосундагы Николай деген мугалимдин үйүндө жашады, уккандар: «укмуш!» дешип, баш чайкап, көздөрүн алайтышчу.

Тимур капаста үч ай сайрады. Ал сайраганда терезенин айнектери дирилдеп турчу. Түнкү саат экиде бир баштаса таң атканча басылбайт, бирок, анын эң сонун сайраганы көп кабат үйдө жашагандардын баа-

рысына жага бербесе керек. Тимурдун үстүнөн «тоголок» арыз жазгандар да чыкты. Анда: «Болотбек деген бир киши үйүндө нукура жапайы булбул багып жүрөт. Анысы түн ичинде сайрап, бизди уктатпайт... Бул макоону үйдөн чыгаргыла» — деген сөздөр бар экен. Аны мага текшерип келген комиссиянын мүчөлөрү окутушту. Алар келишкенде Тимур сайрап олтурган. Кайрыктары төртөөнө тең жакты. «Бага бер!» деп уруксат деле беришти. Бирок, бөтөн кишилердин тынчын албайынчы, мүмкүн арасында оорулуу-сыркоолуусу болсо уят го»,— деген бүтүмгө келип, Тимурду Карабакка алып барып коё бердим. Ал жапыз эле бутакка конуп, мени менен коштошконсуп, көпкө чейин жалдырап карап олтурду. Мен да кетпей, жумшак көк майсанда ойго батып олтурдум. Көздөн эрксиз ысык жаш мөлт-мөлт этткенсиди.

Жаратылышта булбулдун эркеги гана эки-үч ай сайрайт. (Ургачысы такыр сайрабайт). Анан «тили катат», түлөйт. Июль айында кайрыктарын угуу кыйын. Балапандары учуп калган кез. Учканга караганда алар жерде көбүрөөк жорголоп жүргөндүктөн, бир даары ит-кушка оңой эле жем болушат.

Уяны жерге салат экен. Мен кийин үч-төрт уясын таптым. Бири калың бадалдын бутактарынын түп арасында, бири былтыр кертилген куураган бутактардын астында, бири бактын ичиндеги адам көп баспаган, караңгыраак бурчундагы акыр-чикирдин ичинде экен. Бардык уя эптеп-септеп эле жасалыптыр. Ушунча мыкты сайраган куш уя салууга, анчалык деле көңүл бөлбөгөнү кызык.

Жумурткасын май айынын аягында табууга болот. Өтө кооз жумурткалар. Өңү күрөң-көгүш, өсүмдүктөрдүн бутактарына, кабыгына, жалбырактарына түспөлдөш. Оңой менен көзгө байкалбайт. Эгерде эки булбул чыйпылыктап, жан-алакетке түшсө, демек уясы ошого жакын бир жерде болуу керек.

Балапандары июль — август айларында толук жетилет. Эми алар мурдагыдай жалгыздап жүрбөй, топтопко биригишет да алыска сапар чегишет. Күндүз учпай, жалаң гана түн ичинде эч кимдин көзүнө көрүнбөй орун которуштурушат. Көпчүлүгү жылуу өлкөлөрдө: Индиянын токойлорунда, Борбордук Африкада, Мадагаскарда, Бирмада кышташат. «Тили катып» калгандыктан ал жакта сайрабайт. Ошондуктан, жергиликтүү калк бул куштарды көп деле билбейт, бизчилеп даңктабайт, арноо ырларын жаратышпайт. Тек биз таранчыга карагандай кайдыгер, көңүл кош мамиле кылышат.

Айтып коё турган дагы бир нерсе — үйдөгү булбул түн ичинде дээрлик аз уктайт. Ал таң аткыча бутактан-бутакка секирип, тынчы жок, албуут куштай сезилет. Анысына көңүл бурбай эле койгула, секирсе секире берсин. Капасы кенен болсо, анын үстү чүпүрөктөн жумшак жасалса, ал башын, канаттарын, төшүн майып кылбайт. Секирүү — бул куштун өнөкөтү, биз үчүн басып жүргөндөй эле кеп. Капастын төрт капталын — үстүн, артын, эки жагын сөзсүз тактадан, же фанерадан, же брезенттен жасасаңар, кушуңар жүнүн уйпалабай, бузбай, жаратылыштагыдай кооз, жарашыктуу бойдон калат. Зымдан эле жасап, ачык койсоңор ал капталдарына урунуп, кагылып жатып, канаттарын сындырып, көркүн, сымбатын жоготот. Башы жарылган, канаттары, куйругу үбүлгөн, тумшугу канаган кушта эмненин көркү болсун, ал кайдан сайрасын! Эгерде силерде жабык жасалган (алдыңкы бети гана ачык зымдан) капас жок болсо, төрт тарабына картон коюп, же мата менен тартып койсоңор деле болот... Булбул үйдө багылса, түн ичинде ал секирбес үчүн эптеп үрүл-бүрүл жарык берген кичинекей чыракты күйгүзүп койгула. Кушуңар ошол замат тынчтанат да бутактардын бирине конуп, уктайт.

Кышында булбулга кумурсканын жумурткасын, тооктун бышкан жумурткасын майдалап, тууралган чийки же бышкан эт, сабиз, быштак, нан беришет. Кара кесек эттин ордуна кээде боор, жүрөк, бөйрөк эттен туурап жедирсеңер да жакшы болот. Жайкы жеми деле ушул, бирок ага балдар кармап келген курт-кумурска, чегиртке, көпөлөк, чымын-чиркей көбүрөөк кошулат. Курт-кумурсканы, чегирткени жайында көп кармап, жипке тамекинин жалбырагындай тизип, кургатып алсаңар жакшы. Кышында ал табылгыс жем болуп бере алат.

Жалаң быштак, нан, ботко, дан уруктарын берип бакса булбул сайрабайт же көп узабай өлүп калат. Себеби, бул жем ага толук сиңимдүү аш болуп бере албайт.

Багуусу жакшы болсо, булбулга жаратылышта жегендей жем көбүрөөк берилсе, ал 10—15 жыл кадимкидей сайрап берет. Бирок, булбул жыл бою сайрабайт экен деп ойлобогула. Үйдө ал январь айында акырындап сайрай баштап, мартта күчөп, июлга чейин жакшы сайрайт.

Бирок, булбулду багууга шартыңар жок болсо, айталы жогорку жакта айтылгандай чоң, кенен, төрт жагы жабык капас; түркүн-төмөн жем — айрыкча кебек курт жана кумурсканын жумурткасы, чегиртке, курт-кумурска жана башкалар жок болсо, анда бечараны кармабай эле койгула, «багат элек»,— деп бөөдө убара болбогула. Аны өлтүрүп аласыңар.

## 2. ТОРГОЙ

Бир жолу биздин үйгө алтынчы класстын окуучулары топурашып экскурсияга келишти. Менин үйүмдөгү жандуу бурчту көрүүгө көптөгөн адамдар баш багат. Арасында мектеп өспүрүмдөрү арбын.

Кызыл жагоочондор — балдар-кыздар ак, кызыл, кара, көк, жашыл, күрөң жана башка түстөгү куштарды көрүп, бир топ таң калышып, өз ара кобурашып, күбүрөшүп, акырында үйдүн шыбына жакын коюлган капастарда ары-бери чуркап жүргөн торгойлорго көздөрү түштү:

— Агай, мынабу эмне деген куш?— деп сурады ээрчитип келген вожатыйы.

— Ал торгой,— дедим.

— Ой, торгой ушундай боз, көзгө анча көрүнбөгөн канаттуубу?

— Жок, торгой деген укмуштай кооз куш болуу керек...

— Менин чоң атам торгой жөнүндө кызык жомок билет...

Айтоор, менин торгойлорум жана жалпы эле бул куштар жөнүндө окуучулар талашып-тартышып кетишти. Көздөрүнөн: бири ишенсе, бири ишенбегендиги даана сезилип турду. Мен аларга, «торгой деген ушул болот»,— деп далилдөөгө колдон келишинче аракеттендим. Биз ал куштун тиги-мунусун айтып жатканда четки бурчта турган Амур деген кичикий торгой сайрап жиберди. Окуучулар демин ичине алып, көздөрү чоң ачылып, баштарын өйдө көтөрүп, катып калышкансыды. Амур тынбай үч-төрт минута сайрады. Анын кайталангыс кайрыктарына биз, адамдар гана эмес, жанатан бери түрдүү обонго салып сайрап отурушкан башка чымчыктарым да «кулак төшөп» унчукпай калышты.

Ал сайроосун бүткөндө гана пионерлердин бири:

— Өх, атаң, укмуш сайрайт экен! Мен Мараттын үйүнөн пластинкадан бир чымчыктын так ушинтип безеленгенин уккам. Көрсө торгой турбайбы. Пластинкага кантип жазып алышты болду экен?— деди.

— Адегенде магнитофонго, анан пластинкага көчүрүшөт. Ташкентте, Москвада ошондой заводдор

бар. Силерден ырчы, комузчу, кыякчы чыкса пластинкага жазыласыңар... Көрүп бүтсөңөр кетели, агайдын ансыз деле көп убактысын алдык,— деп улуу пионервожатый сөздү корутундулады.

Ооба, торгойдун тулку бою боз. Өтө тыкандык менен (жаратылышты укмуш сүрөтчү дегени чын бейм) жайгашкан кара сызыктар аны ого бетер көркүнө чыгарып, талаада жашырынууга атайын ылайыкташтырып койгондой. Боз жүнү боз топуракка окшоп, куюлушуп кетсе, кара сызыктары, чекиттери эрмендин, шыбактын, жалбыздын жалбырактарына түспөлдөш... Төш жагы гана агышыраак, боорунан ылдый карай күрөң алкактуу тилкелер өтөт. Башы бир аз чуштугуй, чоң сүрөтчү же уста өрүктүн бутагынан курч маки менен жасагандай. Тумшугу курч, таранчыныкынан бир аз узунураак. Жалпы денеси, салмагы, кешпири боюнча да таранчыдан бир жарым эсе чоң. Канаттары тулкусуна салыштырганда узун, жазы, учтары таарылгандай. Канатына карап эле биз, орнитологдор, бул чымчык абдан көп уча тургандыгын байкайбыз.

Торгойду талаанын башка майда куштарынан айырмалап, обочолонтуп турган бир белги — ал буттарындагы арткы текөөрүнүн өтө узундугу. Башка манчаларына (тырмактарына) караганда текөөрү эки эсе узун. Бул текөөр ага эмне үчүн керек экендиги ушул кезге чейин так аныктала элек: ал арткы текөөрү менен кыртышты тырмалабаса, жыгачтын бутактарына, зым карагайдын зымына, телеантенналарга конбосо, чын эле ошончолук узун тырмактын эмне кереги бар? Мүмкүн торгойдун укмуштай кубулжуп сайраганына ошол текөөр кандайдыр бир таасирин тийгизип жүрбөсүн?

Мендеги торгойлордун кайсы биринин бир жылдары ошондой узун тырмагы кокусунан сынып калганда ал бир жылга чейин сайрабай калган эле. Мен аны

талаага коё бергем. Ал жакта не сайраганын, не ошол бойдон «тили катып» калганын билбейм.

Торгой бир нерседен чоочуганда, корккондо, же аябай үшүгөндө башынын жүнүн үрпөйтөт. Ошондо таажы кийип алгандай болуп көрүнөт. Өтө ылдам чуркайт. Шыбакты, эрменди аралап качканда аны кууп жетүү кыйын. Алиги узун текөөр тоодактай болуп тез чуркоосуна да көмөк берсе керек деп ойлойм.

Эркеги ургаачысынан жарым эсеге чоң. Канаттары да узун, жазы, бутакчалары жоонураак — ичинде абасы мол. Жаратылышка көбүрөөк көз салып жүргөн адам эркеги менен ургаачысын бат эле айырмалай алат. Башкалардын көзүнө алар коёндой окшош болуп көрүнүшү мүмкүн. Ургаачысы дайыма боортоктоп, жерге бүк түшүп, асманга аз көтөрүлгөндүктөн, анын жүндөрү да бир аз уйпалангансып, жүдөгөнсүп көрүнөт.

Торгой — талаанын, айдың көлдүн, чөлдөрдүн канаттуусу. Аны окуучулар жазда да, жайда да, күздө да, кышта да талаага экскурсияга чыгышса сөзсүз кезиктире алышат. Экскурсияга айрыкча жазында чыкса, торгойдун сайраганын эртеден кечке чейин угууга болот. Биздин жерде булар апрель-май айларында укмуш сонун сайрашат. Июнь айы анчалык ысык, аптаптуу болбосо, анда июнь айынын аягына чейин сайрайт. Июль айында бизче айтканда тили катат, илимий тил менен айтканда алар түлөй баштайт, б. а. тонун жаңыртышат. Түлөгөн кезде сайроочу куштардын баарысы, алардын ичинде — булбул да сайрабайт. Тон алмаштыруу — куштар үчүн эң кыйын мезгил. Алар көп майын, күчүн жоготушат, булчуң эттери кыскарат.

Торгойдун сайраганын угуу үчүн ага жакын барбагыла. Адатта ургаачысы уя салып, же жумуртка басып олтурган жерден эркеги асманга тике көтөрүлүп учат. Көтөрүлүп баратып сайрай баштайт. Канаттары


майда дирилдеп, ал көпөлөккө окшоп көрүнөт. Эгерде колдо дүрбү болсо анын ар бир тал жүнүнө чейин, узун текөөрүнө чейин дапдаана көрүүгө болот. Ал текөөрүн бүктөгөнсүп, жыйрып алат.

Эркеги өзүнүн көп кайрыктардан турган «ыр кезесин» ургаачысына арнайт. Бирок, жалаң эле ургаачы үчүн сайрайбы дейин десең үйдөгү капаста түлөгөндөн кийин, күзүндө деле сайрап олтурат. Эреже катарында талаадагы торгойлор күзүндө сайрабайт.

Бирок, торгой жерде жашоочу канаттуулардын түрүнө кирет. Асманга ал, негизинен, сайроо үчүн, ал ушул аянттын ээси экендигин башка «замандаштарына» күбөлөндүрүп, далилдөө үчүн гана көтөрүлөт. Беш-алты айлана жасагандан кийин, канаттарын куушуруп, жерге таштай түшөт. Түшкөндө сөзсүз же бир таштын же бир кезектин үстүнө конот. Чуңкурга, арыктын ичине, калың чөптүн арасына эч бир конбойт. Ал башка жаныбарлардан сактанганы болсо керек. Же баарысына, айлана-тегеректе эмне болуп жатканына бийиктеп олтуруп көз салганды жакшы көрөбү? Таң.

Өмүрүнүн көбүн (ургаачысы болсо бүт өмүрүн) жерде өткөрөт. Уясы да жерге салынат. Ал үчүн торгой жерди да чуңкурайтып казбайт. Алакандай чуңкур табылса болгону. Ошол жерге күнгө куурап, жаанга жуулуп, бопбоз болуп калган чөптөн бир аз чогултуп, эптеп-септеп уя сыяктуу бир нерсе жасамыш болуп, жумуртка тууйт. Ар бир уяда 4—6 жумуртка болот. Жумуртканын өң-түсү да боз. Адам баласы оңой менен аларды байкабагандыктан, таманы менен басып алган учурлар көп кездешет. Айрыкча торгойдун уялары тракторлордун, комбайндардын дөңгөлөгүнө, сокого көп тепселет. Талаалар жыл сайын иштетилгендиктен, торгойдун тукуму андан көп жапа чегет.

Ургаачысы чамбыл, боз ала жумурткасын 12—14 күн жылытат. Анын балапандары чыгат. Эми алар дагы




1. Кызыл төш
2. Боз чымчык
3. Чоң жылкычы чымчык
4. Эжеке бээ саа



1



2



3



4

1. Булбул 2. Токуучу куштар 3. Бөдөнө 4. Кара шакылдак

12—14 күн уясында болушат. Энеси улам жем ташып келип, боорукердик менен багып чоңойтот. Темир канатка жетилгенден уяны таштап шыбак, эрмен, алабатанын түптөрүнө жашырыныш, алдынан жолуккан чегиртке, коңуз, көпөлөк, чымынды кармап жешет. Ошол темир канат кезинде эле балапанды көрүү кыйын — ал олтурган жерине куюлушуп, карекке чалдыкпайт. Эгерде өзү качып, кыймылдап, олтурган жерин шекшитип койбосо, адам баласы жанынан өтүп кете берет.

Талаа торгою (баса, торгойлордун сегиз-тогуз түрү бар экендигин ушул жерден атап кетейин. Ал: кичинекей торгой, чоң торгой, үкүлүү (таажылуу) торгой, кара торгой, ак канаттуу торгой, мойну кара торгой, мүйүздүү торгой, токойлордо жашоочу торгой) баарысынан көп таралган канаттуу. Ал адамдарга жакын жашагандыктан башка канатуулар сыяктуу алыскы Африка, Австралияга учуп барбайт. Күн жылыса эле апай төштөргө, жардын, арыктын кырларына, суунун кургак, кумдуу жээктерине чыгып төшүн жылытат, жүнүн тарайт, денесин «жибитет».

Аталган торгойлордун көбү СССРдин аймагында жашайт. Түндүк Уюл, Арктика, Сибирь, Ыраакы Чыгышта гана кездешпейт. Кыргызстанда кичинекей, чоң, үкүлүү, кара моюн, талаа деп аталышкан торгойлордун түрлөрү бар. Тянь-Шандын, Арстанбаптын, Кара-Жыгачтын, Соңкөлдүн, Крымдын, Закавказьенин, Түштүк Түркмөнстандын токойлорунда, Сырттарда токойдо жашоочу юла деген түрү да кездешет,— деп айтышат айрым натуралисттер менен орнитологдор. Мен өзүм көрө элекмин. Ошондуктан, «бар» деп чечкиндүүлүк менен айта албайм. Бизге алар кыштоо үчүн гана келет окшойт.

Торгой сайроочу куштардын арасында булбулдан кийинки экинчи орунду ээлейт деп айтууга болот. Аны көп адамдар (сөз үйүндө жаратылыш бурчтары

бар адамдар жөнүндө болуп жатат) үйүндөгү капастарда багышат. Багуусу оңой эле, бөдөнөнү баккандай кеп. Капасына кум, чар, буудай, таруу, жаргылчакка тартылган жүгөрү, акталган сулу, нандын күкүмү, суу коюлат. Багуусу туура болсо, ал эч нерседен кемкаржы болбосо үйгө алынып келингенден бир жума өтпөй сайрай баштайт. Таң куланөөк сүргөндөн күүгүм киргенге чейин тили басылбайт, эгерде үйдүн ичин жарык кылып койсоңуз, анда түн ичинде да сайрай берет.

Үйдөгү жандуулар бурчунда беш-алты жыл жашаган торгой ээсине абдан үйүр алып, ал жакындап келгенде качпай, колунан жем жеп, башка сайроочу куштардын (канарейканын, кызыл төштүн, башайы жана боз чымчыктын, жылкычы чымчыктардын, мыймыттын жана башкалардын) кайрыктарын кудум өзүндөй туурайт. Айрыкча балапан кезинен багылгандары башка куштарды тууроо жагынан жеткен чебер уста келет. Багуусу төп келишсе, бир эле торгой үйдөгү капаста 10—12 жыл жашайт. Талаада ал мынча жашай албайт, анткени, анын душманы көп, жашоо шарты да ойдогудай болуп турбайт.

Сайроочу торгойлордун арасында өзүлөрүнөн чыккан мыктылардын мыктылары болот. Эреже катарында, торгой уялап, балапан чыгарган талаа токойго, шалбага, өзөнгө, бадалдуу черге жакын болсо, ал жерде өсүп чыккан балапандар бир-эки жылдан кийин алтын таңдай болуп өсүшөт. Себеби, торгойдун эркек балапандары токой, бадал арасында, өзөн жээгинде, камыш, алтыгана, мажрүм тал ичинде жашап, балапандап жүргөн башка канаттуулардын эң мукам, эң назик, эң уккулуктуу кайрыктарын үйрөнүшөт, ал жаңы кайрыктарын өзүлөрүнүн «ырына» кошуп, аны түрлөнтүп, кубултуп, байытышат.

Айрым адамдар: «Торгой тунук асманда гана сайрайт» дешет. Бир жагынан бул туура, экинчи жактан

туура эмес. Ооба, торгой эң бийик чыккан кайрыктарын көгөргөн асмандан жерге жамгырдай себелейт. Түшүп келе жатканда да өтө берилип, назик кубулжуйт. Бирок, өзү көтөрүлүп кеткен ташка, аңгекке, кесекке, дүмүргө, үйдүн жампасына конгондон кийин деле сайрайт, доошу жанакыдай өтө бийик чыкпагандыктан, биз аны эшитпейбиз, же башка куш сайрап жаткан экен деп ойлойбуз.

— Торгой ошончолук мыкты сайрайт экен, эмне үчүн аны баккан кишилер аз? — деп менден бир жолу бир тааанышым сурады.

Ооба, торгойду сейрек багышат. Мисалы, Фрунзе шаарында ал алты кишинин, Калининское селосунун эки, Токмок шаарынын төрт жашоочусунун үйүндө торгой багыла турганын билем. Мүмкүн, мен билбегендер да бар деңизчи. Көп адамдар багышпагандыгынын себебин айтайын: Андай себептер үчөө:

Биринчи себеп: торгойду кармоо жеңил-желпи иш эмес. Ал өтө куу, сак болгондуктан, оңой менен кармапайт. Капаска кирбейт, кылтакка түшпөйт, тайганга жеткирбейт. Атып алайын десең бөөдө майып гана болот.

Экинчи себеп: аны кармадык дейли, капаска салдык. Ал аябай тынчы кетип, ары-бери урунуп-согулуп, үйдүн ичин ызгытып, алай-дүлөй түшүрөт. Мындай албууттугун көргөн адам бир-эки күндөн кийин эле тынчы кетип, жадап, тигини коё берүүгө ашыгат. Демек, ал адамда чыдамкайлык, туруктуулук касиет аз.

Үчүнчү себеп: кармалган торгой кумга кирингенди абдан жакшы көрөт. Ал киринип жатканда үйдүн ичин жөн эле тумандай чаң каптайт.

Бирок, үйдүн ичи чаң болбос үчүн, жаңы кармалган торгой көп коркпой, түрсүлдөбөй жашоо үчүн өзүнүн жолу бар экендигин айта кетели.

Торгой үчүн арналган капастын кырларын бийик (20—25 см) фанерадан же жука тактадан жасап, үс-

түн сөзсүз чүпүрөк менен каптоо зарыл. Ошондо ал жогору секиргенде, башын да жарып албайт, кокустукка да учурабайт. Жем сала турган кичинекей кутучаны (акырды) жана сууну капастын сыртына жайгаштыргыла. Ал зымдын ортосунан башын чыгарып, жемин жеп, суусун ичет.

Эгерде торгой салынган капасты өзүмдүк үйдүн короосунда кармасаңар, анда аны мышыктар жетпей тургандай бийик мамыга илип койгула. Жем, суу берүүнү эч бир унутпагыла. Жакшы баксаңар эмгегиңер бат эле кайтат. Ал эртеден кечке чейин сайрап, үйүңөргө келген бардык адамдарды таң калтырбай койбойт. Бир сайрап алса, күн өткөн сайын кайрыктары көбөйүп, доошу бийиктеп, ачык чыгып кумарды кандырат. Ошондо анын татынакай ырын магнитофонго жазып алып, биология, зоология, адабият сабактарында жалпы класска, ата-энелерге уктурууга болот. Менимче торгойдун сайраганына кайдыгер болгон адам чыкпас.

Баса, торгой үчүн атайын капас жасасаңар (аны мектептин кол эмгек сабагы боюнча мугалиминин жардамы менен мастерскойдо, үйдө, устаканада куруп алууга болот) ичине сөзсүз 8—10 см. бийиктиктеги жонулган дөңгөчтү тургузуп койгула. Торгой дөңгөч же таш, же кыш, же кесектин үстүнө чокчоюп олтуруп сайрайт. Аны койбосоңор сайрабай да калышы мүмкүн.

Кимде-ким торгой баккысы келсе, ага мындай да кеңеш берер элем. Кармасаңар эрте жазда: март — апрель айында бир-экөөн гана кармагыла. Май — июнь айларында уялап, балапандап калышат. Кеч кармалган эркектери бир жылга чейин сайрабай коюшат. Бул — биринчиден, экинчиден, ургаачысы жумуртка басып же балапан багып жатканда кармап алсаңар, уяга, тукумуна доо кетет, зыян болот: эркеги ургаачысына курт-кумурска терип бергендиктен, ал тынч

отуруп, энелик милдетин өтө так аткарат. Үй-бүлөнү бузуу жаратылыштагы бир макоочулук. Муну эске тутуп койгула. Эркегин кармап кетсеңер, ургаачысы жумуртка болсо жумурткасын баспай, балапандары болсо, аны бакпай таштап кетет. Бул зыян эмегенде пайдабы?

Адеп кармалып келген торгой майып болуп, өлүп калбас үчүн ага адегенде 70×30×25 см. өлчөмүндө капас (ал узундугу, бийиктиги жана туурасы) жасап, жумшак жемден өксүтпөгүлө, жумшак жем: тууралган сабиз, катпаган нан, чегиртке, көпөлөк, бышкан жумуртканын сарысы, майда тууралган бышкан эт, картөшкө...

Мен өзүм торгойду аз бактым. Аны кармап берген кишим жок. Талаадан алынып келгендери «чабал» ырчы болушкандыктан, кайра келген жагына коё берип жүрдүм. Бир гана жолу укмуштайы колго тийди. Атын Амур койдум. Грекче «амур» — сүйүү деген сөз. Үйдө беш жыл жашады. Амур сайраганда үйдүн терезелерине жан киргенсип, дирилдеп кетчү.

Бир жолу өзүнөн өзү үрпөйүп, жем жебей, суу ичпей калды. Дарылап көрдүм — суусуна бир тамчыдан пеницилин, А, Б, В, С деген витаминдерди кошуп көрдүм. Талаадан жайында кармап, кургатып койгон чегиртке, саратан, көпөлөктөрдөн жылуу сууга нымдап бердим. Кичине оңолгондой болду. Жанданып, жүнү суйдаң тартып, көздөрү нурдана жалтылдап, жемди жакшы эле жей баштады. Бирок, үнү кирилдеп, мукактангансып, тамагына бир нерсе бүткөнсүп аз сайроочу болду. Дагы жарым жыл күттүм. Мурдагы обону кайтпады. Сыягы суук тийгизип алсам керек. Кышка маал үшүп калбасын деп сырттан үйгө киргиздим эле, өпкөсүнө суук тийсе керек. Үйгө киргизбей эле койсом болмок экен! Мурда төрт кышты сырттагы балкондо өткөргөн. Көнүп калган жеринен тийбей койсом болмок. Эми дагы бир Амурду издеп

таппай жүрөм. Издеген табат деңизчи. Дагы бири табылар. Дегинкиси колго жакшысы келсе болгону. Анткени, адамдардын баарысы мыкты ырчы, акын, комузчу, бийчи болбогон сыңары, торгойдун баарысы да жеткен ышкыбоз ак таңдай эмес. Муну өзүңөр текшерип көрсөңөр да болот. Ал үчүн апрель — май айларында талаага чыккыла. Мүмкүн болушунча күн ачык учурда, күн нурлары жерге жаңыдан жебелерин себелеп келе жаткан маалда талаага баргыла. Күн көтөрүлөрү менен торгойлор асманга, күнгө салам айтып көтөрүлүшөт. Саат тогуз — он чендерде тигинден да, мындан да көк ийримге тикесинен буралгансып учуп чыккан канаттуулар көрүнөт. Ал — талаа ырчылары — торгойлор. Касиеттүү, ыйык куштар. Эми кулак төшөп тыңшагыла. Көңүл, ой эч нерсеге алаксыбасын. Ишенип койгула, бир аздан кийин турмуш жөнүндө да, кайсы концерттик залда тургандыгыңыз жөнүндө, моюнду аркалаган түйшүктөр жөнүндө да унутуп коёсуз. Дагы кулак түрүңүз. И — и, тигиниси жакшы сайрайт бекен же мунусу артыкпы? Бири-бирине окшошпойт, бири-бирин кайталабайт. Кээ бирөөсүнүн он — он эки кайрыгын чотко салып саноого болот. Эң мыктысы тигил экен дегенди кармоого аракет кылыңыз. Ал үйдө да так ошондой кубулжутуп сайрап берет.

Кимде-ким талаада көп жашап, көп иштеген болсо, ал сөзсүз торгойлорду көрбөй, мукам коңгуроолуу добушун укпай койгон жок чыгар. Асманга көтөрүлүшкөндө булутка жетишет. Баш кийимиң төбөңдөн түшөт. Түшө берсин. Сен тыңшай бер. Торгойсуз талаа, талаасыз торгой болбойт...

## 3. БОЗ ЧЫМЧЫК

«Эгерде сайроочу куштардын ичинен эң мыкты, бийик, кооз сайраганын баккыңыз келсе, анда боз

чымчык кармаңыз... Боз чымчык Фрунзе шаарынын тегерегинде, Ак-Суу айылынын түштүк тарабындагы чер-токойлуу жерге жакын ээн жаткан боз талааларында, адырларында, өзөндөрүндө, Пржевальск шаарынын тегерегинде, сырттарында эң эле көп. Куштарга көңүл бөлбөгөн адамдар аны таранчы ордуна көрүшүп, ага назар да салышпайт. Мен өзүм бул чымчыкты багып келатканыма отуз жыл болду. Өмүрүм өткүчө андан айрылбасмын деп,

Саламым менен — В. Макаров, Пржевальск шаары, орнитолог — натуралист, зоологиялык базанын тейлөөчү кызматкери, мурдакы зоотехник».

Бул мага Пржевальск шаарынан келген каттын бир үзүндүсү гана. Катты биринчи жолу В. Макаровго мен өзүм жазгам. Жообун үч ай күттүм. Көрсө менин катым барган кезде Валентин зообаза үчүн сайроочу куштарды кармоо үчүн тоо-талааларды кыдырып кеткен экен. Катты мен февраль айында жазгам. Февраль — апрель айлары анын иши аябай кычаган мезгил экен. Бул мезгилде Кыргызстанга алыстан — Африка, Индия, Кавказ, Крым, Кара-Деңиз тараптан келгин куштар келе башташат. Келер замат алар көп күтпөй, эки-экиден бөлүнүшүп, уя жасоого киришишет.

— Апрель айынын ортосунан тартып сайроочу куштарды кармоого тыюу салынат,— деди В. Макаров кийин мен аны менен жолугушуп, аңгемелешип, жакын таанышкан соң. — Анткени, апрель айынын экинчи жарымында бардык майда куштар болочок тукуму жөнүндө кам көрүүгө киришет. Өзүлөрү каалаган жерге уя салып, жумуртка тууйт. Ургаачысы жумуртка басып олтурганда, эркеги анын элүү — жүз метр тегерегинде учуп-конуп жүрүп, бул аянтына башка куштарды жолотпой, ургаачысына жем ташып, ал үчүн көп сайрап, кээде жумурткасын кошо басышып турат. Эгерде ал корукка алган аянтына башка чым-

чыктардын эркеги учуп кирсе, «жүнүн, таажысын үрпөйтүп, кадыресе «кол» салат.

Бир жолу мен боз чымчыктарды тор менен кармап алуу үчүн картөшкө казылган тилкеге бардым Күз. Балапандары чоңоюп, өзүлөрүнчө учуп, кармоого жарап калган. Бул маалда кармоого уруксат берилет.

Картөшкөнүн сабактарынан, майда-барат куурайдан, куурап калган бутактардан татынакай алачык сымал жасадым. Ичине кирип олтуруп алдым. Элүү метр жерге торду жайып, жанына үйрөнчүк боз чымчык олтургузулган кичикий капасты коюп койдум. Пластмассадан жасалган жазы, кенен табакта күн карама, кара куурай, сулу, арпа, таруунун даны, жыйырма чакты кебек курт сойлоп жүрөт. Тор жерден жарым метр бийиктикте, төрт мамычага бекитилген. Узун жиптин бир учу менин колумда.

Талаага мен таң куланөөк сүргөндө баргам. Октябрь айы. Күз айларындагы талаанын жыты кандай сонун: айлана жумшак нымдуу топурак, картөшкөнүн жалбырагы, соолуп бараткан чөптөрдүн кычкыл даамы жыттанат. Баш тегеренет. Жашоо кумары теребелге кеңири көз жүгүртүүгө аргасыз кылат.

Ошентип, болмуш, турмуш, куштар, адамдардын мамилелери жөнүндө ойлонуп, тээ нарыракта капаста секирип «Фью-ти-ти, фью-ти-ти-пи!» деп сайрап олтурган Шайырга (Шайыр В. Макаровдун эң жакшы көргөн боз чымчыгынын аты, үйүндө 1970-жылдан бери жашап келатат) көз салып олтурганымда асмандан шатыр-шутур деген доош угулду. Карасам эки чымчык бийикте өз ара тытышып, улам жерге жакындап, токтоосуз кулап келе жатышат. Туш-тушта кичикий жел кайыктай апакай жүндөрү бырпырайт. Тигил эки бейбаш мушташып, апчышып, тытышып олтуруп, туура мен жайып койгон торго келип түштү. Түштү да ага чырмалып калышты. «Чатакташкан таранчылар

болсо керек» деп мен кейип, шашпай алачыгымдан чыгып басып бардым. Карасам таранчы эмес эле эки боз чымчыктын эркеги. Төрт-беш жыл жашап калган көрүнөт, төштөрү мала-кызыл. Мындай сонун чымчыктарды мен мурда издеп, талаадан талаа кезип таппай, кармай албай жүргөм. Буларды кудай өзү берди. Тытышабыз деп өзүлөрү оңой олжо болду.

Экөөн этияттап тордон чыгарып, бош капаска салдым. Кылдат текшерип чыктым. Укмуш. Жомокто да мындай кооз, жарашыктуу куштар болбос. Сыягы алар тордун астында жайнап жаткан жемди асмандан эле бири-биринен кызганып, талашып, бири-бирине ыраа көрбөй жулмалаша баштаган окшобойбу.

Кийин, бир-эки жыл өткөн соң бул боз чымчыктар укмуштай сайрап, далай-далай адамдардын моокумун кандырды. Бирөө үйдөгү чымчыктардын бир ургаачысына «үйлөнүп» үч балапан чыгарды. Экөө эркек, бири ургаачы. Ургаачысын тоого коё бердим. Эркектери азыр атасынан беш бетер кубулжутуп сайрап олтурушат. Баса, сиз аларды өзүңүз деле көрбөдүңүзбү...

Ооба, көргөм. В. Макаровдун үйүнө кирип барсаңыз үй эмес эле өзүнчө бир зоологиялык музей. Тыйын чычкан, түлкү, бөлтүрүк, күчүк... Бирок, сайроочу куштар тигилерден көп. Көмүрдөй капкара чыйырчык короодо, теректе, бакта ары-бери ээн-эркин учуп жүрөт. Ээси алыстан кайтканда ал теректин бутагынан учуп түшөт да же ийнине, же башына конот, тумшугун, канатын жаагына тийгизип, эркелегенсип, бир нерселерди «айтып» кобурайт.

— Жеткен тентек,— дейт ал жөнүндө ээси жылмайып. — Үйдөгү куштарга кошуп койсоң баарысынын жазасын берет: биринин жемин талашып тартып алса, бирин бейкапар чокуп, жүнүн жулуп таштайт. Чакадагы сууну көрсө, ага кирине кетет. Сууну чачып кирсе, үйдү көлгө айландырат. Кирингенди абдан

жакшы көрөт. Курсагы ток, көңүлү ачык болсо, бир күндө беш-алты жолу сууга түшө берет. Мага абдан үйүр. Башкаларга барбайт. Чакырып жем берсең да жолобойт. Кесмени жакшы көрөт. Кокус менин кесме ичип олтурганымды көрсө, столго олтуруп, табактагы кесменин биринен сала экинчисин сууруп, шорпосун ары-бери чачыратып, сугунуп кирет. Сыягы узун кесме ага сөөлжан болуп көрүнөт окшобойбу.

— Алыска кеткенде буларды кадимки өз балдарымдай сагынып калам,—дейт шайыр, күнгө жүзү тотуккан, кырктан ашып калса да жигиттей көрүнгөн бул адам. Ага кошулуп жолго жөө чыксаңыз сөзсүз чарчап каласыз. Бир күндө 40—50 километр жол басуу ага көндүм, адат. Эртеден кечке чейин жанында жүрсөңүз куштар жөнүндө өзүнчө кызыктуу китеп окуп чыккандай эле болосуз.

Шайыр деген боз чымчыгы чын эле кызык экен. Башка куштарга кошулуп чоң капаста жашап жатканына карабастан, бөтөндөргө тийбейт, көп сайрайт жана дайыма көңүлү куунак, шайыр, ачык. Бирок, ал эч кимге тийбесе, бөтөндөр да аны сыйлайт окшойт: жаңы берилген жемдин ичиндеги эң майлуу, эң даамдуу кара куурай менен күн караманын данын ал биринчи болуп жеп, таза, жылуу сууга биринчи болуп киринет. Тажысын үрпөйтүп «Кы-ыш!» деп доош чыгарганда капастагы башка кооз куштар дымы чыкпай басылып калышат. Мунусу: «Жаагыңарды баскыла! Азыр мен сайрайм. Калганыңар угуп гана олтургула. Мына минтип сайрабайсыңарбы!»— дегени болсо керек. Анан чын эле сайрап кирет. Магнитофон болуп жазып алса, аны пластинкага да нускалап көбөйтүүгө мүмкүн болор эле. Сөз менен кайрыктарын айтуу кыйын.

В. Макаров Шайырдын жанына олтургузуп жүрүп башка куштардан бир топ шакирттерин тарбиялап өстүрдү. Бул куштар анын сыймыгы, өмүрүнүн сый-

мыгы, өмүрүнүн максаты, көп жылдык аракеттеринин үзүрү жана жемиши...

1972-жыл. 16-июль. Жекшемби. Күндүн ысыганын айтпа — жөн эле мээ кайнайт. Биз үч киши болуп альпинисттердин лагеринин батыш тарабына барып калдык. Максат — ар кандай сайроочу куштардын жасаган уясын көрүү, кимдир бири сайраса — магнитофонго жазып алуу. Ырас, жазып алууга биз көп деле ишенген жокпуз. Анткени, Фрунзеде үп болуп, адамдар эмес, көгүчкөн, бактек, чабалекей акактап, суусунду гана эңсеп, көл-шал тердеп турган кез.

Талаага чыкканы бир дагы канаттууну кезиктирбедик. Баарысы эптеп көлөкө таап, жашырынып калгандай. Темир жолго жете бергенде рельсалардын кара май жыты алыстан эле сезилди. Жайкысын шпалдын майынын күйгөнү казанда куурулган майдан бетер бир бөтөнчө го. Жол менен кубалашып бараткан шынадай түз карагайлар. Ага тартылган зымда төрт чымчык отурат. Жөн отурбай, таңшып сайрап жатат.

— Ой, мына булар аптаптан да тайманбаган эрлер го,— деди Эркин. — Биз булоолонуп тердеп, араң келатсак, буларың жаагын баспай сайрап олтурушканын көр.

— Кайсы чымчык болду экен?— деп Тобокел таң калды. — Июль айында сайрап жатышса, булар укмуш. Ушул жерге бир аз олтуруп, эс алып, терди кургаталы.

Аңгыча Беловодскоеден чыккан поезд көрүндү. Жүк тарткан вагондору эң эле көп. Алыстан локуйган ажыдардай атырылып келатат. Дөңгөлөктөрү шака-шук, шака-шук эткени тээ алда кайдан эле угулду.

— Тигил поезд буларды үркүтмөк болду ээ? Кап, кичине коё туруп анан келсе, эмне болмок эле?— деп мен да наалып, көңүлүм чөгө түштү. — Биз пленкага буларды жазып албайт белек.

Поездге да, туш-тушта кара-көк тарткан кызылча

аянттарына да, тигил зымдагы төрт нокоттой чымчыкка да таңыркай карап, биз суусу жыбылжып аккан арыктын суусуна бутубузду түшүрүп, эс алып олтуруп калдык. Эч ким үндөбөдү. Үндөмөк кайда? Ала-шала тердеп алганбыз.

Адегенде эки паравоз, анан жетимиш эки вагон жаныбыздан күрүлдөп-шарылдап учуп өттү. Поезд өткөндөн кийин үчөөбүз тең ошол замат макулдашпай туруп зымга карадык. Баягы окшошкон төртөө өз-өз ордунда олтурушат. Жанагыдан беш бетер үн безешет. Убакытты коротпой магнитофонго ырын жазып кирдик. Кайрыктары даана, ачык түшүптүр. Кийин гана ошол кайрыктарды салыштырып чыксак, ал боз чымчыктын сайраганы болуп чыкты.

Жолубузду улап, үч-төрт сааттан кийин өзөнгө кирдик. Кайың, бөрү карагат, караган, мажрүм тал, мырза терек, бадал, карагай өскөн жер экен. Салкын. Жанатан бери чарчаганыбыз унутулуп, эс албай токойду аралап, өрдөп кете бердик. Улам жогорулаган сайын сайраган чымчыктар көбөйө берди, акырында алар хорго айланды. Токтодук. Алачык жасап, ичине кирип жаттык. Мындайда ашык сөздүн кереги жок. Башкы чечен — жаратылыш. Ошол сүйлөйт. Доошун ук. Көңүлүңө түй. Жүрөгүң менен сүйлөш. Сырдаш. Акылдаш. Ошол күн сенин сезимиңде беш-он-жыйырма жылдан кийин да сөзсүз кылт этпей койбойт. Ошондо сен бүт өмүрүңдү кайрадан дагы бир жолу жашап өткөндөй болосуң.

Кенен алачыкта үч күн жаттык. Магнитофондун эки жүз метр пленкасы токой сыйкырчыларынын доошуна, үндөрүнө, кайрыктарына толду. Эки жолу түн ичинде бизге «ууру» тийди. Менин баштыгымды сүйрөп кетип, элүү метр жерге сүйрөп барып жыртып, нанды, конфетти, быштакты чала-була жеп, тунуке банкаларды ача албай, бир топ майыштырып, сыртындагы жазуу кагаздарын тытып, ар кайсы жерге

тоголотуп кетиптир. Эки консерваны адегенде таба албай койдук эле, алар бир чоң таштын коңулунан чыкты.

— Ой, бизге келген ууру ким?— деди Эркин кежигесин тырмап.

— Менимче кашкулак же түлкү,— деди Тобокел.

— Аюу болуп жүрбөсүн?— деп мен да оюмду ортого салдым.

Бирок, эч кандай из калбагандыктан бизге «меймaнга» ким келгендиги ошол бойдон табышмак болуп кала берди.

Бул сапар Эркин бадалдын ичинен боз чымчыктын уясын тапты. Биз токтогон жерде алар айрыкча көп экен. Бирок, баарысы эле мыкты сайрабаганын, кээси жеткен чебер, кээси эптеп-септеп бир нерсени кобураганын билдик. Болжолубузда тигил уя айрыкча мукамдуу сайраганыныкы болуш керек эле. Уяда агыш-көгүш, кызгылтым чекиттери бар төрт жумуртка жатыптыр. Мен күнгө бир-бирден алып карасам али тунук экен. Сыяга жаңыдан гана тууп жатса керек. Адатта алар 5—6 жумуртка туушат. Али муздак, демек, басыла элек.

— Булар дагы тууп алышат. Мунусун биз олжого алып туралык,— деп мен жумурткаларды алдым да, пахтага бир-бирден кылдат ороп, кутучага салдым. Капкагы ачылбас үчүн, аны резинка менен байлап койдум.

Жумуртканы алган себебим: үйдө ошол маалда төрт ургаачы канарейка жаңыртып уя салып жатышкан болучу. «Ошолордун бирине бастырсам кандай болор эле?»— деген кызык суроо мени көп жылдардан бери тынчымды, уйкумду алып келаткан. Жапайы куштардын балапанын үйдө чыгарсам чоң жетишкендик эмеспи? Жумурткасы эле табылчу эмес. Эми табылып отурат. Аны да Эркин болбосо, мен көрмөк эмесмин — боз чымчык уясын калың бадалдын ара-

сына 2 метр бийик жерге абдан жашырып салыптыр. Эркиндин көрөгөчтүгү ушул сапар ишке бир жарады. Мен ага да сайроочу куштардан бөлүшүп берип жүрүп, кийинки жылдарда өзүмө шакирт кылып алгам. Ошонун чоң пайдасы бир тийди бу сапар.

Төрт жумурткадан (аларды үйдөгү Изольда деген эң сонун боорукер, мээримдүү канарейканын ургачысына ишенип бастыргам) төрт балапан чыкты. Бир жума ал жапайы балапандарды жумуртканын сарысы менен бактым. Анан жумурткага «манкадан» — бүртүктөлгөн, майдалап акталган буудайдан кошуп берип жүрдүм. Он беш күн болгондо төрт балапан тең уядан учуп чыкты. Эми аларга акталган таруудан, күрүчтөн, буудайдан ботко бышырып, муздатып, ичине азыраак кумшекер, туз, жумуртка, балыктын майын кошуп, какым-кукум, бака жалбырак, бедени, капуста, сабизди туурап аз-аздан берип жүрдүм. Бир ай дегенде алар кадимки боз чымчыктарга окшоп калышты. Эки ай болгондо эркектери тамагын бүлкүлдөтүп, сайроого аракет көрө баштады. Үчөө эркек, бири ургачы экен.

Бир жылдан кийин экөө калды — эркеги менен ургаачысы. Эки эркегин эки досум—Эркин менен Тобокел алып кетишти. Бирок, кийин экөө тең учуруп жиберишиптир. Же мага ошентип айтып коюп, өзүлөрү мышыктарга жедирип коюштубу, не жакшы бакпай, өлтүрүп алыштыбы, ачыгын билбейм.

1975-жылы май айында мен өзүмдө калган боз чымчыктын эркегине алиги аталган Изольданы кошуп көрдүм. Аларга чоң капастын бирин атайын бөлүштүрүп берип, балконго койдум да ичине кичинекей арчаны тиктим. Уя илдим. Бизди көрбөсүн, чоочубасын деп капастын жартысын чүпүрөк менен калкаладым. Жемди, сууну, кумду этият алмаштырып, тигини көп чоочуткан жокмун.

Июнь айында Изольда үч балапан чыгарды. Бирок,

экөө темир канат кезинде эмнегедир өлүп калды. Эмне жетишпегенин билбейм. Бири чоңойду. Эркек экен. Куду атасына окшош: жону боз, куйругу күрөң, төшү мала-кызыл, башы саргыч-кызыл. Аргындаштырылганына карабастан атасындай эң тынчы жок бейбаш, шок чыкты.

Ооба, ушул жерде айтып кете турган нерсе — боз чымчык мыкты сайраганына карабастан, адам баласына таптакыр үйүр албайт, үйрөнбөйт. Канча жыл баксаң да ал жапайы бойдон кала берет. Колдон жем жемек мындай турсун, жанына жолотпойт. Капасына бир-эки метр жакындаганда эле канаттарын каккылап, каршы-терши туйлап учуп, тынчы кетет. Урунат, кагылат. Тура берсең, ал секирип, туйлап жатып канаттарын, тумшугун сындырып алчудай. Өтө азоо жана албуут. Башка сайроочу чымчыктар деле адамдан коркот дечи. Бирок, боз чымчыктай шогу, жүрөксүзү. тынчсызы жок чыгар.

Мендегиси төрт жылдан бери жашайт. Капасы терезеде турат (жапайы чымчык эмеспи, ага жарык, күн нурлары, жылуулук керек). Тынымсыз сайроо үчүн айнек парданы тартып коём. Ал бизди көрбөйт, мен аны көрөм. Эмне кылып жатканын, кайсы жемди жегенин байкайм. Байкоо жүргүзбөсөң куштарды сүзү, тынчсызы жок чыгар.

Тигинден чыккан балапан энесин өң, түспөл жагынан гана тартканы болбосо, мүнөзү, шоктугу жактан атасынан ашпаса, кем калышпайт. Эртеден кечке чейин оңко-чоңко атып, сальто жасап, кутурганы — кутурган. Үйдө киши жок болгондо гана тыным алып, жемин жейт, киринет, сайрайт. Сайраганы атасынын сайраганына окшош. Азырынча башка кайрыктардан үйрөнө элек. Балким бара-бара үйрөнөр. Канчалык айтканы менен алы жаш эмеспи. Сайроочу куштардын эркеги үч-төрт жылда гана толук баралына, табына жетишет.

Үйдө жашаган боз чымчык жазында (февраль — март) азыраак түлөшөт. Төшү менен чокусу гана түлөйт. Мурда алар бозомук-кызгылт болсо, эми түлөгөндөн кийин ачык-кызыл өңгө боёнушат. Жошодой төшүн, таажысын көрсөң өзүнчө ажайып периште. Далайга чейин жанынан кетпей, карай эле бергиң келет, бирок... каратпайт. Бир жерге тынч алып отурбагандан кийин кантип карайсың?!

Эгерде төшү жошодой кызыл боз чымчык көрсөңөр, ал төрт жашта деп эсептей бергиле. Ага чейинкилеринин төшү, башы кызгылтым — сары же ачык-боз, чийдин өңүндөй. Ургачысы бопбоз, канаттарынын учтары гана кара, төшүндө кызыл өңдүн белгилери да болбойт.

Боз чымчык Ыраакы Чыгышта гана жашабайт, башка жерде ал кеңири жолугат. Биздин республикада, Казакстанда, Украинада, Кавказ, Крымда, Белоруссияда айрыкча көп кездешет.

Татынакай бул чымчык жалгыз жашай албайт. Бири-бири менен кээде чатакташса да уяны бири-бирине жакын салып, ошол уялаган кезде бир аз чырлашып, ырктапшпай, башка мезгилде топ-топко биригип, жер которуштуруп жүрүшөт. Аларды анчалык чоң эмес токойлордон, аңыздардан, эгин тилкелеринен, адамдар жашаган жерге жакын жерлерден көрүүгө болот.

Ал бир жылда эки жолу балапан чыгарат. Биринчи жумурткасын май айынын ортосунда тууйт. Экинчи балапандары июль айында чыккандан кийин чоңдору көп узабай түлөй баштайт. Жакшы жери боз чымчыктар жумурткасын же балапандарын эч качан таштап кетишпейт. Башка куштар, мисалы, чабалекей, жылкычы чымчык, япониялык кичинекей кекилик, мыймыт, кызыл төш жумурткасына же балапанына адамдын колу же көзү тийсе, баспай, же бакпай таштап кетишет. Боз чымчык антпейт, уядан аны көп




**1. Африкалык кекилик 2. Башайы чымчык 3. Мыймыт 4. Таранчы**



1



2



3

1. Үкүлүү торгой

2. Чыйырчык

3. Кекилик

жолу чоочутуп, коркутуп таш менен уруп качырсаң деле кайра-кайра келип, өз милдетин — тукум улоосун — ыйык түрдө уланта берет.

В. Макаров бир жолу үйүнө боз чымчыктын бүтүндөй үй-бүлөсүн — ата-энесин кызыл эт балапандары, уясы менен алып келип, капаска салып, короого илип коюптур. Эмне болор экен деп капастын оозун ачып койсо, эркеги менен ургачысы учуп чыгып, бактан курт-кумурска, чөптөрдүн дүмбүл уругун терип, капастагы балапандарына ташый баштаптыр.

— Балапандары учууга жарап калганда,— дейт ал,— бир жолу эртең менен карасам жетөө тең короодогу зымда катарга тизилип олтурушат. Үйдөн чыккан мени көрүп, баары «чыйт-чуйт» этип, ары жактагы бакка кетишти. Капас бир апта ачык турду. Бири да кайрылып келген жок. Алкышты билбеген немелер экен деп күлүп калдым...

Балапандары ата-энесин дагы көпкө чейин ээрчип, бирге жүрүшөт. Август айында боз чымчыктар өзүлөрүнө тектеш, тукумдаш, классташ башка майда чымчыктарга кошулуп, акырындап күн жылуу жактарга, түштүккө көчүп жөнөшөт. Сентябрь айында, октябрь айынын ортосунда жүз — эки жүздөн турган боз чымчыктын топторун талаадан эрмен, алабата, шыбак, шыралжын, бака жалбырак, какым-кукум, уйгак өскөн арыктардын, жолдордун жээктеринен көрүүгө болот. Октябрь айында көздөн биротоло кайым болушуп, эми апрель айында гана көзгө кайра көрүнүшөт. Адегенде эркектери, артынан бир жумадан кийин ургачылары келишет. Эки тарап кошулар замат, эки экиден бөлүнүп, уя сала турган ыңгайлуу жер издешет. Ууяны сөзсүз талаага жакын жол бойлорундагы кара жыгач, жийде, өрүк жыгачтарына салышат. Көпчүлүк учурда таранчылардын тобу менен бирге жүрүшөт.

Боз чымчыкты багуу башкаларга караганда бир эсе жеңил да, бир эсе кыйын. Адеп бага баштаган

адамдардын колунда ал көп учурда өлүп калат. Анын себебин көп жылдап байкоо жүргүзүп жүрүп таптык. Көрсө боз чымчык опкок, курсагы тойбогон канаттуу экен. Талаада ал кара куурай, эрмен, шыбак, ала бата, уйгактын гана уругун жейт. Ал уруктарда майлуу кислоталар аз. Капастагы жемде майлуу заттар көп. Ал адегенде эле жемдеги күн карама, жаңгак, кара куурайдын дандарын терип жейт. Ошондон ашказаны бузулуп, ичи өтүп, боору көөп бат эле өлүп калат.

Боз чымчык өлбөй он-он беш жыл жашап, көп сайроо үчүн анын капасын терезеге коюп, жарымын газета же чүпүрөк менен көлөкөлөп, жемди күнүнө эки жолу — эртең менен жана кечинде жарым чай кашыктан гана берүү керек. Ал жемдин ичиндеги майлуу гана уруктарды жебестен, анчалык даамсыз, таруу, сары куурайдын данын, зыгырды, акталган сулуну, отоо чөптөрүнүн уруктарын бүт жегендей болсун.

Эгерде эң сонун сайраган боз чымчык колуңарга тийип калса, бул чоң байлык. Аны асырай, сактай, бага билгиле, жем, суусун бир да күнгө унутпагыла. Жакшы баксаңар анын акыбети кайтпай койбойт. Акыбети — кубулжутуп, жан жыргатып, делебени козгоп сайраганы.

## 4. КАРА ШАКЫЛДАК

— Кара шакылдак эмне экенин билесиңби?— деп мен бир жолу айылдык мектептин сегизинчи классынын окуучусу Жумабайдан сурадым. Бала эки жагын элеңдей карап алды да, сыягы «бу киши мени тамашалап жатабы?» — дегенсип:

— Шык!— деп башын чайкады.

Бул сөздү башка дагы бир топ балдардан сураганымда алар да билбегендиктерин айтышты.

Балдардын кара шакылдакты билбегенинде айып да, күнөө да жок. Себеби, бул куш биздин жерибизде мындан төрт-беш жыл илгери гана пайда болду. Туруктуу жери Кавказдын жана Крымдын чытырман калың токойлору.

Аты эле айтып тургандай бүт тулку бою көөдөй капкара. Эркегинин тумшугу гана саргыч-кызыл. Ургаачысы боз, тумшугу да боз. Эркеги коркунуч туулса же адам баласы жакындап калса, чочугансып «чак-чак» деп үн чыгарып турат.

Мен ушул аңгемемди тоодогу бак ичинде жазып олтурганда алыс эмес эле жерде бир шакылдак тынымсыз сайрап жатты. Аярлап карасам калың бутактуу өрүктө уясы бар экен. Ургаачысы жумуртка басып олтурат. Боз тумшугу гана көрүнөт. Жолдошу кезек-кезеги менен уяга учуп барып, жумуртка басып олтурган курбусуна узун сөөлжан, чымын-чиркей, чегиртке, үлүл, көпөлөк берип турду. Анысы эреркегенсип, канаттарын дирилдетип, «кыш-кыш» деп аяр үн чыгарып жатты.

Курбусунун да, өзүнүн да курсагы тойгондон кийин капкара жалтырак жүндүү шакылдак өрүктүн кылдай учуна конуп алып: фи-ти-ти-и тү-тү-ү; фи-ти-ти-и-тү-тү-ү,— деп мукамдуу сайрап кирди. Сайраганын мен өз тилибизге «которууга» аракет кылдым. Шакылдак магабы, курбусунабы, айтор, бирибизден: «Чай берчи мага!», «Чай берчи мага!» деп сурамжылап жаткансыды.

— Келе кой, термосто чай бар, бирге ичели,— деп чакырсам, алиги Жумабайдай болуп «шык!» деп коюп, ары учуп кетти. Артынан күлүп калдым. Бир мүнөт өтпөй 50—60 кадамча жерден кайрадан эле баягы: «Чай берчи мага!» «Суусады жаным!» деген үн жаңырды...

Кара шакылдак Фрунзе шаарында да жакында эле пайда болду. Мурда жок болчу. Сыягы чоң шаардын

дүпүйүп өскөн бактары, скверлери, парктары, гүлзарлары ага Кавказ менен Крымдын нымдуу, калың шактуу токойлорун элестетип кетсе керек. Аз эле мезгилдин ичинде аябай көбөйүп кетишти. Алар көбөйгөнү алма-өрүк сыяктуу жемиш бактарына мурдакыдай болуп курт да көп түшпөй калды. Пайдалуу куш окшойт. Эми муну ар тараптан корукка алуу керек.

Жакшы сайраганын элестеп былтыр мен да бирин баккым келди. «Үйдө ар кандай куштарым көп,— деп ой жүгүрттүм. — Дагы бир кара шакылдак баксам ашык болмок беле?»

Көп ойлоно бергендиктенби, билбейм, эми кайра шакылдак түшүмө да кирчү болду. Зоологиялык дүкөнгө да бардым. Башка куштар көп, бул сатылбайт экен. Сайроочу куштарды баккан тааныштарды да кыдырып чыктым. Акыры Ыбрай аксакалдыкына келдим. Кожолук үйү бар бу кишинин. Короосу гана эмес, айванканасы да, ашканасы да, бастырмасы да бүт капас. Бир жагында «Бытпылдык! Бытпылдык!» деп бөдөнө жаагын жанып жатса, экинчи жагында кызыл каш кекилик безеленет. Кыргоол, чил, узун тумшук чукулдук, сары айгыр дүмпүлдөк, куркулдай, кызыл баш, эжеке бээ саа, мыймыт, башайы чымчык, кара жылкычы чымчык... Койчу, баарысын санап чыга албайсың. Кээсинин кыргызча аттарын да таппайсың. Мисалы, чекан, дубонос, реполов, клёст деген кайсы куштар? Кыргызча аттары барбы? Сөздүктө жок. Баарысын: Сайроочу куштардын бир түрү — деп жазып таштаган...

Эми мен ошол Ыбрай аксакалдыкына келдим.

— Оо, кел, балам, көптөн бери көрүшпөй, сагынып, үйүңө барайын деп жүрдүм эле. Өзүң келдиң, ырас болбодубу! Бир кызык тамаша болду. Айтып да, көрсөтүп да берейин — деп божурай берди.

— Эмне тамаша? Жаңы куш кармадыңызбы?— деп таңыркай сурадым.

— Ооба. Болгондо да үчөөн.

Ал «Беломорканалын» адатынча түтөттү.

— Кандай куштар? Көрсөтсөңүз?

— Кара шакылдак.

— Мен да кара шакылдак издеп келдим эле. Издегеним сизден табылса, бактылуумун... О, Ыбыке, бирин мага берсеңиз, ырайым кылып.

— Макул, макул. Үчөөн мен эмне кылмакмын? Мага экөө деле жетишет. Ансыз да бирин коё берейин деп тургам...

Короодогу чоң капаста (бийиктиги үч метр, туурасы эки метр) капкара үч шакылдак олтуруптур. Көздөрү мончоктой, бизге ишенимдүү карашат. Улам бири: «Шык-шык! Шык-шык!» — деп коёт. Анысы: «Жолобо! Чокуп алам!» дегени болсо керек.

— Кантип кармадыңыз? — деп сурадым.

— Кызык тамаша дегеним ошол. Мен ашканадагы куштарыма суу берип жаткам. Короодон «чак-чак!» деген башкача үн угулду. Аярдап терезеден карадым. Чоң капастын жанында ага кире албай, эшигин издегенсип чымкый кара, узун куйрук, кызыл тумшук бир куш секирип жүрөт. «Кара шакылдак!» деп балача сүйүнүп кеттим. Муздаткычтагы чийки эттен топчудай кесип, ачык терезеден бут астына ыргыттым. Эт узун куйругуна тийди. Бир секирип алды. Учуп кеткен жок. Башын кыйшайтып, сол көзү менен жерде жаткан кызыл этке карады. Анан «тырс!» дедире чокуп, жутуп жиберди. Дагы ыргыттым. Аны да жеди. Дагы ыргыттым. Муну да жеди. Курсагы тойсо керек, учуп кетти.

Мен короого чыгып, капастын астыңкы эшигин ачып, ага жип байлап, ичине тууралган эт, нандын күкүмүн койдум. Жиптин бир учу менин колумда. Мен үйдө олтурам. Эки көзүм терезде — короодо, капаста. Пенсиядагы киши каякка шашмак эле? Күтүп олтура бердим, олтура бердим.

Арадан бир саат өтпөй короого эки кара шакылдак учуп келди. Артынан дагы бири көрүндү. «Атасы учкул канат эки балапанын ээрчитип келсе керек» — деп ойлодум.

Алар короодо ары-бери секирип, чак-чак деп өз ара «сүйлөшүп» бироокумга чейин жүрүштү.

Үчөө тең капкара, бирине-бири коёндой окшош. Буттары, манчалары узун, саргыч, бырыш-бырыш. Кээде бири: «Жанагыдан таштабайсыңбы?» дегенсип мен олтурган терезе жакка карап коёт. «Ии, жана эт жегени ушул экен!» — деп мен андан эми көз албай селейип олтура бердим. Акыры ал капастагы этти көрдү. «Чак!» деп бир жолу доош чыгарып, түз эле капаска кирди. Берки экөө бейкапар артынан ээрчиди. Үчөө талашып этти, нандын күкүмүн чокуй баштаганда жипти шарт тартып жибердим. Капастын эшиги жабылды да калды. Үч кара шакылдак мага заматта олжо болду. Бирин алам десең алып кет. Чоң капасың барбы?

— Бар. Азыр ичинде үкүлүү боз торгой олтурат.

— Торгойго кичине деле капас жетишет. Төбөсүн кездемеден тартып кой. Бөдөнөдөй улам секире берип башын талкалап алат. Чоң капасты буга бер. Бактектей немеге кенен үй керек. Анын үстүнө же чүпүрөк, же дермантин, же брезент тартып кой. Үйрөнгөнчө урунуп жатып, майып болуп калбасын.

— Эмне жем берем буга?

— Азырынча мен чийки жана бышырылган (куурулган эмес) эт, суугa же ынак сүткө тунуктурулган ак нан, сөөлжан, быштак, жакшы кайнатылган жумуртканын сарысын берип жатам.

— Канча күн болду колго түшүргөнүңүзгө?

— Бир айча болуп калды го. Адегенде чоочуркап, тынчы кетип, чебелектеп жүрүштү. Эми көнүп келе жатышат. Мен эртең менен эрте жемин табакка салып алып келе жатканда үчөө тең мени куттуктаган-

сып, кудуңдап сүйүнүшөт: «Ха-ха-ха-ха-ха-ха-ха-а!» деп «күлүп» жиберишет.

— Куштар да күлөбү?

— Булар күлөт. Угасың го сен деле кийин бага баштаганда. Бүгүн эртең менен эле «күлүшкөн». Азыр «күлбөйт», күн бешим болуп калбадыбы.

Кара шакылдактын бирин алып, сүйүнгөн бойдон үйдү көздөй чуркадым.

Чоң капаска отургузуп, Ыбрай аксакал айткан жемден берип, атын Чика деп койдум.

Бир жумадай Чика сайраган жок. Мүмкүн таптакыр сайрабай деле калат беле, ким билет, бирок ээси — Ыбрай келип, бу сапар да жакшы кеңешин берди.

— Сайрадыбы? — деп сурады ал көмүрдөй кара кушту көргөндөн кийин. — Тулку боюна, сыйдаң эмес, үрпөйгөн жүнүнө караганда буга суу жетишпей жаткансыйт.

— Суу берип эле жатам,— деп актандым.

— Кандай идишке?

— Консерванын банкасына.

— Жарабайт. Буга чоң идиш керек. Кирингенди, сууга чүмкүгөндү жакшы көрөт. Балдар универмагына барсаң кыздар куурчактарын киринте турган пластмасса дагыраларын сатып жатышат. Бирин ал. Ширеңкенин калыңдыгындай суу куюп тур. Киринсе жүнү таза болуп, жакшы сайрайт. Мендегилер алым сабак айтышып, эртеден кечке чейин обон салышат. Барып угуп кет. Укмуштай сайрашат экен. Бир кайрыгы бир кайрыгына окшобойт.

— Булбулдан да артык сайрайбы?

— Булбулду биринчи орунга койсок, кара шакылдакты экинчи орунга коюуга болот.

— Кекилик менен бөдөнөчү?

— Оо, аларды сайроо боюнча жыйырманчы орунда турушат десек болот.

— Үчүнчү, төртүнчү орунда ким?— деп таңыркай сурадым, анткени, сайроочу куштарды орун боюнча бөлүштүрүүнү биринчи жолу угуп олтургам.

— Сайроочу куштар деп сен кимди түшүнөсүң?— деп насаатчым менден кайра сураса болобу.

— Сайроочу куштар... Сайроочу куштар да,— деп мукактандым.

— Ээ, билбейт деле турбайсыңбы?

Аксакал наараазы болгондой күңгүрөндү.

— Кайрык, төгүлүү, ыргак куюу, ышкырык, бир түрдүү обон салуу, жарын атынан атап чакыруу...

— Чымчыктар да жарын атынан чакырышабы?— мен ышкыбоздун сөзүнө көп ишенген жокмун.

— Ананчы!— Ал мээрим жылмайды, көзү жүлжүйүп кареги гана күлүп тургансыйт. — Атап айталы: күкүк эмне деп шаңшыйт? Ал жары Сейнепти чакырат. Сүтакчы? Суйкайган апакай куйрук келинчегин атап: «Сүтак — Сүтак»,— деп аны издегени. Издегенде да жаратылыш жамы ойгонуп келе жатканда таңга жуук доошотойт. Чоң сары чымчыкты көрдүң беле? Чоңдугу күкүктөй. Төшү, мойну, башы сары майдай же байчечекейдей десең да болот. Ал күн шашке ченде талдын ийилип турган бутагына конуп алып: «Мен кимге күйөө? Мен кимге күйөө?» — деп сурай берет. Өзү эртеден кечке чейин жерге түшпөйт. Жалбырактарындагы, жыгач кабыгындагы курт-кумурскаларды терип жан сактайт... Кекиликчи? Ал өз курбусунун да, өз атын да «кекилик» деп чакырат. Сайраганы да бат-бат айтылган: «ке-ки-лик, ке-ки-лик»,— деген тыбыштардай угулат. Ишенбесең улуу тоого чыгып, жалама көк зооканын кырына олтуруп, кулак түр. Ошондо оңдон да, солдон да, арттан да, бет маңдайдан да байыркыдай эле: «ке-ки-лик, ке-ки-лик, ке-ки-лик!» деген доошту даана угасың. Ооба, кекиликтер мындан жүз, миң, он миң жыл илгери деле ошентип өз атын атап сайрашкан. Же кадимки бөдөнөнү тың-

ша. Эркеги гана үн салат. Ал эмне дейт? Ургаачысын ашка чакырат: «Быт-пыл-дык, быт-пыл-дык, ашты быйыл көп жыйдык, ашка келип кеткиле, батаңарды бергиле!» Бул үндү угуп, ургаачысы бөйтөңдөп чуркап келет... Экөө уя салышат.

— Кара шакылдак кантип сайрайт?

— Тыңшап жүрсөң өзүң бир күнү туярсың. Жүрөгүң, акылың, зээниң жана сезимиң бар болсо, ал кандай айтса, так ошондой сайрайт, ошондой түшүн...

Айткандай эле мен Чикага куурчактын дагырасын койдум эле, ошол замат суусуна чүмкүп-чүмкүп алды. Эки күн өтпөй таңга жуук биринчи жолу сайрады. Беш кабат чоң үйдүн төртүнчү кабатындагы балкондон кара шакылдак кубанычтуу шаңшыса, тээ алда кайдан угулат экен. Үйдүн жанынан өтүшкөн кишилер баштарын жогору көтөрүп, баш кийимдерин түшүп кетпесин деп коомай кармап, ырчымдын үнүнө кулак төшөшөт. Мен кызматыма жөнөп бараткан-да Чиканын бийик чыккан доошу көпкө чейин угулуп турат.

Күн өткөн сайын Чика улам тапка, өңүнө келип, жүнү жылтырап, көп сайроочу болду. Чика тынбай төрт ай сайрады. Анан түлөп, жүнү түшүп, унчукпай калды. Жаңы жүн өсүп чыкканча күз да кирип келди. Күн, айрыкча түн суук тартты. Майда куштарды үйгө киргиздим. «Чиканы кантем? Ал чоң. Үйгө капасы батпайт. Ары ойлоп, бери ойлоп жатып, акыры коё бермек болдум.

Капастын эшигин ачып, өзүм үйдөгү пардага жашырындым. Беш-алты жолу: «Чак-чак!» деп алды. Капастан чыкты. Туш-тарабына карап-карап коюп, кайрадан «үйүнө» кирип олтуруп алды. Мен ишке кеттим. «Эмдигиче учуп кеткен чыгар» — деп төрт сааттан кийин тамактанууга келсем баягысындай эле ордунда соксоюп олтурат. Капас ачык. Жемин жеп,

суусун ичип, киринип, тазаланып алыптыр, учуп кетүү оюнда да жок.

Капас үч күн ачык турду. Төртүнчү күнү гана Чика эртең менен учуп кетти. Бет маңдайындагы бакка конду. Ал ошол жерди пааналап, алыс учуп кетпей, кээде биздин балконго учуп келип, кээде бийик карагай мамынын учунан көзгө көрүнүп, Чика кыштап чыкты. 1975-жылдын так 23-февралында мени аскер күнү менен куттуктагансып, өз капасына кайра учуп келди. Анын оозу ал кеткени ачык турган.

Туурап эт, майдалап быштак, нан, суу берип, сүйүнүп тосуп алдым. Азыр былтыркыдан беш-бетер кубулжутуп сайрап олтурат.

## 5. МЫЙМЫТ

Сайроочу куштардын бири Мыймыт. Ал эң эле кичинекей. Сыртынан карап, куш деп да айта албайсың. Себеби, чоңдугу Сибирь көпөлөгүндөй.

Эгерде биз Европа жеринде байыркы өткөн заманда жашаган адамдардын алтын барак тарыхын ачып көрсөк, кызыктуу, таң кала турган көп окуяларды окуйбуз.

Көпөстөрдүн, мырзалардын, байлардын аттарын такалаган уста; алтынды эритип шакек, билерик жасаган зергер; жөн эле арабакеч болуп иштеген киши; жер астынан көмүр, темир, жез кенин казган жумушчу; ар түрдүү жаныбарлардын терисинен кайыш тилип, кайыш жип жасап, өтүк ултарган өтүкчү; ээн талаа, эрме чөлдөгү таш жолдун боюндагы жалгыз — жакыр бечара; балбан билек дөөшүүчү, айтор, бардыгынын үйүнөн биз так ушул көк жашыл түстөгү, чоңдугу Сибирдин көпөлөгүндөй чымчыктын дайыма жашап келгендиги тууралу окуйбуз. Карапайым дыйкан, жумушчу кишилер тырнактай бул чымчыкты атам

замандан бери жакшы көрүшчү. Азыр да, сайроочу куштардын аттары, түрлөрү такталган, далилденген кезде да жакшы көрүшөт.

Бүт тулку бою жашыл, тырмактары жүз эсеге кичирейтилген бешиликке (айрыга) окшош, төбөсү чымкый кара, куйругу устара менен кесилгендей кыска бул чымчыкты чоң адамдар да, мектеп окуучулары да жанындай кымбат көрүшөт. Себеби эмне?

Эгерде эрте жазда же эрте күздө чоң шаарлардын эл кайнаган базарына барып калсаңыз (мен бу жерде Оштун, Таластын, Нарындын базарлары жөнүндө айтып жаткан жерим жок, анткени, ал жерде азырынча куш базарлары ачыла элек, мен Москва, Ташкент, Ленинград, Варшава, Лондон, Париж сыяктуу чоң шаарлардын базарлары тууралу айтып жатам) узун-узун текчелерде сатылып жаткан көп сандаган түркүн сайроочу куштардын арасында сөзсүз мыймытты да жолуктурбай койбойсуз. Аны тынымсыз, күн сайын издеген, акактап сурамжылаган адамдар да көп. Баасы башка сайроочу куштарга караганда бир кыйла жогору турганына карабастан, эч бир күйөрман жана ышкыбоз «соодагер» менен соодалашпай, акылашпай, доолашпай сатып алат. Койнуна, чөнтөгүнө, себетине, кагазга, кутуга, консерванын банкасына, айтор, оңдуу жерине салып үйүн көздөй ашыгат. Адатта андай кишинин үйүндө сонун капасы, мурдатан белендеп койгон жеми, башка сайроочу куштары болот. Мыймыт ошолорго барып кошулса, ээсинин төбөсү көк асманга жеткенсип, сыймыктанып калат, ал бир-эки айдан кийин таанышына: «Мен баягыда базарга барып баланчадан укмуштай мыймыт таап алдым»,— деп төшүн койгулап мактана да баштайт.

Мен да Фрунзенин батыш тарабындагы чоң базарына жекшемби сайын барам. Өз ара кобурашып турган мүнүшкөрлөрдөн Москва, Ленинград, Семипалатинск, Тула, Свердловск, Барнаул, Новосибирск шаар-

ларынын жашоочуларында мыймыт көп болот экен деп угуп калам. Фрунзе шаарынын жашоочуларынын кээ бирөөлөрү аталган шаарларга атайын барып, каражатка да, машакатка да карабай сатып алып келишкенин өз көзүм менен да көп жолу көрдүм. Биздин жерибизде мыймыт көбүнчө Тянь-Шандын, Арстанбаптын, Сары-Челектин, Куландынын чытырман калың токойлорунда, айрыкча, ак кайың, карагай, эмен жыгачтары көп өскөн жерлеринде жашайт. Себеби, ал ак кайыңдын сөйкөлөрүн, карагайдын чайырлуу уруктарын жакшы жейт. Ак кайыңдын же карагайдын бийик бутактарына этияттап абдан кооз жана жылуу уя жасайт. Ошол уяга ургачысы жумуртка тууп, 13—14 күндөн кийин 4—5 балапан басып чыгарат.

Уяны жасаганга (майда чөп, койдун түлөгөн жүнүн, балыр, жыгачтын кабыгын жыйнашууга) аны шилекейи менен батташтырууга, жумурткадан чыккан соргок балапандарга жем бергенге эркеги да дилгирдик менен катышат. Ургачысы жумурткасын басып жатканда кара таажычан эркеги ак кайыңдын кайсыл бир бутагына конуп алып, эртеден кечке чейин безеленип сайрай берет.

Ызылдаган чымын-чиркей, ары-бери сойлоп жүргөн курт-кумурска кайсы жерде көп болсо, мыймытты ошол жерден издей бер. Айрыкча балапаны жумурткадан чыкканда аларды жалаң курт-кумурска, алардын урук-тукуму, жумурткасы менен багып чоңойтушат. Кийин (30—35 күн өткөн соң) балапандар биротоло жетилип калганда гана ата-энесине кошулуп, ар түрдүү дүйүм чөптөрдүн, жыгачтардын уругун терип жешет. Жаңгакты абдан жакшы көрүшөт. Бирок, аны өзүлөрү «жара» албагандыктан, тыйын чычкандардын аракетин алдыртан (башка бутактан) сыңар аңдып отурушат. Узун, жазы куйрук тыйын чычкан жаңгакты чагып жеп жатканда, андан түшкөн майда күкүм-

дөрүн терип жешет. Тыйын чычкан кайсы жерде жүрсө, мыймыт да андан алыс эмес жерде жүргөнүн көрүүгө болот. Ырас, кээде тыйын чычкандын курсагы ач болуп калса, ал мыймыттын уясындагы же жумурткасын, же балапандарын жеп коюп, мыймытка бир топ бүлүк салат.

Жайкы жашыл токой арасынан бул көк чөптөй кушту көрүү кыйын. Жалбырактарга куюлушуп кетип, такыр көрүнбөйт. Тыңшасаң гана тээ бийик ичке бутак арасынан «пи-пи-пи; ки-ки-пи; чий-чий-чэр!» деген мукам үн угулат. Ошол мыймыт.

Күзгө маал гана алар 20—30дан топко кошулуп, суу жээктерин, бадалдуу чытырмандарды, отоо чөбү көп калып калган талааларды кыдырып учуп жөнөшөт. Ошондо мыймыттарды дапдаана көрүүгө, эпчил болсоң бирди-жарымын тор жайып кармап алууга да болот.

Мен мындан төрт жыл илгери экөөн Чоң-Таштын жогору жагындагы калың бадалдын арасынан атайын барып кармап келгем. Соп-сонун жашап, көп сайрап жатышат. Өтө шайыр жана тиригарак. Күн карамасын данын арчып, алаканга салып, капаска сунсам эч бир чоочуркабай алаканыма конуп, данды шашпай жей баштайт. Мончоктой капкара көздөрү гана менин көзүмө тигилет. Сыягы куштар да, айбандар да адамдын көзүнөн гана коркот окшойт. Мен муну көп жылдардан бери байкап келатам. Бирок, себебин ушул кезге чейин биле элекмин.

Адамга мыймыттан башка башайы чымчык гана ушунчалык үйүр алат. Экөө үйдө 2—3 жыл жашагандан кийин (ал эми эгерде буларды жакшы бакса, үйдөгү капастын ичинде 15—20 жыл жашашат. Азыр Федор Иванович дегене аксакалдын үйүндө 18 жылдан бери жашап келе жаткан мыймыт, 12 жыл жашап калган башайы чымчык бар. Ар бири кеминде 5—6 жолудан учуп кетишип, кайра тууруна келишкен дейт

ээси сыймыктануу сезими менен) кокус учуп кетишсе да өз туурун кайра таап келишет.

Мендеги мыймыттар кача элек, капасы чоң, кенен, башка түрдөгү сайроочу куштар менен кошулуп жашашат. Башкаларга тийбейт, кээде гана күн караманын данын талашып калышат. Бирок, чокубайт, жөн эле канаттарын дирилдете, кара таажысын үрпөйтүп, «кыш-ш» деген доош чыгарат.

Кээ бир ышкыбоздор: «Мыймытка кандай жем берүү керек?» — деп менден сурашы мүмкүн. Айрыкча бул суроо жаш натуралисттерди көбүрөөк кызыктырат деп ойлойм. Эгерде кимдир бирөө мыймытты багып жатса, же аны баккысы келсе, эгерде бул канаттуу мектептеги жандуу бурчта бар болсо, анда ага төмөндөгүдөй жем берүүнү сунуш кылар элем.

Көп жылдык тажрыйбадан, байкоолордон келип чыккан сунуш бул: мыймыт күн карама, таруу, кара куурай, зыгыр, отоо чөптөрдүн уругун , карагайдын, ак кайыңдын сөйкөлөрүн, алма, алмурут, чиени, кызыл жана кара карагатты жакшы көрөт. Түлөй баштаганда ак кайыңдын, мажүрүм талдын, долононун жаш бутактарын берүү пайдалуу — ал кабыгын аарчып жейт.

Капаста дайыма тундурулган же булактын суусу, таза кум, жумуртканын майдаланган кабыгы, туз сөзсүз болушу керек. Кумсуз жемсөөсү аш болбой калган жемге шыкалып толуп, ал өлүп калышы мүмкүн. Кирингенди, тазаланып таранганды жакшы көрөт.

Сайроо жактан, адис катарында алып караганда, мыймытты булбулга теңеп болбойт дечи. Бирок, ал башка куштардын кайрыктарын үйрөнүп алууга жана аларды кайталап «кобурай» берүүгө жеткен уста. Мисалы, биздин үйүбүздөгү мыймыттын бири кээде бөдөнөдөй «быт-пылдык» деп сайраса, кээде кара жаак чоң жылкычы чымчыкты туурап: «ци-ци-фи, ци-цифи», «ти-ви, ти-ви, ти-ви» деп шакылдап жиберет.

Экинчиси башайы чымчыкты, сары айгыр дүпүлдөктү, кара шакылдакты да туурайт.

Бирок, мага сайраганына караганда адамга ишенчээктиги, татынакай тулкусу, көп жашагандыгы, колдон жем жегендиги көбүрөөк жагат. Мүмкүн башкалар да аны ушул сапаттары үчүн артык көрүшөр. Билбейм. Кээ бир ышкыбоздор үйүндөгү мыймыт жөнүндө не бир укмуштай кызыктарды айтышат. Аны Ала-Арча базарына барып калсаң, сен да угасың.

## 6. БАШАЙЫ ЧЫМЧЫК

Эмки сөзүм башайы чымчык жөнүндө болсун.

Биздин республикабыздын бактарында, токойлорунда, кокту-колотторунда сайроочу канаттуу куштардын ондогон түрү жашайт. Анын да эки түрү бар: башы кара башайы чымчык жана башы боз башайы чымчык.

Аты эле айтып тургандай бул чымчык өзбек элинин кыз-келиндери кийүүчү башайы кездемеге окшош: эки канатында сапсары өңдөгү сызыгы бар. Тумшугунун тегереги мала кызыл, төшү күрөң, башы кара же боз, куйругу, канаттары чымкый кара. Ургачысы менен эркеги бири-бирине коёндой окшош болгондуктан, ажыратып алуу өтө кыйын. Эркеги сайрайт, ургачысы сайрабайт, анын тумшугунун тегереги кызгылтым — саргыч. Ушул белгисинен гана аларды бири-биринен ажыратып билишет.

Өтө шайыр, бир орунда тынч алып олтура албаган, дайыма ары-бери секирип, курт-кумурска, чөптөрдүн уругун, жашыл ширелүү жалбырактарын жеген чымчык. Кээде ипичке бутактарга тырмагы менен жабышып, башын төмөн салаңдатып, термелгенди, оңкочоңко атканды жакшы көрөт.

Күзүндө, кышында жана эрте жазда таранчылар

сыяктуу чоң-чоң топторго биригип (кээ бир топтордо саны жүздөп саналат), бир орундан экинчи орунга көчүп, адам баласынан көп коркпойт. Чоң шаарларга да учуп келишет. Мен үйдүн жанындагы бактан бул шайдоот чымчыктарды жыл сайын көрүп жүрөм. Кээде бирин-экисин кармап алып багам.

Адамга өтө бат үйрөнөт. Эгерде атайын таптасаңар, колуңарга столго коюп койгон ширеңкени, каламды, конвертти, кагаздын барагын алып келип берип, башыңарга, ийниңерге конуп, алакандан күн караманын данын (айрыкча жакшы көргөн жеми) коркпой алып, ооздон суу ичип, чачыңды тумшугу менен тарайт.

Капастын ичине олтургузуп койгон башайы чымчык эгерде аны туура бакса бир- эки айдан кийин биротоло үйүр алып, урунбай, чоочубай сайрай баштайт. Кайрыктары өтө шайыр, кээде булбулдун «ырындагы» үч-төрт кайрыкты кайталап, кумарды кандырат. Бири-бирине ачуусу келгенде гана «ре-ре-ре» деп чыйылдап, канатын жазып, башындагы жүнүн үрпөйтүп, ага тийген «душманынын» жазасын берет. Бирок, өз ара сейрек урушат. Курсагы ачканда гана дан талашып, чатак чыгарышы мүмкүн. Мен чымчыктар урушпас үчүн аларды бирден багам. Бөлөк-бөлөк олтурганда эч нерсеге алаксыбай, шаңдуу сайрашат.

Башайы чымчыктардын мен көбүн багып көрдүм. Үйүмдө 4—5 жыл жашагандары болду. Бири да өлгөн жок. Коё бергенде көпкө чейин айланчыктап, бакка бир кетип, балконго кайра келип, жем сурап олтуруп алышчу. Жем берсем түнөп да калышчу. Беш-алты саат бир дагы дан бербей койсом, «ре-ре-рэ» — деп мени «тилдеп», анан гана учуп кетишчү.

Сайраганын көп угуп, моокумум аябай кангандан кийин мен башайы чымчыктын эркегин үй булбулу — канарейканын ургачысына кошуп, балапан алгым келди. Билермандардын айтымына карганда (биздин өлкөбүздө 3 миллиондон ашык адам үйлөрүндө сайроочу

чымчыктарды багып, аларга илимий байкоолорду жүргүзүп, кээде аргындаштыруу жолу менен жаңы түрлөрүн өстүрүп алышат) бул өтө татаал иш. Себеби, башайы чымчык үчүн кичинекей капастын ичинде жаратылыштагыдай шарттарды түзүү кыйын.

Мен бир башайы чымчыкты алмаштырбай үч жыл багып келатам. Сайраганы беркилерден укмуш. Жыл сайын май айында (канаттуу куштардын дээрлик көп түрлөрү май айында уялашат) чоң капастын ичине көбүрөк бутак «тигип», чөп-чар таштап, уя илип жүрдүм. Эч жыйынтык болгон жок. Башайы чымчыгым ургачы булбулга карап да койбой, өз ыры, өз жеми менен алек болуп жүрдү. Көп күндөр, айлар текке кетти.

Уялабай жатканынын себебин таппай бушайман болдум. Уянын ар кандай түрлөрүн жасап, жемдин не бир сонундарын таап келип берип жаттым. Жок, болбой койду.

Былтыр күздө ага булбулдун 4 айлык ургачы балапанын кошуп, эч кандай уя илбей, бир капастын ичине койдум. Экөө адегенде көп жолу чатак чыгарышып, биринин жүнүн экинчиси көп ирет бырпыратып жулушту. Бара-бара жаңжалы басылып, тынч алышып, башайы чымчык булбулга оозунан жем бере баштады. Дагы бир нече күндөн кийин тигинин жүнүндөгү чаң-паңды терип, тазалай турган болду. Экөө деги ынак болуп кетишти.

Ортодон беш-алты ай өтүп, май айы жаңырып кайра келди. Экөөнө чоң капас арнап, ичине мурдакыдай бутак байлап, чөп-чар, жүн, майда кесилген кендир таштадым. Балконго илип койдум да, жакшылап бага бердим. Он чакты күндөн кийин булбулдун ургачысы (бул мезгилде ал бир жашка чыгып калган болучу) адегенде бир жумуртка, анан күн ара дагы экини тууду да баса баштады. Башайы чымчыктын эркеги ага оозунан жем берип, бейтааныш кимдир-бирөө капаска жакындаса күрпкө окшоп жүнүн үрпөйтүп, «ре--ре-ре»

деп чайылдап, учтуу тумшугу менен айбат көрсөтүп жатты. «Эч кимден чоочубай олтурушсун»,— дедим да капастын бет маңдайын ак чүпүрөк менен пардалап койдум. Ичи жарык, суусу, куму, жеми көрүнүп турса болду да.

Арадан туура 13 күн өттү. Күндөрдү чатыраш дептерге жазып жүрдүм. Эртең менен жемин берип жатсам, капастан чыйпылдаган шоокум угулду. «Балапан чыктыбы?» деп ойлоп, тооктун жумурткасын жакшылап бышырып, сарысын майдалап туруп, идишке салып бердим. Ургачысы мен жумуртка берип жатканымды көрүп (сайроочу чымчыктардын баарысы эмнегедир жумуртканы жакшы көрүшөт экен), уясынан ошол замат учуп чыкты. Баш багып карасам чыпалактын тырмагындай эки балапан жатат. Баштары денесинен чоң. Тулку боюн түк баскан. Моюндары чыгырык жиптей ичке. Ооздору гана эпсиз чоң, чегиртке берсең батчудай.

Аңгыча энеси жумурткадан көп жеп, учуп келди эле, ооздорун аңырдай ачып, чыйылдай башташты. Алмак-салмак жемин беш-алты жолу сугунтту. Жемсөөсү мойнунда болот экен, ошол жери шишигенсип саргайып чыкты (балапандын териси өтө жука болгондуктан, жемсөөсүндөгү сары жумуртка даана көрүнүп турат экен). Энеси балапандарын тойгузуп, үстүнө жылытып олтуруп алды. Мен жумушума кеттим.

Жарым айдан кийин эки балапан темир канат болуп уясынын кырына чыгышты. Бир жумурткасы сасыткы экен. Энеси жаңы жумуртка туба баштады. Эки балапанга карап койсочу, аларды башайы чымчык күйпөлөктөп багып кирди. Капаска жумшак нан, күн карама, какым-кукумдун жалбырактарын, жумуртка, бышырылган картөшкө, тууралган эт, майдаланган сабиз, алма салып койсом, андан чокуп жеп, эки балапанга курсактарынын ачпаганына карабастан бере берди, сугунта берди. Энесинен да жакшы бакты.

Бир ай дегенде эки балапан кадимкидей чымчык болуп, ары-бери уча башташты. Эми жемди өздөрү жей турган болушту. Бирок атасы да артынан кууп жетип, жемсөөсүндөгү жеминен берип жүрдү...

Кийин, август айына чейин ургачы булбул дагы эки жолу үч-үчтөн алты жумуртка тууду. Бирок, балапан чыкпай, баарысы сасыткы болуп калды. Себебин ушул кезге чейин аныктай албай жүрөм. Мүмкүн кээ бир жеми же витамин жетишпей калдыбы...

Эки балапаны кадимкидей жетилди. Бири эркек, бири энесине, үй булбулу — канарейкага окшош. Эркеги бир орунга олтура албай, ары-бери секирип, жүгүнүп, кулдук уруп, эртеден кечке чейин сайрап олтурат. Азыр түлөп жатат. Кийин абдан кооз чымчык болобу деп күтүп жүрөм.

Байкоолоруma караганда башайы чымчык: уйгактын, күнкараманын данын, таруу, жапайы чөптөрдүн, зыгырдын, кара куурайдын, какым-кукумдун, ак кайыңдын уругун жакшы жейт экен. Ага жемди Фрунзедеги, Пржевальскийдеги, Жалал-Абаддагы, Оштогу зоологиялык дүкөндөрдөн, базардан сатып алууга, кээсин талаадан терүүгө, чарбакта өстүрүп алууга болот. Башайы чымчык баккыла, балдар. Ал өтө кооз жана жакшы сайраган куш.

## 7. КЫЗЫЛ ТӨШ

Кызыл төш — таранчыдан бир аз чоңураак, денеси чың, көкүрөгү балбандыкындай жазы, куйругу узун чымчык. Өңүн мен кызыл деп жатам. Чындыгында бул чымчыктын өң-түсү кудум канга боёлгон чүкөдөй. Айрыкча төшү коюу мала кызыл. Жошодой десе да болот. Кээде бул чымчыктын сүрөтү алиппеден, канаттуу куштар жөнүндө тартылган плакаттардан, киножурналдардан көзгө чалдыгат. Мүмкүн илимий аты да

бар чыгар, бирок «кызыл төш» деген аты мен үчүн баарынан артык, баарынан кымбат.

Мектепте окуп жүргөндө эле мен Талас өрөөнүндө, айрыкча Шекер айылынын төрт тарабында жашаган куштардан бактым. Кулалы, көк карга, сары айгыр дүмпүлдөк, бөдөнө, борбаш, куркулдак, жапайы өрдөк, турумтай, кекилик, чил... ушул куштардын баарысын багып көрдүм, сырларын үйрөндүм. Көбү сайрабагандыктан, кийин кадимкидей чоңойгондо коё берчүбүз. Бирок, ошондо эле колго ак кагаз, түстүү калем тийип калса болду, чыракты столго жакын коюп, кызыл чымчыктардын сүрөтүн тартканды жакшы көрөр элем. Эмнегедир, кып-кызыл чымчыкты кармагым, баккым келчү. Түшүмө да кирип чыкчу. Бирок, кызыл чымчык менин колума биринчи жолу балалык кез өткөндөн жыйырма жыл кийин тийди...

Бир жолу университеттин биология факультетинде окуп жаткан Сергей деген жигит (аны менен мен үчтөрт жыл илгери чымчык базарында таанышкам) мени эрте жазда тоого чакырып калды. Төмөн түздө кар жаңыдан кетип, жер бөрсөйүп, ар кайсы жерде жашыл чөп кылайып калган. Тоодо али суук экен. Күңгөйлөрдүн гана кары кетип, тескей бетинде кыш ызгаары жатыптыр.

Булак. Мал суусун ичет окшойт, таш менен тегерегин калап коюптур. Тегеректе бир да адам, ит-куш, жан деген көрүнбөйт.

— Ой, бул жакка отуз чакырым жол басып экөөбүз эмне үчүн келдик? — деп сурадым мен Сергейден ал булактын жанына оор баштыгын таштагандан кийин. Жигит мага жылмая карап коюп:

— Шашпаңыз. Азыр тамашаны көрөсүз. Күн кичине көтөрүлсүн, жылысын,— деди да баштыгынан узундугу, туурасы эки метрдей болгон жашыл тор, жука калтыркан табак, ар түрдүү чөптөрдүн уругу салынган бөтөлкө, ары-бери ийменделген кандайдыр боз

ала курттардан, кичикий капас алып чыкты. Жемден, курттардан табакка төгүп, булактын жанына койду да ала келген кыска-кыска төрт таякчаны таштарга кыстара тикесинен сайып, үстүнөн торду тартты. Тордун бир учуна узундугу 30—50 метрдей көк-жашыл ичке жип байланыптыр.

Ушул ишти унчукпай жасап бүткөндөн кийин Сергей аркы өйүзгө өтүп, мал сындырып кеткен арчанын калың бир бутагын көтөрүп келди. Аны булактын төмөнүрөөк жагына «тигип» койду.

— Иш бүттү,— деди ал колдорун аппак бет аарчысы менен сүртүп, ыраазы болгондой оор улутуна. — Эми биз тээтиги корум таштын арасына барып жашырынып жаталы. Кызыл төш чымчыктар булакка учуп келет. Былтыр так ушул маалда мен бул жерге келгенде, экөө сууга киринип жатыптыр. Мени көрүп учуп кетишкен.

— Мүмкүн бүгүн да ошондой болуп жүрбөсүн? — деп сурадым ичим ачыша.

— Ким билет? Болсо, болот да. Бирок, кызыл төштөр Африкадан биз жакка ушул апрель айынын капортосунда учуп келишет. Биздин тоолорго беш-алты күнгө токтоп, тоо чөптөрүнүн уругунан жеп, анан шалбалуу, саздактуу бадал жакка учуп барышып, ургачыларын күтүшөт.

— Эмне, адегенде эркектери «көчүп» келеби?

— Ооба. Ургачылары 5—10 күн кийин учуп келишет. Анан эки-экиден бөлүнүшүп, уялай турган жер издешет...

Биз бозомтук — көгүш корумдун далдасына кырыбыздан жата кеттик. Башыбызды акырын көтөрсөк — булак, анын үстүндө жайылып турган тор, «тигип» койгон арча кадимкидей көрүнөт.

— Эми былк этпей жатып, булактан, арчадан көзүңүздү албаңыз. Үшүп, чыйрыгып кетсеңиз да калчылдабай тынч жатыңыз. Кызыл төш — абдан сак

чымчык. Тигил жемге алаксып гана кетпесе, оңой менен колго түшпөйт. Сиз аңдып жатканда мен ала келген китебимди окуй берейин. Жакында сыноолор башталат,— деп Сергей зоология боюнча кайсы бир калың китепти чоң баштыгынан сууруп чыгып, ортосунан ары карай окуп кирди.

Калчылдап, зиркилдеп чымчыктарды үркүтпөс үчүн термостон бир чыны ысык чай ичтим да, күзөтчүлүктү баштадым. Күн улам жогору көтөрүлүп, тоо боорун улам жылыта берди. Кар эрий баштады. Жылга-жылгадан ылайлуу суу төмөн көздөй атырылып жөнөдү. Алыстагы белестен кекилик сайрады.

Бир саатча дымыбызды чыгарбай жаттык. Арчанын бутагын тигиле карай берип, көзүм талыды. Чалкаман оодарылып, көк асманга кадалдым. Томуктай булут жок. Ийримде кулаалы айланып жүрөт. «Келгин куштар келип калган тура», — деп ойлоп, шашкай каалгып, бизден төмөнүрөөк адырдан бир нерсени сая аңдып алган жырткыч кушту карап жата бердим.

Дагы бир саатча өттү. Сергей китебинен көз ала турган эмес. Уйкум келип, көзүм илешип баратканда: «Жаным, сен кайдасың? Жаным, сен кайдасың?» деген кимдир бирөөнүн ышкырыгы угулду.

— Байке, кызыл төш чымчыктар конуптур! Айтпайсызбы мага. Уктап кеткенсизби? — деп Сергей тынчсызданган соң, мен да башты көтөрдүм, көз умачтай ачылды. Карасам, жашыл арчанын бутагында мала кызыл алты «жемиш» алоолонуп турат. Ооба, адегенде алар мага жомоктогу мөлтүр сыйкыр алмадай көрүндү. Кезек-кезеги менен: «Жаным, сен кайдасың?» — деп улам бири катуу-катуу ышкырып коёт.

— Эми былк этпеңиз,— деди Сергей кулагыма шыбырап. — Жемди көрүштү. Курсагы ач болсо да төмөн түшүшөт, суусап, чаңкап келишсе да төмөн, булакка конушат. Буйруп турса, жок дегенде экөөн алабыз. Бирин сизге, бирин мага.

— Ой, бөлбөй коё турчу! Адегенде олжо кылып кармайлы! — деп мен да чыйпылыктадым.

Тигилер сүйгөн жарын улам чакырышып, ышкырып, чай кайнатымча олтурушту. Төрт тарабын тең аябай кылдат карап, эч ким жок деп ойлошсо керек, төртөө төмөн учуп конду. Экөө ордунан жылган жок. Күзөтчүлөрү болсо керек. Беркилер дагы бир аз тургандан кийин гана секирип-секирип булакка жетип, суу иче баштады.

— Тарт! — дедим Сергейди бөйрөккө нукуп.

— Шашпаңыз! Азыр кирине баштошат. Жүнү абдан суу болгондо тартайын. Антпесек, жүнү сыйдаң немелер буйтап чыгышы мүмкүн,— деди жигит. Көздөрү жылтырап, жайнап кетиптир. Аңчылыктын кумары деген ошол эмеспи? Жүрөк оозго капталып, эки көз жайнап, чанагынан чыгып кете жаздайт.

Ал айткандай эле тигил төртөө сууну шарпылдата, туш-тушка чачыратып, кумарданып киринүүгө кириштш. Боору менен муздак сууга жата калып, канаттарын жайып, анан чүмкүп-чүмкүп, кыска, бирок учтуу тумшугу менен таранышып, суу жетишпей кала тургансып, түртүшө да башташты.

Беш-алты мүнөттөн кийин жанагы татынакай чымчыктар шөмтүрөп, үзүл-кесил курмушуга окшоп калышты. Байкасам: учуу мындай турсун, төмөнкү бутакка секирип чыга ала турган эмес. Сууга түшкөн чычканды көрдүңөр беле? Кудум ошонун өзү.

Сергей кармап турган жипти шарт тартып жиберди. Мен бул кыймылын байкабай да калдым. Торду кармап турган төрт таякча шалак этип жыгылып, алиги кирингенди жакшы көргөн төрт мала чымчык тордун астында, булактын үстүндө, сууну чачыратып бырпырап калышты.

Тура калып, аларга кандай чуркап жеткенимди да билбейм. Бирок, Сергей жигитчилик кылып, менден мурда жетүүгө үлгүрүптүр. Мен жанына энтиге бар-

ганда, ал бирин тордун астынан кармап, мага суна берди. Анан экинчи, үчүнчү, төртүнчүсүн да сууруп чыкты. Үшүгөндөн, корккондон калчылдашат.

— Капаска салып, үстүн костюм менен жаап коёлу. Күн жакшы тийип турат, бат эле кургап калышат,— деди Сергей.

— Берки экөө кайда кетти? — деп сурадым.

— Биз тура калганда, учуп кетишпедиби? Байкаган жоксузбу?

— Жок. Кайра келип жүрбөсүн?

— Ай, келбей калышсын. Коркуп калышпадыбы. Эми учуп келишсе, мүмкүн, башкалары келишер. Бирок, эмне кереги бар? Экиден алсак жетишет. Буларды башка чымчыктарга караганда багуу кыйыныраак.

— Ии? Атайын жем керекпи?

— Жок. Бардык сайроочу чымчыктар жей турган жемди эле аш кылышат. Бирок, капаста кирингенди жакшы көрүшөт. Кенен идиштеги суусун эртең менен жана кечинде алмаштырып туруңуз. Жемди көбүрөөк берип койсоңуз, бат эле семирип кетет. Өлүп калышы мүмкүн. Негизги кеп — тез семирип кеткенинде жатат. Семиртпеңиз.

— Андан сактоо үчүн эмне кылуу керек?

— Жемин эртең менен жарым чай кашык, кечинде жарым чай кашык эсебинде берип турсаңыз эле болду. Жашыл чөптөн аябаңыз. Жакшы көрүшөт.

— Кандай чөптөн?

— Какым-кукум, жапайы жики, алма, жер жемиш, дарбыз, таруу, бөдөнө чөп, ак кайыңдын сөйкөлөрү. Иши кылып, уруктуу отоо чөптөрүн көп бере берсеңиз, ашыктык кылбайт, зыян болбойт.

Биз тоодон бери тарттык. Үч-төрт сааттан кийин үйгө жете келдик. Эки-экиден карабай, тандабай эле бөлүшүп алдык. Төртөө тең, чын эле эркеги экен. Өң-

дөрү айрыкча кызыл. Ургаачылары бозураак болушат деп уккам.

Сергей кеңеш бергендей ырчыларыма кенен капас жасадым. Экөөн беш-алты күндөн кийин эки башка бөлүп койдум. Бир койсом сайроочудай түрү жок. Эми бирөө балкондо, бирөө үйдө олтурат. Бири: «Жаным, сен кайдасың?» деп ышкырса, экинчиси: «Ой, мен мындамын, мындамын» деп жооп берет. Башка да кайрыктары бар. Аларды мен: «ти-ти ви-ти, -вити!». «Пайн-пайн, пайн», «чөк-чөк-чөк!» деген тыбыштар жана муундар катары түшүнөм. Бирок, алиги: «Жаным( жарым десе да болот), сен кайдасың?» дегени туурабы деп ойлойм.

Кызыл төш өз убагында түлөө үчүн (өз маалы деп мен февраль-март айларындагы түлөгөнүн айтып олтурам) анын капасын терезеге же күн ачык тийген жерге коюп, күн караманы, буудайды, сулуну кичине өндүрүп берген жакшы болот экен. Эгерде кургак күн карама, таруу, кара куурай, акталган сулу менен бакса, ал түлөгөндөн кийин мала кызыл түсүн жоготуп, боп-боз эле чымчыкка окшоп калат. Бирок, сайраганын жоготпойт. Тескерисинче, жылдар өткөн сайын үйдө башка сайроочу чымчыктар да бар болсо, ошолордун мукамдуу, назик, кайталангыз кайрыктарын үйрөнүп, мыкты ырчы канаттуюга айланышат. Үйдөгү зоопаркта, мектепте, зоологиялык бурчта бир-эки кызыл төштү багуу парыз деп ойлойм. Анткени, алардын сайраганы да, сырткы келбети да, багылышы да башкалардан бөтөнчө, айырмалуу. Бул натуралист үчүн өтө кызык нерсе.

Кызыл төш үй шартында март айынан тартып, кеч күзгө чейин сайрайт. Адатта булбулдун жана сайроочу чымчыктардын көбүнүн «тили» жайкы саратан чилдеде катып калганда, ал өзүнүн сайраганы менен черди жазып, көңүлдү көтөрүп, өзүнө ышкыбоздорду алыстан эле чакырып тургансыйт...

## 8. АФРИКАЛЫК «КЕКИЛИК»

Мындан эки-үч жыл илгери биз (биз дегенибиз Фрунзе шаарында жашаган сайроочу куштарды багып жүрүшкөн бир топ адамдар) Москвадагы зоологиялык бирикмеге кат жазып, Африкалык өлкөлөрдөн алынып келинген татынакай куштардан «посылка» салып жиберүүлөрүн өтүндүк. Чынын айтсам, андай «посылка» келерине ишенбегендер да болду.

Айтоор арадан үч-төрт ай өттү. Бир күнү мени зоологиялык дүкөнгө чакырып калышты. «Ичип олтурган ашымды таштап»,— дегендей көз ачып-жумгуча жетип бардым: биздин үй менен ал дүкөндүн аралыгын сегиз километрге созулган көчөлөр бөлүп турат. Ошол аралыкка автобус күткөндөн эринип, жарым саатта чуркап жеттим. Көзүм алайып, оор дем алып дүкөнгө кирип барсам, бир чоң капастын ичи бака-шака. Беш-алты Асан-Үсөндүн нурларын кошуп коюп, кимдир бирөө ал нурларды кыймылга келтирип, аралаштырып жаткандай. Ар түрдүү ыраңдагы куштар мага ошондой ажайып таасир тийгизди.

— Мына, баягы силер жазган каттын «жообу» келди,— деди дүкөндүн директору борс-борс күлүп. — Башкаларга да кабарлап, аманатыңарды алып кеткиле. Кечээ кечинде Москвадан учуп келишти. Биз бага албай, майып кылып койбойлу. Кана, эмесе сенден баштайлы. Танда. Канчасын аласың?

— Канча «баш» келиптир. Кайдан? — деп сурадым.

— 78. Африкадан. Тактап айтканда Австралиядан.

Мен ошончо куштан алтоон сатып алдым. Кийинкийин аз алып калганыма абдан өкүндүм. Аны төмөн жакта жазам. Калгандарын булбул багуучулар ошол эле күнү талап кетишти. Эс алуудагы бир офицер жыйырмасын сатып алыптыр. Ал киши азыр да

ошол сейрек куштар боюнча «чириген» бай. Убактысы бош киши миңдеген километр жерден алынып келинген чымчыктардын жанынан чыкпайт. Сайраганына кулак төшөп, китеп окуп олтура берет, олтура берет.

Австралиядан бизге жеткен чымчыктардан мен үч эркек, үч ургаачы алгам. Ата-теги бир болгону менен, түрлөрү башка-башка болучу. Бир жубу — биздеги короолу чымчыктай кичинекей көгүш-боз эле. Анын бирин бир айга жеткирбей тааныш киши келип, кадырын салып жатып алып кетти.

Дагы бир жубу менде жарым жылча жашады. Кадимкидей байыр алып, көнүп калган. Экөөнө кенен капас жасап бергем. Ургаачысы кызыл-ала, ал эми эркеги өтө кооз болучу: тумшугу кыпкызыл, жону, куйругу күрөң, куйругунда аппак чекиттери бар. Ары-бери учканда Асан-Үсөн жебесиндей кубулуп турчу.

Бир жолу кызматтан үйгө келсем, бир абышка кадимкидей шолоктоп ыйлап олтурат.

— Ата, сизге эмне болду? — деп сурадым учурашкандан кийин тынчсызданып.

— Ээ, балам, эмнесин сурайсың?!—деди ал оор үшкүрүп. — Көп кишилерден сурап жүрүп, сенин адресиңди араң таптым. Ырас болбодубу. Эми менин көңүлүм тынчып калар. Мына өзүң да келип калдың. Издегеним да сенде бар экен. Куру кол калтырбассың балам — деп өзүнчө күбүрөй берди.

— Эмнени таптыңыз менин үйүмдөн? — деп сурадым.

— «Эмнени таптыңыз?» — деп сурап коёт. Тигил капастагы тырмактай эки чымчыкты таптым. Баягыда ушундай экөөн дүкөндөн алдым эле. Бир ай илгери учуруп жибердим. Дүкөнгө барсам, жок. Алган кишилердин адресин тактап, баарын колдон келишинче кыдырып чыктым. Эч кимисинен жол болбоду. Сен эми куру кол чыгарба. Керегиңе мен да бир күнү жарар-

мын, балам. Сенде сайроочу чымчыктар ансыз деле көп экен. Канча түрү бар?

— Он алты түр.

— Оо, көп экен. Тигил экөөн мага бер. Өлмөйүнчө дос бололу,— деди.

— Канча жаштасыз? — деп сурадым ыңгайсыздана.

— Буйруса эки жылдан кийин сексенге чыгам.

— А, түшүнүктүү. Дос болсо, бололу,— дедим да байпагына мүдүрүлүп жүргөн абышкага боорум ачып, австралиялык аманатымдын дагы экөөн карматып жибердим. Баасын да сураганым жок. Уят эмеспи. Ал куштарды сүйгөндүктөн келип олтурса, соодалашып жүрсөм, беттеги наар кайда калат?

Үйдө экөө гана калды. Ургаачысы чымкый аппак. Тумшугу, буттары кызгылтым-сары. Эркеги короздонгондо, жазында өтө кооз. Ал биздин кекиликтерге куюп койгондой окшош. Бирок, бир жүз эсеге кичине. Чоң кекиликтин салмагы бир, бир жарым килограмм болсо австралиялык «кекиликтин» салмагы... 15 грамм. Кичинекей короолу же мыймыттай. Аларды бактан көргөн чыгарсыңар? Чоңдугу ошондой

Тумшугу ургаачысыныкынан да ашкан мала кызыл түстө. Боору агыш, жону боз чекит-чекит, эки жагында күрөң-саргыч мурут, көзү жалтырак кичинекей мончоктой, эки көздөн төмөн эки кара, эки ак сызык түшүп турат, ал узун кирпикти элестетет.

Бир орунда аз олтурушат. Ары-бери учуп жүргөндө көзгө араң илешип, күйгөн чычаладай чырт-чырт деген доош чыгарышат. Кээде, айрыкча, эртең менен жана кечинде, эркеги башындагы жүнүн үрпөйтүп «шакылык-шакылык-шакылык» — деп сайраса, кудум эле кекиликтин өзү. Эркеги сайрап жатканда ургаачысы ага кыналыша жакын олтуруп, жаактарындагы, мойнундагы жана төшүндөгү кооз жүндү тумшугу менен тарап, сылап, жыттап, эркелетип олтурат.

Ооба, баса айтып коё турган нерсе, австралиялык «кекиликтер» бири-бирине өтө назиктик менен мамиле жасашат. Жемди сөзсүз бирге жеп, сууга бирге киринип, уктаганда кучакташкансып тыгыз, жанаша олтуруп укташат. Жумурткалаганда, аны басканда, кызыл эт балапандарды бакканда экөө дайыма бирге болушат. Ургаачысы уядан учуп чыгар замат, эркеги уяга лып кирип, жумуртканы баса берет.

Бир жолу мен жемин берип, капастын оозун жаппай унутуп калыптырмын. Эртеден кечке чейин капас ачык турду. Терезенин бир көзү да ачык болчу. Кызматтан саат жетилерде келип карасам-капасы ачык, «кекиликтер» көрүнбөйт. Жүрөгүм шуу дей түштү. «Учуп кетишкен экен, кап!» — деп алаканды шак коюп олтуруп калдым. Анан: «Мүмкүн сырттагы башка балкондордо учуп жүрүшкөн чыгар»,— деген ойго келип, сыртка чуркап чыктым. Сексен үй-бүлө жашап жаткан беш кабат үйдү беш-алты жолу айланып чыктым. Көрүнбөйт. Жаш ынак досторум бул үйдө көп. Алардан сурасам: «Көргөн жокпуз, Болот аке»,— дешти.

Көңүлүм чөгүп, төртүнчү кабатка көтөрүлдүм. Эшикке жакындаганда үй ичинен: «Шакылык-шакылык-шакылык» деген мукамдуу үн угулду. Чуркап кирип карасам, эркек «кекилигим» өз капасында эле олтурат. Ургачысы уясында экен. Жана экөө тең уяда окшошуп олтурушкан тура. Ошол күнү бир балапан чыгыптыр. Ал 20 күндөн кийин аман-эсен учуп чыкты.

Кийин да балапан чыгарышты. Ошондо үйдүн ичине атайын коё берип да көрдүм. Болбоду. Ошол замат эле кайра капасына кирип кетти. Дагы кууп чыктым. Кайра капаска кирип, уясына бекинип олтуруп алышты. Көпкө чейин көрүнүшкөн жок. Сыягы мага таарынышса керек.

Баса, мен уясы, жеми жөнүндө айтып кетпесем да

болбос. Мүмкүн силер да австралиялык «кекилик» багып каларсыңар.

Капасынын узундугу 50 см. туурасы 30 см. бийиктиги 40 см болсо жетишет. Аны китептердеги чиймелерге карап, же зоология мугалимдеринин жардамы менен кол эмгек сабагында жарым күндө эле жасап алууга болот. Капастын ичине койдун жүнүнөн, майда тууралган кендир жиптен, жумшак чөптөн таштап койсоңор, өзүлөрү жылчыксыз караңгы, татынакай уя жасап алышат. Жумурткалаганда уясына тийбегиле, баспай таштап коюшат.

Бул назик куштар тынчыраак жерди жакшы көрүшөт. Капасын китеп салгыч же кийим илгич шкафтын үстүнө койсо да, терезеге, жарык жерге бийигирээк илип койсо да болот. Бир койгондон кийин орунун алмаштырууга кеңеш бербес элем. Алар дайыма бир жерде жашаганды жакшы көрүшөт. Капаста 10—15 жыл жашашат.

Австралиялык «кекиликти» башка сайроочу куштарга караганда багуу жеңил экен. Мен ар кандай жемден берип көрдүм. Эң жакшы көргөн жеми акталбаган таруу. Жумасына бир-эки жолу бышырылган жумуртканын сарысын, ак сүткө малынган ак нандан; майдаланган жашыл чөптөн, алмадан азыраак берип койсо да жакшы жешет. Кирингенди жакшы көрүшөт. Мен консерванын банкасынан идиш жасап койгом. Суусун дайыма кечинде бир жолу алмаштырып турам. Туура баккандыктанбы, же көп кирингендиктенби, билбейм, үч жылдын ичинде өң-түсү алыстан алынып келген бойдон өзгөрбөй калды. Үч жолу түлөп «тонун» которуштурушту, 11 балапан чыгарышты. Дээрлик баарысын «өлмөйүнчө дос бололу» дегендер алып кетишти. Азыр өтө кооз үч балапан бар. Аман-эсен учуп чыгышса, алар кимге буйрур экен?! Иши кылып кимдин болбосун жүрөгүн кубантышса эле болду. Менин негизги максатым, тилегим ошол.

## 9. БӨДӨНӨ

Шаарга көчүп келип, жашай баштаганыма жыйырма жылдай болду. Бирок, айылда калган балалык бүгүнкүдөй унутула элек. Айрыкча эрте жаздан кеч күзгө чейин Шекер айылынын жогору жагындагы буудай жана беде аянттарынан, төмөн жагындагы тамеки, жүгөрү, бир кезде айдалчу буурчак тилкелеринен, каршы-терши созулган арыктардын жээктеринен «бытпылдык! быт-пылдык!» деген доош кулагыма азыр да жаңырыктап турат. Жаз келип, кар казандагы шекердей эрип, киргил сууга айланып, ылдый жылаажын коңгуроо кагып, шылдырап жөнөр замат бөдөнөлөр өткөн жайда балапанын чыгарган мекенине кайтып келишчү. Алар келер замат, мен да талаага чыгып, салам берип учурашчумун. Өзүн көрбөсөм да ар кайсы ачык тектирге, жөөктөргө, эрмен түптөрүнө чөнтөгүмө сала барган таруу, буудай, нандын күкүмүн төгүп, чачып коём. Аны бөдөнө сөзсүз таап алат. Анткени, эртеси барсам алиги чачкан жемден бир данын таппай калчумун.

Эрте жазда курт-кумурска да, жапайы чөптөрдүн дүмбүл даны, чегиртке да али жок кез. Бирок, алыстан сапар чегип келген канаттуу куштар өзүлөрүнө керектүү жем-сууну таап алышат. Ал: былтыркыдан калган үлүлдөр, саратан, сенек болуп катып калган көпөлөктөр, кычыктарда, жаракаларда, куурайдын түптөрүндө шамал жашырып калган беденин, кара куурайдын, ак шыбактын, жикинин уругу, буудайдын, арпанын, жүгөрүнүн дандары...

Иши кылып, талаанын кары кетип, жер борсуп, карайса эле бөдөнө өзүнө керектүү жемди таап кетет.

Күн жылуу, асман ачык болсо, апрел, май айларында уялашат. Башка сайроочу чымчыктардай бөдөнө эркеги бир бөлөк, ургаачысы бир бөлөк болуп бөлүнүп келишпей, кыштаган жеринен — Индия, Афри-

ка, Кара-Деңиз, Кавказдан чогуусу менен аралашып учуп, жөргөлөп келишет.

Айылдык көп адамдар: «Бөдөнө чээнге кирип кыштайт. Кар кетери менен уйкусунан ойгонушат»,— деп кеп кылышат. Бул туура эмес. Бөдөнө чээнге кирбейт, күзүндө суук жүрөр алдында алар топ-топ болуп биригип алышып, жылуу жактарга учуп кетишет. Саатына 30—40 километр ылдамдыкта учушат. Бирок, чабалекей, кара чыйырчык, ителги, турумтай сыяктуу тынбай учуп кете бербестен, ара жолго көп конушат.

Бөдөнө түр жагынан алганда тооктордун тобуна кирет. Ал кыргоол, каракур, кекилик, чил, тоок өңдүү канаттуулардын жакыны. Жем жегенин, кумга оонаганын, аз учканын эле көрсөңүз, бул куштар бири-бирине «тууган» экендигин кыйналбай эле байкайсыңар.

Калың өскөн чөптүн арасынан бул кичинекей «тоокту» көрүү кыйын. Эгер бирөө чочутпаса, атайылап өзү өтө сейрек учат. Көп сандаган душмандарынан (кыргый, ителги, турумтай, жагалмай) бөйтөңдөп, жорголоп качып кутулат. Куйругу кыска. Буттарынын булчуңдары абдан өнүккөн. Колго коомай кармап турсаң, алаканыңды шак бир тээп, качып кетет. Мен өзүм ошентип көп жолу качыргам.

Бирок, адам баласы тигил аталган жырткыч канаттууларга караганда бөдөнөнүн номер биринчи душманы десем эрөөн көрбөгүлө.

Текөөрү, тумшугу курч, күчтүү ителги же турумтай куштардын чабалдарын, арыктап уча албай же ооруп кача албай калгандарын кармап жем кылышат. Бул жагынан жаратылыш өзү тең салмактуулукка көз салат. Кыргый менен ылаачын адам тийбесе бөдөнөнү эч качан кырып жок кыла, түгөтө алышпайт. Анткени, кичинекей тоок-бөдөнө бир чыгарганда 18—20 балапан чыгарат. Эркеги балапандарын багып өстүрүүгө катышпайт. Бардык түйшүк ургаачыга түшөт. Бирок, бөдөнөнүн балапандары абдан бат чоңоюшат. Жумурт-

...дан чыккандан он-эки эки күндөн кийин уясын таштап, ар бири өзүнчө күн көрүп кете берет. Ырас, алгачкы үч-төрт күн уядан узашпайт, кокус асмандан кайкып учкан, куш, кулаалы көрүнсө, энесинин канатынын астына чокмороктошуп, жашырына калышат.

Бөдөнөнүн бирден-бир душманы адам баласы дебедимби. Бул сөзүмдү далилдейин.

Биздин айылыбызда Ж. аттуу мергенчи бар эле. Согуш жылдары. Каатчылык. Курсакта суюк атала гана шылдырап, жүгүргөндө курк-курк этет. Ток киши сейрек. Малчылар гана бир аз тың жүрүштү. Аларда сүт, быштак, эжигей, май, каймак, кээде эт бар. Анан аңчы Ж. нын курсагы да ток болчу. Ал бөдөнө кармоочу. Бир күндө он-он беш бөдөнө чаап алчу. Эртең менен жана кечинде талааларды бир сыйра айланып чыкса болду, койну толо бөдөнө үйүнө кайтат. Тырмактай баштарын эч аябастан шарт-шурт жулуп, жүнүн бырпыратып бышырып жечү. Ошол мергенчи башын жулган бөдөнөнү эсептеп чыкса канча болор эле, ким билет.

...Кыштакта Ш. аттуу насыбайчы дале бар. Ал насыбай ийлеп сатат. Ш. нын экинчи «өнөрү» бөдөнө кармоо. Мурда, тээ илгери боз-ала чыттан, куштун жүндөрү сайылган жеңил чепкенди кийип алып кармоочу. Ал апсайып-бапсайып талаада уурданып, аяр басып келе жатканда, бөдөнө эмес, андан карышкыр менен түлкү коркуп качышчу. Бөдөнө болсо «алааматты» көргөндө, учуп же жөргөлөп качмак турсун, жерге бүрүшүп жатып калчу. Көзү курч неме тигини буйтатпай басып калчу.

Кийин Ш. бөдөнөнү атайын жасалган ышкырык менен мойсоочу болду. Жыл сайын жайында кармаган куштарды ал Жамбыл шаарына алып барып сатат. Сатып алган кумарпоздор: Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя, Кокон, Бухарадан... келгендер. Аларга бөдөнө кумар үчүн керек. Бул эмне деген «бокс» экенин мен айтпа-

сам деле өзүңөр билерсиңер. Мындай «бокстo» уткандардын чөнтөгү сомго толот, утулгандардын чөнтөгү тешилип, көзүн жаш чайыйт.

...Бир жолу биз үч киши болуп Ивано-Алексеевка айылынын түндүк-батыш жагында жеңил машина менен Талас шаарына келе жаттык. Сентябрь айынын аяк чени болсо керек. Айылга жете электе катуу шамал башталды. Кара-кочкул булуттар көз ачып жумгуча асманды чүмкөп, алай-дүлөй түштү. Белге буралып өскөн бедениn арасынан сорок-сорок этип эки киши чыга калды. Тигилер «Ким болду экен?» деп биздин машинаны башкарып келе жаткан милиционер машинаны токтотту. Экөөнүн бизден чоочуркап, элеңдешкенинен коопсузданып утурлай бастык.

Эмнегедир экөө бизден качып жөнөштү. Чоң каналдын жанында үч дөңгөлөктүү мотоцикл туруптур. Милиционер номерин жазып алды да, машинасын мотоциклдин жанына айдап келди. Биз үшүп калган экенбиз, машинанын ичине түшүп алдык. Нөшөр башталды. Ал улам күчөй берди.

Тигил экөө аябай суу болуп шөмтүрөгөндө мотоциклине келүүгө аргасыз болушту. Коюндары шектүү томпоёт. Милиционер менен кошо биз да жерге түштүк. Көрсө алар бөдөнө кармаган көсөлдөр экен. Кичинекей баштыкчаларда он жети бөдөнө жүрүптүр. Бири аппак экен.

— Ойбой, мунусу падышасы эле, бизге калтырсаңыз болмок,— деп тигилердин бири кейип калды.

Узун, жазы, көк-жашыл боёк менен боёлгон чоң торун, ышкырыгын алып, ар бирине элүү сомдон штраф жазып, милиционер экөөн «эртең саат ондо милиция бөлүмүнө келесиңер,— деп коё берди.

— ...Бир жолу мен бир айдын ичинде үч жүз бөдөнө кармадым,— деп мактанды Д. деген киши.— «Ташкентте бөдөнө кымбат экен» — деген сөздү угуп, чоң ящиктерге бырпыратып баарысын салып, чоң

шаарга поезд менен алып бардым. Базарына чыктым. Жашыруун сатылып жаткан бөдөнөлөр көп экен. Кээсин отуз-элүү сом деп да жүрүшөт. Меникин алган киши жок. Көбү жолдо өлүп, көбүнүн башы жарылып, буттары, канаттары, куйруктары сынып калыптыр... Эки күн базарында отуруп, өлгөндөн калгандарын отуз-элүү тыйындан араң саттым. Жол кирем да акталган жок. Мындайын билгенде кармабай эле койсом болмок... Талаадан «быт-пылдык» деген доош угулбай калды.

Мына, жогору жакта мен өзүм көрүп, өзүм уккан төрт учурду келтирдим. Төртөөндө тең бөдөнөнү адам баласынын кыргандыгы жөнүндө сөз болду: бири анын этин жеп семирсе, бири сатып, акчага карк болуптур, биринин жолу болбой, үч жүз бөдөнөнү бейкапар жок кылыптыр. Мындай окуялар турмушта эң көп. Ар бири — сезимдүү, жаратылышты коргоону максат кылган адамды кейитпей койбойт.

Мен бөдөнөнү абдан жакшы көрөм. Этин эмес, сайраганын. Ушунча жашка келип, бирин да даам татып көргөнүм жок, бирин да өлтүрбөдүм. Бала кезден үйүмдөгү зоопаркта же бирөөн, же ашып кетсе экөөн багып келатам. 3—4 жыл сайраганын уккандан кийин, буудай баш байлаган кезде эң калың өскөн жерине алып барып, учуруп коё берем. Азыр бири 1975-жылы Суусамырда, бири Фрунзенин тегерегинде кармалган эки бөдөнө үйүмдө жашайт. Түлөштү. 1-февралдан тартып кайрадан сайрай башташты. Алар сайраган сайын Шекер айылым, анын тамеки, буудай, беде өскөн талаалары, шылдыр аккан булактары, көзү эбак өткөн Таштаналы, Ысмантай, Алымкул, Турдумамбет, Барпы... аттуу нускалуу карыялары көз алдымдан сызылып өтүшөт. Алар:

— Балам, бөдөнө баксаң эки-үч жылдан кийин сөзсүз талаага алып барып коё бер. Батасын берип, алкап кетет! — дешер эле. Мен ошол аксакалдардын ке-

ңешин мына отуз жылдан бери үзбөй аткарып келатам. Жакшы баккандан болсо керек, жыл сайын бөдөнөлөрүм эртеден кечке чейин безеленип сайрай берет, сайрай берет. Кайрыктары мага турмуштун өзүндөй болуп түгөнгүс да, кайталангыс да болуп сезилет.

Бөдөнө айыл чарбачылыгы үчүн өтө пайдалуу канаттуулардын бири. Ал буудайдын, жүгөрүнүн, арпанын, таруунун зыянкечтери — курт-кумурскалардын көп түрлөрүн, жерге күбүлүп түшүп калган чөптөрдүн үрөнүн терип жеп, жашайт. Буудайдын башына таранчыдай болуп жабалактап тийбейт, адамдын жашоосуна эч зыян тийгизбейт, анын тамак-ашын талашпайт. Тескерисинче, бөдөнөнү ар тараптан корукка алуу, алардын санын көбөйтүү боюнча атайын фермалар курулса жакшы болор эле. Анткени, бөдөнө жыл сайын азайып бара жаткан канаттуулардын бир түрү. Мисалы, кийинки үч кылымдын ичинде, тактап айтканда 1680-жылдан тартып, адам баласы жер бетиндеги канаттуулардын 80 түрүн таптакыр кырып таштады. Алардын кептери музейлерде да сакталбай калды. Мынчалык чоң кыргынга, тукум курут болууга жаратылыш өзүнөн-өзү эч качан учураган эмес, башкача айтканда, тигил же бул канаттуулардын, жаныбарлардын кайсы бир түрү өзүнөн-өзү кырыла элек. Окумуштуулардын эсептөөлөрү боюнча бир түр, айталы бөдөнө, укум-тукум кууп олтуруп 500 миң жыл жашап, анан гана же кайсы бир себеп боюнча жоголот, же түрүн өзгөртөт.

Мылтык, ок-дары көбөйгөндөн бери (XIX—XX кылымдардын аралыгында эле) 20 түрдөгү канаттуулар атылып бүттү. Түндүк Америкада канаты жок өрдөк, мойну ак тотукуш, шалбаа чили; Мексикада ак тумшуктуу доңкулдак, эскимостук суучулдук, каркыра турна, калифорниялык жоору; 1900-жылы дайыма жер которуштуруп жүрүүчү көгүчкөн такыр жок болду.

Эгерде аларга аңчылык өнүгө берсе анда адамдын шериктери — канаттуулардын (арасында бөдөнө да бар), жапайы жан-жаныбарлардын тагдыры терең ойлонтпой койбойт. Мисалы, АКШнын жаратылышты коргоо коомунун көрүнүктүү окумуштууларынын бири бул өлкөдө эми 40—50 жылдан кийин бир дагы өрдөк калбайт деп эсептеп чыкты. Мурда бул өлкөдө жыл сайын 250—500 миллион өрдөк кыштоочу. Ошондо бир мергенчи бир күндө 335 өрдөк аткандыгы менен мактанган имиш. Мынчалык мыкаачы, жырткыч болуунун кажаты, себеби барбы?

Мындан 20—30 жыл илгери эле биздин Улуу тоолордо: улар, кекилик, элик, кайберен; талааларда: чил, тоодак, каракур, бөдөнө; көлдөрдө: каз, өрдөк, чулдук, тартар көп эмес беле? Ошонун баарысы кайда кетти? Адам баласынын ашказанына сиңип кетти. Эгерде адам баласы аранын аңырдай ачып, «эти адал экен, сорпосу майлуу экен»,— деп чил, бөдөнө, кекиликти туш келди атып, кыра берсе, дагы 50—60 жылдан кийин атуу эмес, ошолорду көрүүгө, үнүн угууга зар болуп калышпасын урпактар?!

Аталган канаттуу куштар, айрыкча, бөдөнө, бизден такай көзөмөлдөөнү, камкордук көрүүнү талап кылган учур келди. Бул иште мектеп мугалимдери, окуучулар, студенттер, жаш натуралисттер, талаада иштеп жүргөн механизаторлор, тоодо жүргөн малчылар, геологдор, туристтер пайдалуу көп нерселерди жасай алышат. Өзүңөрдөн кичинекей, алсыз, чабал болуп көрүнгөн бөдөнөнү, торгойду, таранчыны, кекиликти... атпагыла, бирөө атканы жатса, мылтыгын алып аттырбагыла. Эч бир макулуктун каны төгүлбөсүн...

## 10. ТОКУУЧУ КУШТАР

«Токуучу куштар да болобу?— дегендер болушу мүмкүн. Мындан 5—10 жыл мурда аны биз деле бил-

чү эмеспиз. Көрсө андайлар бар экен. Биз аны байкабай жүрүптүрбүз.

Айрыкча Америка, Австралия, Африка, Чыгыш Азия, Индия менен эки тараптуу байланыштар өскөндөн бери ал мамлекеттерден биздин өлкөгө көп нерселер келип жатат. Арасында түркүн-түстүү токуучу куштар да бар.

Биринчи жолу андай чымчыктар Москва шаарына 1968-жылы жеткирилди. Бул түшүнүктүү: себеби, Москвада өлкөбүздөгү эң чоң зоологиялык бирикме иштейт. Ал бирикменин башка өлкөлөрдүн аңчылары, мүнүшкөрлөрү менен түзгөн атайын келишимдери бар. Мисалы, биз Америка, Африка, Азия өлкөлөрүнө аларда жок жаныбарларды, канаттууларды (мисалы, илбирс, аюу, таранчы) жиберип турсак, алар биздин өлкөдө жок канаттуулар менен жан-жаныбарларды бизге узатышат.

Канаттууларды өз ара алмашып туруу кийинки жылдарда кеңири өнүккөн тармакка айланды. Мурда бизде тоту куштардын көп түрлөрү жок болсо, эми 30—50 түрү жашап, көбөйүп, тукум берип, кадимкидей климатташып, токойлордо да, капастарда да жашап жатышат.

Токуучу куштар өңү, түсү жактан алып караганда эң эле кооз чымчыктар. Кээ бир эле канаттууда 12—15 түрдөгү кызыл, ак, сары, жашыл... боёкту көрөбүз. Айрыкча эркектери кооз болушат. Түлөгөн сайын өңү кулпунуп, башайы жибектей түрлөнүшөт.

Азыр Советтер Союзунда токуучу куштардын ондон ашык түрү кездешет. Биз күнүгө көрүп жүргөн таранчылар да токуучу куштардын түркүмүнө кирет. Себеби, алар да уясын токуп жасашат. Токуучу куш деген сөз да ошондон келип чыккан. Демек, мында таң кала турган деле нерсе жок.

Талдын, теректин, пальманын кабыгын узунунан өтө ичке «жиптерге» ажыратып, узун-узун чөптүн өзө-

гүн, жүн, кендир жип жана башка курулуш заттарын таап алып, алар укмуштай бекем, кооз, жарашыктуу уя жасашат. Уясын ип-ичке кылдай, салаңдап турган талдын, бадалдын бутагына илип курушат. Андай уянын жалпы түзүлүшү тоголок топко, сүйрү бөтөлкөгө, тооктун жумурткасына, койдун башына, коёндун, бөлтүрүктүн кулагына окшош болот да канчалык катуу шамал жүрсө да, жерге үзүлүп, кулап түшпөйт. Кээсинин капталында бир тешик, кээсинде эки жагында эки төгөрөк тешиги болот. Бирине кирсе, биринен кайра учуп чыгышат. Тырнактай чымчыктар ага алыстан катуу учуп келип, өтө тездик менен киришет.

Мындай сактык, көрөгөчтүк, баамчылдык менен жасалган уяга узун колдуу маймылдар да, ийрелеңдеген жылаан да, алгыр ителги да, чагылгандай тез ылачын да тырмагын, тишин сала албайт. Себеби, ичке бутак ары-бери кыймылдап, тигил душмандардын катылышына мүмкүндүк бербейт.

Токуучу куштар өтө кичинекей болгондуктан (ар биринин салмагы 8—12 эле грам) көптөгөн душмандарына каршы туруу үчүн уясын бири-бирине өтө жакын салышат. Африкада, мисалы, саваннада, көлчөлөрдүн, көлмөлөрдүн, дарыялардын жанына да ар бирinde 500—600 уя салаңдаган тал-дарактар көп жолугат. Кээ бир дарактар бүтүндөй бир чоң уя болуп көрүнөт.

Анын үстүнө бул куштар бир уяда эле балапандарын кайра-кайра чыгара беришпейт. Ар бир жумурткалаганда улам жаңы уяны берки үйүнүн жанына кынаштыра салышат.

Татынакай, жеңил уяны көбүнчө эркеги токуйт. Бул жагынан ал жеткен уста. Ургаачысы курулуш ишине көп катышпайт. Ал жолдошунун аракетине тек байкоо гана жүргүзүп, таранып-тазаланып, сырттан көз салып олтура берет.

Уясы бекем болсун үчүн эркеги ар бири чыгырык жиптей ичке чөптү шилекейи менен суулап, бири-би-

ринен өткөрүп, түйүп, бүйрүп, имерип... токуйт. Бир куркулдайдын уясын алып (куркулдай да токуучу куштарга кирет) бир-бир чөптөн ажыратып бөлүү үчүн бир жолу мен туура бир күн убактымды кетиргем. Кайсы чөптү кайсы жеринен токуй баштаганын ажыратып табуу кыйын. Же учу көрүнбөйт, же аягы колго илешпейт. Мына ушул эле уяга карап, мен бул тырнактай чымчыктар абдан акылдуу, «тумшугунан көөрү төгүлгөн» жаныбарлар экен деген ойго биротоло бекидим.

Токуучуларды тумшугуна карап эле эки түргө бөлүүгө болот: ичке тумшуктуулар жана жоон тумшуктуулар. Ичке тумшуктуулар чөптөрдүн уругунан тышкары ар кандай майда курт-кумурскаларды, личинкаларды, чиркейлердин жумурткаларын жешет. Айрыкча жаш балапан чыгарган кезде аларды көбүнчө курт-кумурскалар менен багышат.

Жоон, катуу тумшуктуулар, негизинен өсүмдүктөрдүн данын жешет. Тумшугу кыпкызыл. Өңдөрү ар түркүн. Кар сымал тунук апакайлары, помидор сымал кыпкызылдары, таш көмүр сымал капкаралары, жоогазын сымал сап-сарылары... койчу дүйнөдө канча түрдүү боёк болсо, ошончо түрдөгү токуучу куштар кездешет. Кээси бүтүндөй бир өңдө болсо, кээсинде кызыл, жашыл, көк, сары, кара, күрөң ыраңдар аралашып кеткен. Бирок, чамбыл ала, туш келди аралашпастан, өтө тыкандык менен боёлушкан. Караган кишиге баарысы өз-өз орду менен боёлгондой таасир берет: тумшугу кызыл, канаттары күрөң-ак чекиттери бар, куйругу күрөң, башы капкара, төшү боз же чылк алтын сымал жылтырап саргыч...

Токуучу куштар Фрунзеде азырынча сейрек. Көп болсо 20—30 кишиде гана бар. Бирок, аларды Москва, Ленинград, Киев, Ташкент шаарларынан сатып келүүгө болот. Капаска өтө бат үйрөнүшөт. 3—4 күндөн кийин эле эч бир урунбай, ээси берген жемди жеп, ары-бери учуп жүрө беришет. Болгондо аларга кенен —

узундугу 1—1,5 мерт, туурасы — 80 см, бийиктиги 60 см, жыш тордон жасалган капас керек. Антпесе качып кетет.

Бир капаска он чактысын коё берсе, ачылган гүлдестедей деги жарашыктуу көрүнөт. Бири-бири менен чырлашпайт. Өтө ынтымактуу жашашат. Жем бергенде баарысы жем салгыч идишке учуп түшүп, койлор акырдан чөптү жегендей, не туз жалагандай башы-баштарына тийип, шашпай жей беришет. Жанында турсаң да алаксышпайт, коопсузданышпайт.

Башка куштар антпейт. Жанында турсаң ары-бери тынчсызданып учуп, жемин жебей, сенин кетишиңди гана күтүшкөнсүйт. Токуучу канаттуулар өтө жоош, момун, назик.

Балапандарын чыгаруу үчүн 12X12X12 см. өлчөмүндө чыйырчыктын уясындай кутуча жасалат. Аны жылчыксыз, жука тактадан майда мык же желим менен кынаптоо зарыл. Жарык кирбегидей болсун. Оозун 4X4 см. өлчөмүндө жогору жагына көзөгөн оң. Төрт чарчы үйү капастын ичине, жогорку бир бурчуна илинет. Бекем, кыймылсыз илингенден кийин капаска тийүүгө, аны жылдырууга, ары-бери кыймылдатып силкүүгө, орун которуштурууга болбойт. Анда уясын чанып таштап коюшат. Балапан басышпайт.

Капасы жарымына көлөкө, жарымына күн тийген жерге коюлат. Канчалык айткан менен мээ кайнаткан ысык өлкөлөрдөн келген куштар эмеспи — аларга жарык, күн нурлары, таза, жылуу аба керек. Ансыз балапанын чыгарта албайсыңар. Жөн эле жумурткалабай коёт.

Уя илинди дейли. Ал сөлөкөтү гана. Эми тигилер анын ичине өздөрүнчө жаңы уя салышат. Ал үчүн капастын ичине майда тууралган чыгырык жиптен, койдун эски түлөгөн жүнүнөн, ар түрдүү канаттуулардын үбүлгөн жүнүнөн, жумшак кургак чөптөн (мисалы, жики, беде, чырмоок, теңге чөп) көбүрөөк эле таштап

койгула. Ошонун баарысын эркеги тигил жыгач кутучанын ичине ташып кетет да ичинен ийри-буйру жолу бар, чычкандын ийниндей уя салат. Анын тереңинде чөйчөк жасашат. Ургачысы ошол чөйчөккө кирип, 3—5 апакай, кабыгы кебездей абдан жука жумуртка тууйт. Жумуртканы эркек-ургачысы алмак-салмак жылытат. 12—13 күндөн кийин жаш баланын тырмагындай, адамдын карегине араң урунган алсыз, кичинекей балапандар чыгат. Баштары денесинен чоң болот. Багууга эркеги да, ургачысы да мээримдүүлүк менен катышат. Улам-улам жем берип, тигил төөнөгүчтөй балапандарын 13—14 күндө кадимкидей канаттуу кылып уядан учуруп чыгарышат. Көрсө балапанга жемди канчалык көп, тез-тез берип турса, бат эле чоңоюшат экен. «Мал баккандан» дегендей эле кеп.

Бир жолу мен токуучу куштардын 3 жумурткасын алып, сыноо иретинде аны сасыткы басып жаткан канарейканын ургачысынын уясына салып койдум. Канарейка 13 күн жылытты. 3 балапан чыгарды. Канарейка не аларды өз балам эмес ко дедиби, не аларды көрбөй жаттыбы, же жаман, өгөй эне болуп чыктыбы, билбейм, бакпай, жем бербей койду. Ачка жатышып, бечаралар эки күндөн кийин бирөө өлүп калды. Мен шашып калдым. «Эмне кылсам?» Ары ойлоп, бери ойлоп жатып, токуучу куштарга бактырмак болдум. Акыры ушул ойго бекидим. Өтө этияттап кашык менен «сузуп» алып, токуучу чымчыктардын уясына аярдап салдым. Өзүм арыраактан туруп, байкай баштадым.

Ата-энеси капысынан уясында пайда боло калган балапанды көрүп, аябай чоочуп, чак-челекейге түшүштү. Капаста ары-бери учуп, чыйылдашып, уясына бир кирип, бир чыгып аябай чебелектешти. 5—6 мүнөттөн кийин эркеги уясына кайра кирип, балапандын бирин «желкесинен» алып чыкты да жерге ыргытты. Анан экинчиси да так ошентип жерге томолонду. Ал жин тийгендей түнөгүн да буза баштады.

Төбө чачым тик турду. «Ушунчалык да мыкаачы болушабы? Өз жумурткалары эмес беле? Же баспагандан кийин өгөй болуп калышабы? Аталык салт, мээрим, камкордук дегени кайда калган?»

Балапандарды карасам, али тирүү, араң жандары бар. Аябай боорум ачыды. Кандай жардам берүү керек?

Бирин канарейканын астына (ал бош уясына олтуруп алыптыр), бирин тигил «чатактын» уясына кайра салып көрдүм. Атасы баласын кайра силкип ыргытты. Андан мандем чыкпасына көзүм жетти. Аны да канарейканын астына салып койдум. «Уяты болсо багар»,— деп ойлодум.

Түштө келсем, канарейка дагы эле уясында жабышкансып олтурат. «Жылытып жаткан экен байкушум!» деп адегенде тигини ичимден алкап койдум. Анан: «Кантип жатышат болду экен? Жем берди болду бекен?» деген суроолорго кептелип, тигини акырын куйругунан түртүп койдум. Уясын таштап учту. Карасам берки эки балапан жалпайып, эбак өлүп, муздап калыптыр.

Ушундан кийин мен токуучулардын жумурткасын башка түрдөгү сайроочу куштардын ургачысына биротоло бастырбай калдым. Бөтөндүн баласы башкаларга бөтөн бойдон калат тура, көрсө.

Бир жолу Фрунзе шаарындагы зоологиялык дүкөнгө Жаңы Зеландия, Австралия тараптан элүүдөн ашык укмуштай татынакай, жарашыктуу, кичинекей куштар алынып келинди. Мындай куштарды мага окшогон натуралисттер мурда көрүшкөн эмес. Баарыбыз жабалактап, өз ара талашып-тартышып, түртүшүп жатып сатып алдык. Бир айдан кийин бири-бирибиздикине барып, тажрыйба алмашууга убада бериштик.

Бир айга жетпей меникине адегенде Ишенбай, анан Эркин, артынан Тобокел, Федор Иванович, Вячеслав Петров... деген ышкыбоздор келишти. Баарысынын

кейип-кепчигени, дарты бир — жакында зоологиялык дүкөндөн кастарлап алышкан, австралиялык эң кооз куштарынан бир паста ажырап калышыптыр. Бириники бир жумага жетпей өлүп калса, экинчисиники учуп кеткен, бирөөнүкүн мышык жеп коюптур.

Көбүнүкү өлгөнү кийин далилденди. Себеби аныкталды. Көрсө бул кичинекей куштарды бизде жашаган сайроочу чымчыктардан бир аз башкача багуу талап кылынат экен. Алар кара куурай, күн карама, акталган сулуну (жергиликтүү бардык куштардын эң негизги жеми мына ушулар) таптакыр эле жешпейт экен. Эң жакшы көргөн жеми кызыл, ак, сары таруу, жики, алабата, шыпыргынын уругу экен. Бул кесек тоюту. Эми чыктуу тоютун айтайын: өтө майдалап (чайналгандай) туuралган сабиз, жакшы бышкан кара малдын эти, какым-кукумдун, сары куурайдын, жикинин, теңге чөптүн, жерге төшөлүп өскөн чөптөрдүн жалбырактары, өзөктөрү жана гүлдөрү. Аталган чөптөрдү адегенде таза сууга 4—5 жолу жууп, анан курч бычак менен майдалашат. Ар бир чымчыкка күнүгө бир эле чай кашык жем жетишет. Эгерде чыктуу тоютту бир чыгынып көбүрөөк даярдап алсаңар, ал муздак жерде, целлофандан жасалган баштыкчада 10—15 күн сакталат. Четинен алып бере берүүгө болот.

Аталган эки түрдүү жемден тышкары африкалык чымчыктарга таза кум, бышырылган жумуртканын абдан майдаланган кабыгы, бор, жыгач көмүрү, туз керек. Бул заттардын баарысын алдын ала даярдап койгон ыңгайлуу. Мисалы, мен өзүм күз айларында эле бир чака таруудан майдараак ири кумду таап, аны жакшылап жууп, күнгө кургатып, мешке, казанга какtап, ичине жумуртканын жанчылган кабыгын, талкаланган борду, тузду, жыгач көмүрүн аралаштырып сактап коём. Бул 50—60 баш кушка 1,5—2 жылга жетет. Пыяладай жем салгычына толтуруп бир салып койсоңуз, бир-эки айда араң чокуп бүтүшөт.

Мындай жемди ветеринарлар минералдык жем деп аташат. Минералдык жем ар бир канаттуууга — тоодакка да, таранчыга да, кыргоолго да, чабалекейге да — текши баарысына өтө зарыл. Аны канаттууларга бербесе, ашказаны жакшы иштебей бузулуп, канат, моюн, бут сөөктөрү, омурткалары борпоң тартып бат сынышы, жөндөн жөн туруп эле майып болушу мүмкүн.

Австралия, Африка, Индиядан алынып келген куштар биздин коон, дарбызды, жер жемиштерибиз — карагат, кожогат, кызылгат, булдуркөнду, бадыраңды, кызыл кызылчаны, алманы, өрүктү, жүзүмдү, жаңгакты жакшы жешет экен.

Эгерде аталган жемдерден аз-аздан унутпай берип турсаңар, капасы жышыраак зым тосмодон (бир зым менен экинчи зымдын ортосу 1 сантиметрден ашпай) жасалса жана жарык жерге коюлса, токуучу куштар 10—15 жыл жашайт. Бул алардын картайганга чейинки толук жашы. Келгиндер тар капастарга караганда чоң-чоң капастарды жакшы көрүшөт. Мектепте, балдар бакчасында, клубда, өзүмдүк үйдө алар үчүн же чакан бөлмөнү, же жакшы түптөлгөн айнектелген веранданы бөлүштүрүп берсе эң эле сонун, ыңгайлуу болчудай. Андай үйдүн ичине 3—4 жаштагы алманы, өрүктү, же карагай, кайың, арчаны тигип, форточкага зым тор тосуп койсо, куштар ээн-эркин учуп, жакшы жумурткалап, көбөйүп кетишет. Муну мен пенсияга чыккан бир карыянын тажрыйбасынан улам айтып олтурам.

Ал кишинин Некрасов көчөсүндө кожолук (менчиктүү) үйү болор эле. Үйдүн чоң верандасын ал ар түрдүү куштарга арнаптыр. Анда түрдүү өсүмдүктөр, гүлдөр өстүрүлчү. Ар кайсы жерге кендирден токулган, фанерадан жасалган уя илип койчу. Верандага түштөн кийин күн тийчү. Өзүнчө эле африкалык чакан джунгли токоюна окшоп көрүнчү.

Ошол верандада канарейкалар, кооз, түркүн-түркүн

жапайы куштар, индиялык, америкалык какаду, амазонка, чаар ала ара, нимфа, үкүлүү жана башка тоту куштар жашоочу. Бири-бири менен кээде гана же жем, же бир бутак жөнүндө талаша кетишпесе, көп учурда баарысы безелене сайрап, каршы-терши учуп эле жүрүшчү, балапан чыгарышчу. Тукумун көбөйтүп жатып кээде бири-бири менен аргындашып да кетчү. Ошондо ортодон жаңы тукум, жаңы түр чыкчу. Мен андан аргындашкан 3 чымчык алып багып жүрөм.

Чет мамлекеттерден бизге алынып келинген токуучу куштар өз жеринде миңдеген жылдардан бери укум-тукум кууп жашап келаткандыктан, биздеги жаңы жем-чөпкө оңой менен көнүшпөйт. Ал жакта тростник өсүмдүгүнүн уругун жакшы көрүп, көп жешет. Бизче тростник—шыпыргы. Химиялык составы, элементтери, түзүлүшү боюнча тростник биздин кызыл, ак, сары таруута жакындашат. Анан бул чымчыктар өтө кичинекей болушкандыктан жики, ала бата, сары куурай, кекым-кукумдун уругун, отоо чөптөрүнүн уругун, бака жалбырактын уругун берүү өтө пайдалуу. Ал уруктарда майлуу кычкылтектери аз, ашказанын бузбайт, жакшы сиңет. Муну мен силерге өз тажрыйбамдан улам айтып отурам.

1971-жылы зоологиялык дүкөндөн сатып алган токуучу куштардын эркеги менен ургаачысы менин үйүмдө ушул кезге чейин жашап келатат. Жегени кызыл таруу. Кум. Жумасына эки жолу бышкан жумуртка. Бышкан эт. Сабиз. Отоо чөптөрүнүн үрөнүн берем. 5 жолу түлөштү. Экөө өтө ынак. Бири-биринен эч ажырашпай, өтө ынтымактуу жашашат. Жемди бирге жеп, түндө бири-бирине жакын ин-ичке бутакка конуп укташат. Кирингенде да бири-биринен кийин кезектешип сууга түшүшөт. Бирок, суунун бир аз жылуусун жакшы көрүшөт. Муздак суудан жылуу өлкөлөрдөн келген назик, өтө кичинекей канаттуулар суукка чалдыгуусу, анын кесепетинен ооруп калуусу айдан ачык.

Тропикалык климат биздин климаттан кескин айырмаланат. Алыс жактан алынып келинген куштарды өзүбүздүн климатка акырындык менен көнүктүрүү үчүн, арийне, көп жыл талап кылынат. Ал үчүн токуучу куштар коё берилген капасты мүмкүн болушунча жылуу, жарык жерге коюп, күн сайын кылдат байкоо жүргүзбөсө, куштардан тез эле ажырап калуу коркунучу турат. Капасты күн абдан ысык тийген, көлөкө эртеден кечке чейин түшпөгөн жерге эч коюуга болбойт. Анткени, күн мээ кайнатып ысыганда, бекинерге жер таппай алдасташат, башына күн өтүп, же көк мээ болуп калат, же мурт кетет.

Жем бергенден кийин да куштарга байкоо жүргүзүү зарыл. Анткени, алар берген жемдин баарысын эле чекесинен кирип жей беришпейт. «Тиши өтпөгөн», даамсыз, катуу уруктарды жешке далалат кылышат. Бирок, «тиши өтпөсө», андай жемди берүүдөн мурда же кайнаган суудан куюп жумшартып, же кагазга төшөп, бөтөлкө менен тоголотуп майдалап берсе, куштар андай жумшартылган, майдаланган жемди сонун жешет. Толук сиңиришет.

Токуучу куштар атайын жасалган жемдин бир түрүн эң сонун жешет жана өзүлөрүн сергек, шайыр сезишет. Ал эмне деген жем? Мен анын жасалыш ыкмасын айтып берейин.

Тооктун чийки бир жумурткасын пыялага жарып, анын агын сарысынан бөлүшөт. Жем үчүн сарысы гана керек. Ага эки чай кашык кумшекер салынат да кашык менен канты толук эригенге чейин аралаштырылат. Бүртүкчөлөр калбасын. Көбүктөнүп чыкканча аралаштыргыла.

Эми бул таттуу аралашмага бир стакан акталган таруу кошулат. Кашык менен бул күлазык да эринбей аралаштырылат. Ар бир даны жумуртканын сарысы менен «шыбалгандан» кийин ботко сымал нерсе таза ак чүпүрөк, же ак кагазга жайылып, кургатылат.

Аралашма жумурткадан улам чапташып, батташып, камыр сыяктуу биригип калгандыктан, кол менен кайра майдаланат. Башкача айткандай, таруу кайрадан бир-бирден ажыратылат. Болгондо эми ар бир даны сапсары болуп, майлап койгондой жылтырайт. Татып көрсөңөр, ал таптаттуу.

Мындай жем токуучу куштар үчүн өтө пайдалуу. Аны жумасына 2—3 жолу гана берип турса жетишет. Калган күндөрү жогору жакта саналып өткөн жемди жей беришсин.

Мендеги токуучу куштардын эркектери жазга маал сайрашат. Бирок, башка куштарга караганда доошу акырын чыккандыктан, алыстан угуу кыйын. Жакын жерде турсаң гана ышкырыктарын уга аласың. «Чи-чичыйт-чы-ыйт, чы-ыйт!» ци-чи-фыйт»,— дегендей кайрыктары өтө эле муңдуу, өтө эле назик угулат. Сайраганы ышкырык кейиптенет.

Акырында айтарым, токуучу куштар тазалыкты жакшы көрүшөт. Өзүлөрү күн сайын сууга түшүп, ар бир жүнүн таранып, эч бир кыпын, чаң, бөтөн чөпчарды денесине жолотушпайт. Ошондуктан, капасын жума сайын бир жолу тазалап туруу керек. Мен капастын түбүнө эски газеталардын барактарын төшөйм. Бир жумада бир жолу алмаштырып турам. 1,5—2 айда бир жолу куштарды башка таза капаска которуштуруп, беркисин ысык суу менен самындап жубам. Антпесе, канаттуулар кээде биттеп кетишет. Ал үчүн капасты тез-тез кайнаган сууга салып турбаса, бит абдан көбөйүп кетип, канын соруп, арыктатып, өлүмгө алып барышы да мүмкүн.

Таза капаста дайыма жем, суу, кум болсо, куштар да таза, жарашыктуу көрүнүп, жаратылыштагыдан эки үч эсе көп жашашат. Тазалык ар бир жан-жаныбардын, канаттуунун ден-соолугунун булагы. Бул ой баштадан бери белгилүү болсо да, дагы бир жолу эскертип койсом зыяны тийбес.

## II. ФЛЕЙТА

«Бул сапар сайроочу куштар жөнүндө эмес, үйлөмө музыкалык аспап — флейта жөнүндө айткысы келгенби, автордун?» — деп таң калып ойлоочулар да болор. Антип ойлобогула. Бул сапар деле мен силерге сайроочу куштардын эң коздорунун бир түрү тууралуу аңгеме куруп берем. Кыргызча атын таппадым. Орусча аты — Снегирь. К. Юдахиндин «Орусча-кыргызча сөздүгүнөн» «Снегирь» деген сөздү издеп, атайын карасам — «сайрагыч боз чымчыктын бир түрү»,— деп жазып коюптур. Мен мындай котормого таптакыр макул эмесмин. Анткени, снегирь деген канаттуунун денесинде бир дагы боз тал жүнү жок.

Башы, көздөрү көмүрдөй капкара; майланышкансып жылтырап турат. Төшү бышкан помидордой кыпкызыл. Жону кара-көгүш, сепкил-ала, куйругу тулкусунан кыскараак, анысы да чымкый кара. Канаттарында ак-ала, темгил-саргыч, туурасынан кеткен ийрибуйру сызыктары бар. Денеси чың, чымыр, төшү дагдайып жазы, чоң, башы сүйрүрөөк, алкоруга окшош, тумшугу кыска, анча-мынча жумшак данекти, бүчүрлөрдү, бутактарды тырс-тырс эттирип, бырча-бырчасын чыгарып жеп коёт. Карагаттын, өрүктүн, алманын, алчанын данегин гана жейт. Алма, алмурут, бөрү карагат, карагайдын ашын, ак кайыңдын сөйкөлөрүн, жер жаңгагын, күнкараманы жакшы көрөт, бирок, жумшак этин эмес, ичиндеги данын гана майдалап, күкүмдөп, «туурап» жейт.

Буттары, тырмактары күчтүү, курч, бутактан-бутакка тырмышып, секирип жүрүү үчүн өтө ыңгайлаштырылган. Жерге сейрек, суу ичүү же киринүү үчүн гана түшөт. Болбосо жайдыр-кыштыр калың токойлордун арасында жашап, уя салып, жумурткалайт. Балапандарын эреже катарында кышка маал, күн суук тарт-

канда чыгарат. Бирок, алар үшүбөйт, тоңбойт, бир айдын ичинде кадимкидей өсүп жетилишет.

Мага бул кушту тааныштарым Сибирден алып келип беришти. Сибирь, Кольский жарым аралы, Батыш Сибирь, Кавказ, Ыраакы Чыгыш, Россия Федерациясы, Урал тоолору, Приморский, Алтай крайлары, Куриль аралдары — мекени. Биздин тоолуу, кышы катаал, суук, чер токойлуу жерлерде да бар болушу мүмкүн. «Пржевальскийдин ары жагындагы тоодон мен көргөм»,— дейт орнитолог В. Макаров.

Келген эле күнү кенен капаска коё берсем, бир-эки саат өтпөй сайрап жиберди. Арийне, сайраганын не булбул, не кара шакылдак, не эжеке бээ саа, не башайы чымчык, не мыймытка салыштырууга болбойт дечи. Үч-төрт кайрыктан турган, сыбызгыган ышкырык, чоочуган аттын бышкырыгындай бышкырык, анан кээде ычкырына мүдүрүлгөн чалдын жөтөлүнө окшош кышылдоо — бул куштун «ыр» саптарын түзөт экен. Анысын эртеден-кечке чейин өзүнчө күңгүрөнүп, кобурап, божурап, кайталап ыкшыгансып олтура берет. Маал-маалы менен жем жеп, сууга кирингенде гана ыры басылбаса, жөн олтурганда «оозу» жабылбайт. Ыры — музыкалык аспап — флейтанын доошуна абдан окшош болгондуктан, мен үнүн угарым менен ага «Флейта» деп ат койдум. Ошол атын актап келатат.

«Флейта» жана ага окшогон куштар кышкы токойдун көркү, ажары, кумары десем туура болор.

Мындай бир сүрөттү элестетип көрөлүчү: кыш, карга чүмкөлгөн карагай, кедр жаңгагы, кызыл карагай, арча, ак кайың, бадал... Суук бетти кайрыйт, тишти омкорот. Ак мамыктуу төшөк астында бардык жан-жаныбар жашырынып, бекинип калгандай, калың токойдун арасында эч ким жоктой жымжырттык кулакты тундурат, чоочутат, элеңдеп ары-бери каранууга аргасыз кылат. Жок, коё турчу, тигил ийри бутакта кызыл желек жарк эттиби? Же кайсы-бир сыйкырчы

өзү көзгө көрүнбөй туруп, от жактыбы тигил карагайдын башында? Антейин десең тигил желек же от жандуубу, кыймылдайбы, кантет? Токточу, ошол тараптан чырылдагандай доош чыгабы? Ырас эле, кып-кызыл чымчык го! Бир дагы кара бүдүрү жок апакай мамыктын арасында кызыл сыйкырчы го мунун өзү?

Бороон улуп, борошо удургуп, өзүң аябай үшүп, кышкы калың токойду аралап, буугуп бараткanda кызыл төштүү мындай кушка жолугуу, ызгардагы таңшыганын угуу жанга кандай ырахат! Көңүлүң көтөрүлүп, өзүңдү жалгыз сезбей, барар жагыңа мындайда ишенимдүү кадам шилтейсиң. Ошондон болсо керек: жандан өткөн ызгардуу, түкүрүк жерге түшпөгөн суук, мээримсиз Батыш Сибирдин, Куриль аралдарынын, Забайкальенин элдеринин элдик оозеки чыгармаларында бул куш жөнүндө байыртан бери жаралган укмуштуу-кереметтүү жөө жомоктор, легендалар, болмуштар, макал-лакаптар, табышмактар, ырлар эң эле көп таралган. Аларды окуп отурсаң Снегирь (уңгусу — снег — кар) бирде эң ынак жан жолдош, бирде күрткүдө адашкан саякатчыга жол көрсөткөн жандуу от, бирде сыйкырчы, күңгүрөнүп сүйлөнгөн абышка... болуп элестелет.

Эски арип менен терилген айрым китептерден Снегирди орус адамы те алмустактан бери үйүндөгү эң жарык жерге, эң кооз капаска кондуруп, жемдин эң ширелүүсүн, даамдуусун (ал көбүнчө ар кандай мөмөлөрдү, ак кайыңдын, кара жыгачтын бүчүрлөрүн, кабыгын, уруктарын, какым-кукумдун жалбырактарын, ар кандай уу эмес гүлдөрдүн таажыларын да жейт) берип, баласындай бапестеп, багышкандыгы жөнүндөгү кызык окуяларды окууга болот.

Снегирь өзүнүн ээсине күчүктөй үйүр алат. Капасын ачып койсоң үйдүн ичинде каршы-терши учуп, столго конуп, дасторкондун үстүндөгү нандын күкүмүн, жуула элек идиш-аяктагы тамак-аштын калдык

тарын чокуп жеп, тартынбастан колго, ийинге, башка конот. Үйдүн терезеси ачык бойдон калса да сыртка эмнегедир зымырап учуп кетпейт.

Мен бир кишини көптөн бери тааныйм. Ал кызыл төштүү бул куштун эркектеринин бирин беш-алты жылдан бери багып келатат. Атын эмнегедир «Комуз» деп коюптур. Ушунча жылдан бери үйдөгү капастын ичинде балапанын алуу менен алек. Өзүнүн тукумундагы ургаачысы жок болгондуктан, ал «Комузуна» үй булбулу — канарейканын боз-ала чоң ургаачысын кошуп жүрөт.

Адатта канарейка үйдө укмуштай тез көбөйөт. Бирок, ал февраль айынан баштап, август айына чейин гана уялайт. Анан түлөйт. Түлөгөндө сайрабай да, уялабай да калат. Ал эми «Комузу» болсо, тескерисинче, кеч күздө уялап, тигил канарейкадан чыккан балапандар сыртта сууктан өлүп калып жатат. Үч жылдан бери балапаны тоңуп калып жаткандыктан, алиги менин таанышым көп убайым тартып жүрөт. Аракет текке кетип жатса капаланбай коёбу.

Мен кеп кылып жаткан канаттуу жаратылышта уяны жерден анчалык бийик эмес жыгачтардын бутактарына салат дешет. Уяда 4—6 жумуртка болот. Таранчыныкынан эки эсе чоң, көгүш, майда күрөң чекиттери, сепкилдери бар. Жумуртканы басууга ургаачысы да, мезгил-мезгили менен эркеги да катышат. 15—16 күндөн кийин алсыз, жүнсүз, мойну жиптей ичке, узун, кызыл эт балапандары чыгат. Эми аларды ургаачысы менен эркеги, негизинен, ар түрдүү чөптөрдүн, бадалдардын, жемиштердин жумшак уругу, бүчүр, жаш жалбырактар менен багып чоңойтушат. Эгерде катып калган жер-жемиш табылса, аны адегенде жемсөөсүндө нымдап, жумшартып, анан гана балапандарына кулгуп беришет.

Ургаачысы балапан басып отурганда эркеги андан алыс эмес жердеги бир бутакка конуп алып, эртеден

кечке чейин «рю-рю-рю», «фью-фью», кыш-кыш-кыш» деп сайрап, жарынын көңүлүн көтөрөт.

Кыш айларында бул канаттуулар бир жерде туруктуу жашашпайт. Жем издеп, дайыма көчүп жүрүшөт. Кыш аяздуу болсо, чоң шаарлардын парктарына, бактарга, скверлерге, айыл-кыштактарга учуп келишип, адам баласынын турагына жакындоодон да коркпойт. Эгерде кайсы бир бактын ичинде былтыркыдан үзүлбөй, жерге түшпөй калган алма, өрүк, алмурут, алкор, алча болсо ошону толук «отоп» бүтмөйүнчө башка жакка кетишпейт. Тентек балдар ушунусунан пайдаланып, кээсин кармап, кээсин атып коюшат. Кармап алгандарын жакшылап бага албагандыктан, алар деле эки-үч күндө өлүп калат.

Алдын сызып айтып кетерим — сайроочу куштардын кайсынысы болбосун, аны сактай билген, жанындай жакшы көргөн, жемди адегенде ошого берип, өз тамагын анан барып өзү ичкен гана адам бакса, ал куш көп сайрап, ээсин кубанычка бөлөйт.

Фрунзе шаарындагы Совет базарында кээде жекшемби күндөрү кызыл төш чымчыктар да сатылып калат. Аны окуучулар да, чоң кишилер да, студенттер сүймөнчүлүк менен сатып алышат. Биз, натуралисттер, ышкыбоздорду көрүп калсак, сөзсүз багуунун, сактоонун жөнөкөй эрежелерин айтып берип турабыз. Тажрыйбалуу адам жаңы үйрөнчүккө өз билгенин, башынан кечиргенин айтпаса, ал баарын кайдан билсин? Атайын жазылган колдонмолор, китептер, кеңеш бергидей кабарлар жок болсо, кайдан үйрөнөт, кимге кайрылат?

Азыр Фрунзе шаарындагы «Жаратылыш» дүкөнүнүн алдында «Сайроочу куштар боюнча атайын ийрим» түзүлдү. Анын онго жакын мүчөсү бар. Дээрлик баарысы сайроочу куштарды үйүндө 15—20 жылдан бери багып келе жаткан адамдар. Бири тоту куштарды көбөйтүү боюнча жеткен устат кишилер, кээси Африка-

дан, Япониядан, Австралиядан, Гвинеядан алынып келинген сейрек, тропикалык чытырман токойлордогу куштарды багышат, ошолордон балапан алуу үчүн өмүрүн арнашкан.

Мен өзүм кийинки эки-үч жылдын ичинде селекциялык иш жүргүзүүнүн үстүндөмүн. Селекция эмне экендигин очерктердин биринен издесеңер сөзсүз табасыңар. Ал, айрыкча, «Боз чымчык», «Канарейка — үй булбулу» деген очерктерде кеңири баяндалат.

«Флейта» жемди ылгабайт. Мисалы, мен ага жаңгакты, өрүктүн данегин (таруудай кылып майдалап), кара жыгачтын бүчүрлөрүн, эрмен, алманын уругун, ак кайыңдын самсалаган сөйкөлөрүн, тууралган сабиз, эт, картошка, сүткө малынган нан, быштак, жумурка, күн карама, сулу, таруу берип көрдүм — баарысын жейт экен. Бирок, жемди көп берүүгө болбойт, анткени ал жеткен соргок болгондуктан, аштыкты көп жеп алып, өтө бат семирип кетет. Семирсе, жүнү маалынан мурда түлөй баштайт. Түлөсө өңү да бузулуп, көрксүз тартып, сайрабай калат. Бир чымчыкка бир суткага — 24 саатка эки чай кашык жем болсо толук жетишет. Талаада ал мынча жемди таба албайт.

Жем жогоруда аталгандай ар түрдүү азыктардан түзүлгөнү жакшы натыйжа берет — канаттуу досуңар мезгилсиз түлөбөй, көп сайрап, дайыма кооз, жарашыктуу болуп олтурат. Татынакай куштарды башка кишилерге да көрсөткөндөн уялбайсың.

Кызыл төштүү, татынакай жана өтө кооз бул кушту багып калсаңар анын капасын 45X25X35 см. өлчөмүндө жасагыла да таманына 3—4 см калыңдыкта кум төшөп, суусун консерванын бош идишине куюп, ичине коюп, капасты мүмкүн болушунча салкынызраак жерге илип койгула. Снегирь — суукту жакшы көргөн куштардын бир түрү. Ысыкка ал көп чыдабайт, бат эле өлүп калат. Жай ысык, аптаптуу келсе, салкын бөлмөңөр же короодо багыңар жок болсо, анда капас-

тын үстүн, үч тарабын суугa нымдалган ак чүпүрөк менен эртең менен жана түштөн кийин ороп-чүмкөп тургула. Чүпүрөктүн суусу буулангaнда ал абаны нымдап, ысып олтурган куштун дем алуусун жеңилдетет, өпкөсүнүн, жүрөгүнүн, боорунун иштөөсүн жакшыртат, жем сиңирүүсү өз калыбында өтүп турат.

Капас демекчи. Аны жасаганды көп адамдар билбейт. Бирок, ар бир айылда жакшы усталар табылат. Адегенде ошолорго кайрылуу керек. Капастын таманы тунуке темирден, жээктери (10—12 см бийиктикте) жука тактадан, үстү фанерден, брезенттен, калың матадан, капталдары дат баспас зымдан, чийден же түптүз шилби, мажрүмтал, долоно, терек, сыяктуу жыгачтардын бутактарынан боз үйдүн керегесиндей «тигилет». Арасы 1—2 см ашпасын. Көзөнөктөрү андан чоңураак болуп калса, чымчык башын кыпчып өлүп калат, же денеси сыртка чыкса качып кетет, же ичинен мышык жеп коёт.

Эгерде кызыл төштүү Снегирь деген канаттууну багуу төп келишсе, ал капаста он-он беш жыл жашайт, болгондо эзилип бышкан помидордой кыпкызыл боёгу бир аз оңуп, ал күрөң-боз өңгө айланат. Сыягы капаста канчалык мыкты бакканың менен, ага ар түрдүү жем бергениң менен жаратылышта «Флейта» сыяктуу канаттуулар таап жешкен жемге ал жүз процент барабар болбойт окшойт. Жаратылышта «Флейта» — снегирь мөмөлөрдүн, чөп-чардын уругун, курт-кумурска, үлүлдөрдүн, көпөлөктөрдүн тукумун, личинкаларын, өзүлөрү каалаган жалбырактарды, бүчүрлөрдү, гүлдөрдү, чөптөрдүн жалбырагын жешет, шүүдүрүмдүн суусун ичишет. Мунун баарысын үйдөгү кушка таап берүү эч кимдин колунан да келбес. Биз берип жүргөн, жогору жакта саналып кеткен жем алар жей турган, күн көрө турган жемдин бир бөлүгү гана болуу керек деп ойлойм.

Биз, натуралисттер, снегирь, ала куш, үй булбул-

дарынын — кызыл, кочкул күрөң, мала кызыл, мала сары түрлөрү, башайы, чоң жылкычы чымчык сыяктуулар өзүлөрүнүн ачык, кооз, жарашыктуу өңүн, түсүн, келбетин жоготпос үчүн күнүгө ар бирине бир чай кашыктан майда тууралган сабиз берип турабыз. Анткени, сабизде каротин деген зат бар. Ал өңгө кызыл чыгарат, канды тазартып көбөйтөт, кандагы уулу заттарды кууп чыгарат. Сабиз куштар үчүн гана эмес, адамдарга, айрыкча жаш балдарга да пайдалуу.

## 12. ТОКОЙ КАЙРЫКТАРЫ

Тоолорго, талааларга, түздүктөргө, чөлдөргө, өзөндөргө караганда сайроочу канаттуулар баарынан токойлордо көп жашашат. Токой алардын уя салып, көбөйүүчү, жемин таап жашоочу, ар түрдүү душмандарынан пааналап, коргонуучу жайы, мекени жана турагы. Токойдун арасынан гана биз эң укмуштай кубулжуп сайраган, эң укмуштай түрлөнүп коозддолгон канаттууларды көрөбүз. Айрымдары, мисалы, үкү жапалак тоодактай чоң болушса, дагы бирөөлөрү, мисалы, токой эр сынары, короолу чымчык тооктун жумурткасындай кичинекей. Токойдо короолудан да кичине куш жолугат. Ал—колибри. Колибринин чоңдугу бал аарыдай. Бирок, канаттуулар түркүмүнө кирет. Жалаң гүлдөрдүн таттуу ширеси — нектары менен тамактанат. Балды, сууга чыланган шекерди да жакшы жейт.

Токойдун ичи, мисалы, Талас токой тилкеси, Беш-Таштын, Арстанбаптын, Пржевальскинин, Тянь-Шандын, Ак-Суунун, Соңкөлдүн карагай-черинин ичи жылдын төрт мезгилинде тең кооз жана жарашыктуу.

**ЖАЗ.** Карагай, кайың, каражыгач, бадал, өрүк, алма, алча... баарысы али жылаңач. Бүчүрлөрү гана көөп келаткан маал. Жерде акыркы кар эрип, былтыр-

кы жалбырактардын астына сорулуп сиңип, ичке өзөн-булак жыбылжып, эңкейишти көздөй сыбызгууда. Тигинде дарбыздай дүмпүйгөн дөңсөдө алгачкы назик, жумшак чөптөр баш баккансыйт.

Эртең менен эле күн жылуу болчу. Чирип түшкөн жалбыракtарды узун, сапсары тумшугу менен шоокумдата оодарып, астынан курт, сөөлжан издеп, арбаландап секирип коюп, кара шакылдак жүрөт. Мына ал тоюп алса керек, жыгачтын орто ченине учуп конуп, шакылдап сайрап жиберди. Ары жактан кичинекей короолу чымчыктын чыйпылдаган үнү чыкты. Өзүн көрбөсөм, короолу чымчык сайрап жатат деп түк ишенбес элем. Көрсө бул тырмактай канаттуулардын да үч-төрт кайрыгы болот тура. Жайкысын чымын-чиркей кубалап, убара болуп жүрүп, алар сайрабайт. Так ушул эрте жазда гана моокумдуу, ичке үнүн угууга болот.

Бадалдан не булбул үнү жаңырдыбы? Не кыргоол доош бердиби? Ага жооп кылып, күттүрбөй ак жаактуу жылкычы чымчык «пень-пень-пень!» деп алым сабак айтышты.

Бироокумда токойдун башы ыргалып, теңселип, бийлеп кирди. Шамал уулдап, бир паста алай-дүлөй түштү. Кар жаады. Сары кар. Жаздын кыламык сары кары. Ал көпкө жатпайт дечи. Бат кумшекердей эрип кетет. Муну куштар да жакшы түшүнүшөт окшойт, сайраганы басылбай, ыры мурдагы калыбында улана берди. Болгондо гана ылымта жерге жашырынышып, үрпөйүшүп, жаратылыштын убактылуу албууттугуна кызыга, тостоё, таңкала карашат. Көздөрү нурланып, жылтылдайт. Канаттарынан эриген кар көз жаштай тамчылайт, бутак ылдый шорголойт.

Беш-он мүнөт өтпөй шамал да, кар да басылды. Күн кайрадан чайыттай ачык. Бадалдын жыш түбү менен кубалашып, куйругун сүйрөй эки боз чычкан чуркап өттү. Кулактары тикчиет. Кыламык кардын

бетинде иймекей-чийимекей издери калды. Чычкандар күзүндө беленден койгон кампасына «каптарын» көтөрүп баратышса керек. Андай болсо, күн суук тартабы? Бирок...

Күн өткөн сайын токой ичи жылып, бүчүрлөр таңга жуук «тырс-тырс» жарылып, кочкул-күрөң жалбырактар ачылып, жашыл, майлуу чөп жайкала берди. Токойду араласаң атыр жытынан башың тегеренет. Туш-тушта тиричилик байкалат. Көмүскөдө кыргоол уяласа, бадалдын түбүнө булбул уя салып, жылкычы чымчыктын эң кичинекейи — карабашылы — теректин чирип калган, үбөлөнгөн, көңдөй-коңулчасына уя салыптыр. Андан төөнөгүчтөй тумшугу гана көрүнөт. Ургаачысы го. Эркеги ошол теректин жогору жагына конуп, безеленип сайрап жатты. Сыягы курбусунун кумарын кандырып, жүрөгүн туйлатып жатса керек.

Жазгы токой ичи никелешүү, үйлөнүү, уя салуу, табышуу, жер аянты үчүн талашып-тытышуу, сайроо мезгили. Жер талашып, тытышкан канаттуулардын эркектери гана. Ургаачыларынын чатак, мушташ, жаңжал менен иштери жок. Уя салуу менен алек. Душмандан коргой турган эркеги бар экендигин жакшы билет ошол ургаачылары. Ошондуктан жүн, чөп, жалбырак терип, искеп, уясын жайбаракат, шашпай жасай беришет.

Жазгы токой куштар үчүн кубанычтын, бакыттын, ажардануунун, бардык талантынын нөшөрлөп төгүлгөн мезгили. Толукшуган жазда гана куштар бар өнөрүн көрсөтүшөт. Көп сайрашат. 20—30 күн өткөндөн кийин мындай кайрыктарды укпайсың. Анда балапандары көз жарып, эркеги менен ургаачысы үчүн чоң түйшүктөр башталат. Жем ташып, убара чегишет. Сайраганга, ажарданганга, ажыкызданганга убакыт да калбайт.

**ЖАЙ**. Мен жайкы токойду аралаганды жакшы көрөм. Токойдун ичи жылуу, ар түркүн гүл, чөп, балыр,

жалбырак жыттанат. Ооба, ар бир жалбырактын өзүнчө жыты бар. Мисалы, теректин жалбырагы эт жыттанса, ак кайыңдын жалбырагы таттуу шире жыттанат. Жалбырактар жайында текши жетилгендиктен, токой калың болсо, ага жаанын огундай күн нурлары сейрек түшөт. Ар кайсы жерден куштардын сайраганы угулат, өзүлөрү көрүнбөйт: калың өскөн бутак, жалбырак, бадал арасынын кайсы жеринде олтурганын байкоо кыйын.

Куштардын жайдагы сайраганы жаздагы сайраганынан кескин айырмаланат. Адатта ургаачысы сайрабайт. Жазында, никелешкен маалында, эркектери өтө катуу үн менен айрыкча экиленип бек-бек сайрашат. Көп кайрыктары одоно, осол угулат. Кулактын кужурун жейт. Үнүн бийик чыгарып сайроо менен эркектери мисалы, булбулдун эркеги башка эркектерине: «Бул жер менин Мекеним. Башкаңар жолобогула! Уям да, ургаачым да, балапандарым да так ушул жерде! Кимде-ким жакындаса, менин учтуу тумшугумдан, бекем текөөрүмдөн, курч канатымдан бөөдө таяк жейт!» — деп эскертип сайрайт. Жайкы кайрыктары кубулжуп, тынч жаңырат. Ал кезде балапандары чоңоюп, жетилип калган болот. Алар өз оокатын таап жешет. Атасы болсо, тукумдарына кайрылып: «Мына, уккула, балдарым. Атаңар сайрап жатат. Менден үлгү алсаңар, келечекте мыкты сайроочу куш болуп жетилесиңер. Эң сонун сайрасаңар силерге башка сулуулар көз артат. Бийик сайрасаңар мекениңерге душман жолобойт. Биздин тукумду улайсыңар. Оо, биздин тукумдун жер бетинде жашап келатканына жүз миң жыл болду. Ошончо жылдан бери адамдардын моокумун кандырып келатабыз. Кана, эми силер да сайрап көргүлөчү»,— деп ого бетер үн кубултуп безеленет, көмөкөйүн бүлкүлдөтөт, бутагында ары-бери бийлейт.

Жайкы токойдон түркүн-түркүн кайрык угабыз де-

сеңер ал жерге күн чыга электе, таңга маал баргыла. Жылуу төшөккө алданбагыла. Эртең мененки саат алтыда турууга үйрөнсөңөр, жаратылыштын укмуштай сырларын ачып, боёкторун көрүп, шоокумдарын эшитесиңер. Токойдо куштар таң куланөөк сүргөндө, айрыкча таза, бөтөнчө назик үн менен сайрашат. Саат сегиз-тогуздарда токой ичи үп тартып ысып, нымшып чыгат да, куштар не жемин, не көлөкө издеп, унчукпай калышат.

Таңга маал токой ичи салкын. Түр-дүнүйө чөптө шүүдүрүм жылтырайт. Ал жылуу. Жылуу суудан жалаң аяк кечип бараткансыйсың. Үрккөн көпөлөк, чегиртке, уйкучу чымчыктар таман астыңан быр-быр учушат. Жөргөмүш гана каардуу желесин жайып коюп «жемин» тикирее күтүп олтурат. Байкоостон чымын, көпөлөк, чиркей торунун жанынан учуп өтсө, ага не тарбагай буту, не түрлөнгөн канаты, не узун тумшугу илинип калса, бечаранын куруганы: ал бечара торго түшөр замат сак жөргөмүш желелеп бачым чуркап келип, так жүрөгүнө «укол» саят. Ал уколдон туткуну ошол замат ныксырай түшүп ууланып, уктап калат. Жөргөмүш жемин желеге бапестеп ороп-чулгап, биротоло бошонуп чыкпас кылат да арыраак сүйрөп жеткирип, шашпай канын соро баштайт. Бир чымын бир жөргөмүшкө бир жумалык жем болот. Ага чейин дагы бирди-жарымы байкоостон торуна түшүп калса, аны күлазык кылып, сүрсүтүп, аркы жумага сактап коёт. Жеми кургап, даамсыз, жараксыз болуп калбас үчүн ал туткунун ого бетер шилекейлеп, бекемдеп чулгоолойт. Ага эми күн нуру да, жел да кирбейт. Бул чымын эки-үч айга чейин бүкүлү бойдон, «тубаса» бойдон сакталат. Жөн эле муздаткычта жаткансып бузулбайт да, чирибейт да, көгөрбөйт.

Жайкы токойго кирсең жаратылыш менен сырдаш болсоң курсагың ачпайт. Бүлдүркөн, карагат, бышып келаткан алма, өрүк, козу карын, талдын солкулдак

таттуу ичке жаңы өгөй бутактары, какым-кукумдун өзөгү да, жалбырагы да, бака жалбырак жана башка мөмө, жемиш өсүмдүктөр да адам баласынын ден соолугуна керектүү витаминдүү нерселер. Кеп аларды таап жеште гана турат.

Эгерде токойго жакын жерде саз бар болсо, анда бир аз кыйналасыңар. Кыйналганыңар ушул — денеңер көп жеринен укол жейт. Адатта саздуу, шалбалуу, нымдуу жерде чиркей көп болот. Айрым чиркейдин түрлөрү өтө чоң, кашка чымындай не көгөндөй, ийнесинин узундугу 1—2 сантиметрге жетет. Мындай ийне көйнөктөн, шымдан, калпактан майга сайгандай бырс этип жөн эле өтүп кетет.

1970-жылы мен август айында Омск шаарына барып калдым. Ал жерде туугандарыбыз бар. Шаар Иртыш дарыясын бойлоп узунунан салынган экен. Кууш. Бирок, узундугу 80—90 километр. Чар тарабы чытырман токой. Шалба. Саз. Көлдөр. Көлмөлөр. Шаары кооз. Азыр бир миллион адам жашап жатат. Бирок, чиркейлери андан көппү деп койдум. Токойго, не көчөгө, не чоң дарыя жээгине чыксаң чиркей жөн эле талап жейт. Тырманып жатып, жаның кашаят, көзүңө ажал көрүнөт. Бирок, жергиликтүү адамдарды чакпайбы, не алар биротоло бышып, ийленип, темир болуп калганбы, билбейм, мен кутурган немедей тырманып, тытынып, өрттөнүп жүрсөм, алар мага карап күлүшөт. «Оо, күлкүңөрдөн айланайын, омскилик, сибирдик жашоочулар! Бизге келсеңер, мен да силерди ааыларга өптүрүп, чактырып, бир күлсөм экен»,— деп ичимден ойлодум.

Токойлорунда сайроочу куштары жөн эле жер жайнайт. Мен өмүрүмдө укпаган, көрбөгөн куштар ушул жерде учуп жүрөт. Өзүлөрү: бул — варакушка, бул — синехвостка, бул — лазоревка, бул — луговой чекан, бул — горихвостка... деп тааныштырышты. Кайсы бирин жаттап калайын. Жуп кетерде мага бир окуучу

эки чоң жылкычы чымчык берди. Ал куштар жөнүндө кийинки китебимде айтып берейин.

**КҮЗ.** Күзүндөгү токой өзүнчө ажайып кооз. Баягы жашыл жалбырактар эми: кыпкызыл манаттай сары, буурул, күрөң, мала, кара кочкул тартып, ар түркүн түргө боёнгон. Улам бышып олтуруп маалынан өткөнү желге күбүлүп, жерге айланып, барактай каалгып, далбалактап учуп түшөт. Жылуу мамык болуп, бут астында шуудурайт, шуулдайт, шоокумданат. Чачылып калган түмөндөгөн тыйындарды аралап бараткансыйсың.

Жалбырактардын асты ар түрдүү курт-кумурскаларга, чычкандарга сонун жай. Ал жер жылуу да, жумшак да, берекелүү да. Курт-кумурска болсо, куштар да болот, чычкан болсо, үкү да, ылаачын да, ителги да болот. Ителги, куш болсо, мергендин жолу олжолуу болот. Мергендин жолу олжолуу болсо, биз жылуу тумак, мээлей, жака киебиз. Жылуу тумак кийсек, суукта да үшүбөйбүз. Үшүбөсөк көңүлүбүз эргип, ден соолугубуз чың жүрөт... Көрдүңөрбү, баарысы кумурскадан, чегирткеден, чычкандан башталды беле? Жаратылышта ошентип баарысы бири-бири менен тыгыз байланыштуу. Чынжырдай тутумдашкан. Бир шакеги үзүлсө, калганы ажырап, ыдырайт. Жаратылыштын чынжырын бузбайлы, сомдойлу, бекемдейли.

Күзгү токойдо да айрым канаттуулар жашап калышат. Ырас, көбү алыска-жылуу жактарга сапар чегерде токойдон старт алышат. Алар токойдо топторго биригип, семирип, жолго камынып, анан суук тарткан-да гана Африка, Кара Деңиз, Жер ортолук деңизи, Австралия, Америка тарапка учуп жөнөшөт. Бул жерде кээ бир түрлөрү: дүңкүлдөк, кара шакылдак, ала баш жана башкалары кыштап калышат. Калгандары сайрабайт. Тек күнүмдүк жеми менен алек болуп жүрө беришет. Сапарга чыкпай кечигип калган бирин-серин короолу чымчык, көлдөргө, көлчөлөргө келген каз

ордок, тартар, ак куулар болбосо, кар жамынган токойдо канаттуулар жокко эсе. Баягыдай Кү-күк! Күкүк! Пинь-пинь! Цень-цень! деген шоокум угулбайт, жаңырбайт.

Коё туруңузчу! Тигил бадалдын арасында бир нерсе шуудурайбы! Этияттап карап көрөлүчү. Оо, кыргоолдун эркеги экен. Коздугун караңызчы?! Ушунчалык сулуу кушка кимдин колу көтөрүлөт? Аны атууга кимдин дити барат?

Карагылачы, кыргоол чычырканактын кызгылтымсаргыч ашын искеп жеп жатат. Аны тикендери да сайбайт. Тикенектин ашы, жалбырак астында жашырынып жаткан курт-кумурскалар алардын негизги жеми. Чырканакты кесүүгө болбойт. Аны кесип, чарбакка короо кылып коюу менен жаратылыштын бир чынжырын үзгөн болобуз. Натуралисттер, мугалимдер, студенттер, окуучулар ага жол бербөө керек. Короону ичке учталган жыгач казыктар менен эле коздоого болот. Сырдап койсо, ого бетер көркүнө чыгат. Андан мал да кирбейт. Чырканак ордунда калса, ал жерде чил, кыргоол, булбул көбөйөт. Бул өсүмдүк карагайдай өтө жай өсөрүн эсиңерге салгым келет.

Күзүндөгү токойдо ар түрдүү жемиш көп. Алма, өрүк, жаңгак, карагат, бөрү карагат, кызылгат, мисте, бехи, алмурут... Биздин байыркы кыргыз жерибиз ар түрдүү жер-жемиш, мөмө-чөмөгө, канаттууларга бай келет. Баарысын атынан санап чыга албайсың. Алар биздин ырысыбыз, жайыл дасторконубуз, берекебиз. Ошол дасторкон дайыма жайылып, төгүлүп турсун үчүн жаратылышка адамкерчиликтүү мамиле кылалы. Анын макулуктарын туш келди кыра бербейли. Тескерисинче, корукка алалы, көбөйтөлү, көбөйүшүнө шарт түзөлү.

Токойду аралап баратканда туш-туштан канаттуулар учуп, сайрап, кубулжуп, ар кайсы жерден жер-жемиш, мөмө-чөмө жайнап турганы жакшыбы, же то-

койдун ичи кер-сары тартып, 10—20 километр жол бассаң да бир макулук жолукпай, бир дагы жемиш көрүнбөгөнү жакшыбы? Өзүңөр эле калыс болуп айткылачы?

Күзүндөгү токой адам баласына кандайдыр бир билинер-билинбес жумшак кайгы-капаны, тынчтыкты, бейпилдикти жанга алып келгенсийт. Күзгү токойдо эч жакка шашкың, аптыккың келбейт, ал жымжырт. Төшөккө жатар маалында биз да тыптынч тартып, бири-бирибиз менен шыбырашып, жай сүйлөшүп калабыз го? Бизди алдыда түн, уйку, эс алуу күтөт. Токой да ошондой. Ал кыштын келишин сезет, аны күтөт, андан коопсуздангансыйт. Сүрдүгөт.

Адатта сүрөтчүлөр күзгү токойдун көрүнүшүн кебезге тартып калууга ашыгышат. Сиз парктарга, кара бакка, альпинисттердин лагерине, ботаникалык бакка күзүндө барып калсаңыз, тигинде да, мында да түркүн-түркүн түстүү боёкторун жайып коюп, сүрөт тартып олтурушкан сүрөтчүлөрдү сөзсүз кезиктиресиз. Эмне үчүн алар күзүндөгү ыраңдарды жакшы көрүшөт? Себеби, күзүндөгү токойдо кызыл, сары, күрөң, мала кызыл, кочкул кара, кочкул күрөң... бардык ыраңдар ойноп-кубулуп турат. Жайында, негизинен, баарысы жашыл. Ошондон болсо керек мен сүйлөшкөн, мен тааныган художниктердин баарысы: «Сиз жылдын кайсы мезгилин жакшы көрөсүз?» деген суроомо: «Күздү»,— деп бир ооздон жооп беришет.

Анысы чын. Күзүндөгү буурул асман, саргайыңкы жылдыздар, шарпылдап, көбүктөнбөй, толкунданбай калган көл-деңиздер, күндүн чыгышы жана батышы, кээде себелеп жааган алсыз жамгыр, эгини, тамекиси орулган аңыздар, алгачкы жука, таза жуулган айнектей тунук муздун бут астында кычырап барып, чырт-чырт жарылганы, таңга жуук жонун кыроо баскан уйлар, койлор, жылкылар — баарысы кандайдыр башкача, тынчый түшкөндөй көрүнүшөт биздин көзүбүзгө.

Күзүндөгү токой жанатан бери оргуштап кайнап-кайнап, ар түрдүү сезимдерди ойготуп, удургутуп келип, акырындап жайлап, элес-булас угулуп басылганы тынчтанып бараткан музыкадай.

**КЫШ**. Кече батышты көздөй каркыра турналардын акыркы желеси сапар тартып, шуруланып өттү. Жаанын огундай тизилип алышкан экен.Биринчи каркыра турна сыягы жол башчысы болсо керек, анда-санда курк-курк, карк-карк деп доош таштайт. Калгандары жипке тизип койгондой, түптүз болуп, бири-биринен сөөм кыйшайбай кооз сызып баратышты. Канаттарын күүлөгөнү көрүнбөйт. Тек кандайдыр бир сыйкырдуу күч менен батышка оп тартылып баратышкансыйт.

Үп эткен жел жок болучу. Асман да чайыттай ачык эле.

Түшүмө ошол каркыралар кириптир. Алар менен мен да сапар чегип бараткансыдым. Мени төртөө «колтуктап» алышыптыр. Анда-санда канаттарын күүлөп коюшат. «Ой, акырын, жыгылып кетсем өлдүм го?» деп тигилерден сурап жалбарып коём. А тигилер ого бетер канат сермешет, ого бетер адымдап, күчтөп алдыга учушат... Бироокумда мени эмнегедир таштап жиберишти. Каргыш, наалат айтып, төмөн көздөй таштай кулап жөнөдүм. Акыры бир деңизге жетип, күп этип сууга түштүм. Кара деңизби, Сары деңизби, билбейм. Бирок, тарс урунганымды, сууну чачыратканымды бир билем...

Көзүмдү ачсам жерде устундай сулап жатам. Көрсө керебеттен учуп түшүптүрмүн. Өңүмбү, түшүмбү деп ага да ишенбедим. Сыйпаласам тегерегим бүт суу чылпылдап, көлкүлдөйт. Эмне болгонун көптөн кийин, жарыкты жандырганда гана түшүндүм: менин керебетимдин бут жагында канаттуу куштарым үчүн деп тундуруп койгон чоң чака суу дайыма турганы турган. Мен керебеттен кулаганда так ошол чаканы оодара тээптирмин. Суусу бүт полго, менин астыма да жа-

йылып: алиги Сары, Кара деңиз болуп түшүмдө көрүнгөн ошол суу экен. Ойгоно түшкөн балдарымдын боорун тырмап, күлүшкөнүн айтпай эле коёюн... Алар күлсө, менин ыйлагым келди. «Канаттуу куштарыма эртең кайсы суудан берем?» — деген ойдон ыйлагым келди. Тигилер ого бетер күлүштү. Же «Чычканга өлүм — мышыкка күлкү»,— деген сөз ушундай учурлардан келип чыкканбы?

Эртең менен сыртка чыксам, кечеки ажайып коозduктан — сары жалбырактардан, буурул-көк тарткан асмандан, жылаңач күрөң бутактардан бири да жок. Баарысын аппак кар чүмкөп, ороп, жашырып салыптыр. Биринчи кар. «Салбырын»,— дешет мындай карды мергенчилер. Бул күнү алар сонорлоп чыгышат. Түлкү, коёндон тайганына тиштетишет, бүркүтүнө карышкыр алдырышат. Бул күнү аңдын изи бадырайып даана көрүнөт. «Сонор кууган аңчыга, кыламык жааган кар жакшы»,— деп ырдашат аңчылар жолго аттанып баратып.

Мен аңчы мергенчи эмес, мүнүшкөр кушчу катарында токойду көздөй бастым. Жанымда тайган да, бүркүт да, мылтык да жок.

Токой чыгыштан батышты карай узун ичке тилке болуп созулуп жатат. Ак жамынып дүпүйөт. Биринчи көпүрө. Ары дагы бир көпүрө. Суу дале көп. Каракочкул тартып, күңгүрөнөт. Кар деле сампарлап жаап жатты. Жумшак, жеңил салмагы жок. Суута түшкөнү ошол замат коргошундай эрип көздөн кайым болууда.

Көпүрөнүн так түбүндө боз үйдөн чоң көгүш чырканак. Ар бир бутагында кеминде жарым кадактай сапсары ашы жамынган апакай кардан жылтыр-жултур көрүнөт. «Чырканактын ашы мол болсо, токойдо жашаган жан-жаныбар ачка калбас»,— деп ойлодум ичимден.

Бир бутагы сууга чейин салмактанып салаңдаптыр. Быжыр-быжыр улактай кубалашкан толкундар ал

бутакты топ кылып тээп, улам жүгүнтүп, не келин-жүгүн, не селкинчек кылып ойноп жатышат. Бутак өйдө көтөрүлүп кетейин дейт, тынымсыз агылган толкундан кутулайын дейт, салмактуу ашы төмөн басат, ан сайын жааган кар төмөн ныктайт, ныгырат. Кутулмак турсун сууга улам малынып, коргошундай оорлогондон оорлоодо.

Сары аштуу, жүзүмдүн сабагындай салмактан бутак дарыяга сынып түшсө не болот? Ашын ким жейт? Же суу түбүндө чирип калабы?

Жок. Чирибейт. Сууга түшүшүн, агып жөнөшүн түмөндөгөн балык, ондатра деген, териси кымбат жаныбар, суу чычкандары «чыдамсыздык» менен күтүп турушкандыр. Себеби, балык да, ондатра да, чычкандар да кычкыл май даамданган чырканактын ширелүү ашын сонун жешет. Анда ар бир жаныбар үчүн витаминдер жетишет болгондо да абдан керектүү, абдан пайдалуу $C_1B_1A$,Д деген витаминдер бар. Адамдарга да бул мөмө өтө керектүү күлазык. Ошонусун билбейбиз да. Билсек, түбүнөн кесип, 25—30 сотых жерди чырканак менен коруйт белек? Жүздөгөн түптөрүн бөөдө соолутат белек?

Мектеп окуучулары, пионерлер, атайын жиберилген адамдар чырканактын ашын терип, жыл сайын аптекаларга өткөрүшөт. Медициналык заводдор андан ондогон түрдүү наамдагы ар кандай илдеттерди дарылоочу баалуу, асыл дарыларды жасашат. Биз ал дарыны ичип, айыгып, сакайып жүрөбүз. А эмнеден жасалганын билбейбиз. Билүүгө кызыгып да койбойбуз. Кызыксак чырканак өскөн жерлерге өрт коёт белек?

Бир гектар жерде өскөн чырканак жүз кишини дарылап, 50 кыргоолго, чилге жем болуп, кыртышты бузулуудан коргойт.

Көпүрөдөн өтүп, оңго кайрылдым. Кар дале эленип жаап жатты. Кечеки күздөн дарек жок.

9*

Алыстан уй мөөрөдү. Адашып, үйүн таппай жүргөн айры мүйүз бечара го.

Так үстүмдөн шакылыктап сагызган учуп өттү. Бир нерседен шекшисе керек. Деги бир басылбай, шакылдай берди. «Эмне көрдү бул сак неме?» — деп алдыга адымдап бастым. Адегенде эч нерсе көрүнбөдү. Токой ичи тыптынч. Уйдун мөөрөгөнү дагы угулду. Эми жакыныраак эле жерден мөөрөгөнсүдү. Сагызган менен ошол уйдан башка токойдо жан жоктой экөө эле негедир тынчсызданат: «Эмне болду?»

Дагы жүрө түштүм. Сол жактан дагы бир үндү эшиттим. Ошол жакка бурулдум. Элүүдөй кадам шилтеп-шилтебей кичинекей чуңкур көрүндү. Анда бир кара нерсе кыймылдап жатат. Чуңкурдун жанында чоң ала уй турат. Мени көрүп ого бетер мөөрөдү. Карасам чуңкурда суу. Не саз, не тартма, не жөн арык экени белгисиз. Ошол жерге анчалык чоң эмес музоо түшүп кетип, чыга албай жан талашып жатыптыр. Энеси тартып алайын дейт, колу жок, сагызган жардам берейин дейт, анын кандай жардамы бар? Экөөнүн аргасы түгөнгөндө бири мөөрөп, бири шакылдап, кимдир-бирөөнү жардамга чакырган тура. Мына, жаратылыштын тилдик бир диалектиси!

Музоону чуңкурдан чыгарам деп мен бир топ убара болдум. Эңкейсем колум жетпейт. Бутак сунсам, музоо аны «кармабайт». Алайып мени карайт, ылайлуу сууну туягы менен чачыратат. Кийимчен аны чыгарарыма көзүм жетпеген соң чечиндим. Чуңкурга түштүм. Терең экен. Кудай жалгап тартма эмес. Тартма болсо, уй музоосунан эбак эле айрылмак. Суу белкурчоомо чыга түштү. Муздак. Музоонун бүт денеси суу, денеси ылай кармай албайсың.

Торпок менен бир саатча алыштым. Эч арга болбоду. Уй мөөрөй берди. «Кой, өзүм эптеп чуңкурдан чыгып, шаардын четинен барып бирөөнү чакырайын. Ага чейин музоо тумчугуп кетпес. Төрт туягы бекем

кыртышта экен. Күн дале анчалык суук эмес. Үшүбөс».

Ушинтип ойлогонумда, жакын жерден кардын шоокуму угулду.

— Эй кимсиң? Адамсыңбы, айбансыңбы? — деп кыйкырдым.

— Апей, адамдын үнү чыгабы? — деп кыздын коңгуроолуу үнү шаңк дей түштү.

— Ооба, адаммын! Бери келиңиз! Мен чуңкурдамын! Музоо экөөбүз...

— А-ха-ха! — эми кыздын шайыр күлкүсү даана угулуп, көп убакыт өтпөй кашатка буттарында лыжасы бар жигит менен кыз келип токтошту.

— Кантип түшүп кеттиңиз? — деп сурады жигит.

— Билбейм, ушинтип эле түшүп кеттик. Жардам берип койгулачы, байболгурлар.

— Музоо сиздикиби? — деп кыз сурады.

— Жок. Алдагы уйдуку. Мен жөн эле кышкы токойду көргөнү келгем. Мөөрөгөнүн угуп, басып келсем, бу шордуу киринип жатат. Мен азыр таптак көтөрөм. Силер алдыңкы буттарынан, кулагынан, мойнунан тарткыла. Эптеп чыгарып коёлу,— дедим.

Тигилер лыжасын чечип, таяктарын жанына таштапты. Курткаларын да чечип коюшту.

Мен музоону алдыңкы буттарынан кармап кызарып-татарып жатып көтөрдүм.

Буттары чуңкурдун кырына жеткенде жигит менен кыз шап кармашып, тартышты. Мен музоону артынан түрттүм. Чыгардык. Энеси чуңкурду чуркап айланып келип, музоосун жыттап, жалап, калың бадалдын арасына ээрчитип кетти.

Жигит мага да колун сунду. Чуңкурдан мен да бошондум. Кейпим укмуш эле болсо керек. Балыр, чөпчар, балчык чапташып, күлгөндөй абалда болсом керек, кыз кыткылыктап күлдү. Мен алардан уялып, чоң сууга чуркадым. Жуунбасам кийимимди кантип кием?

Кар жаай берди. Сууга түштүм. Үшүгөнүмдү айт-

пай эле коёюн. «Үшүгөн жокмун»,— деп айтсам ансыз деле ишенбессиңер.

Тишим-тишиме тийбей кийимиме келсем, кыз-жигит жок, лыжасын тээп кетип калышыптыр. Изи теректерди аралап, батышты көздөй созулуптур. «Аттарын да сурабай калбадымбы, кап»,— деп кейип калдым. Кийинип ары-бери карасам уй да, анын шөмтүрөгөн музоосу да көрүнгөн жок.

«Кой, үйгө кетпесем болбос. Саякатты дагы бир күнү улантармын»,— дедим да катуулап шаарды көздөй бастым. Жолумдан эки кыргоол—эркеги менен ургаачысы боортоктоп чуркап өттү. Корозунун жүнү жайындагыдай кооз көрүнбөдү. Бозоро, кубара, оңо түшкөндөй. Же кышка маал кыргоолдор да жүнүн алмаштырабы? Коён, кекилик, чил, түлкү кар түшкөндө агыш тартып каларын билчүмүн. Сыягы кыргоолдор да ошондой коргонуучу кийим киет окшобойбу? «Капырай, билгениңен, билбегениң көп. Миң жыл жашасаң да баарын билип, үйрөнүп, өздөштүрүп ала албайт окшойсуң?». Бутактан бутакка жылкычы чымчык учуп өттү. Мен аны «Пень-пень-пень»,— деген бийик үнүнөн тааныдым.

Жылкычы чымчык дегенде биз малдын, жылкынын жанында жүргөн узун куйрук, узун бут, көк, ак, кара сызыктары бар чымчыкты түшүнөбүз. Алыскы тоолордо, өзөндөрдө анын сапсары түрлөрү да жолугат. Бул канаттуулар биздин жерге чыйырчык, торгой, бөдөнө менен кошо келишет. Кээде озунуп баарынан да эрте келип калышат. Адамдан коркпойт, короолордо, жолдордо, кары кетип калган чарбактарда, дубалдардын түптөрүндө чымын-чиркей кубалап, чачылып калган данды, түшүп калган нан, май, картөшкө жана башка азыктарды терип жешет. Үйдүн шыптарына, көрүнөө эле жерге уя салышат.

Бирок, бул жылкычы чымчыктар сайрабайт. Мен сайроочу жылкычы чымчыктар жөнүндө айткым ке-

лет. Алардын түрлөрү эң эле көп. Эң ирдүүсү таранчыдан чоң болот. Токойлордо жашайт. Эң кичинеси короолудай. Бардык түрлөрү — мен билгенден жети түрү — московка, үкүлүү жылкычы чымчык, гаичка, узун куйрук жылкычы чымчык, лазоревка, апполлоновка жана чоң жылкычы чымчык жайдыр-кыштыр токойдо күн өткөрүшөт: уя салышат, балапан чыгарышат, сайрашат, кышташат. Кар оор түшпөсө кыш бүтмөйүнчө токойдон сыртка чыгышпайт. Жалбырактардын, жыгачтын кабыгынын астындагы курт-кумурскаларды, мителерди, личинкалардын жумурткаларын таап жешет. Чымын-чиркей кайда жашырынып калса да аны издеп жүрүп таап алышат. Бутактан бутакка секирип, жыгачтын тике өзөгү менен жогору, төмөн жорголоп жүрө беришет. Тырмактары өтө курч. Жыгачка бир жабышып алса, аны тартып да чыгара албайсың.

Кайсы бир окумуштуу СССРде жылкычы чымчыктын 50 гө жакын түрү жашайт деп эсептеп чыгыптыр. Анысы чын болуу керек. Тоолордо жана токойлордо, өзөндөрдө жана талааларда, чөлдөрдө жана шалбааларда, саздарда жашаган жылкычы чымчыктар чындыгында эле көп. Биз аларды билбейбиз. Ышкыбоз адам баласы мен атап кеткен жети түрүн капастарда багып келатат. Аларды сайроочу куштар катарында багышат. Айрыкча чоң жылкычы чымчыгын жогору кадырлашат жана урматташат. Эгерде кимде-ким Фрунзе шаарындагы Совет базарына жылкычы чымчык алып чыгып сатса, ал көпкө оозун ачып аңкайып турбайт. Күйөрмандар чымчыктарын бат эле талашып сатып алып кетишет.

Ырас, чоң жылкычы чымчыктын баарысы эле жеткен ырчы, артист эмес. Кээси начар эле сайраса, кээсинин кайрыктары анча-мынча боз баштуу булбулуңдан да калышпайт. Мен Омскиден алып келген эки жылкычы чымчыктын бири ургаачы экен. Аны токой-

го алып барып коё бердим. Эркеги менде калды. Жакшысы тийип калган экен 5 жыл сайрап берди. Жыл өткөн сайын кайрыктары көбөйүп, өнөрү артты. Мен ага чыйырчыктыкындай караңгы уя жасап бергем. Түн ичинде ошого кирип уктачу. Киши-кара келип калса да ошо караңгы уясына кире качуучу. 5 жылда мага да, балдарыма да үйүр албай койду. Баягысындай эле жапайы бойдон калды. Мага үйрөнгөнү — капасынын тешигинен курт берсем, жулуп алып жүрчү. Мен көзүнө көрүнбөй, анын кайрыктарын туурап ышкырсам, ал да кошо сайрап, мени кайталоочу. Экөөбүз алым-сабак айтышып жүрдүк. Бул алым-сабак ышкырышуу адамдарды аябай таң калтыруучу. Көбү чоң жылкычы чымчыкты жалдырап суроочу. Кээси беш-он эле күнгө берсең деп суранышчу.

Мен ага кандай жем бердим? Атайын кебек курт өстүрүп, күнүгө 5—10 курттан, 15—20 даанадан күн карама (андан көп берсе, семирип кетет), бир чай кашык быштак, ошончо эле тууралган сабиз, чегиртке, эшек курт, ийнелик, ботко, сүткө малынган нандан азыраак берип жүрдүм. Кышкысын капасына бир кесим койдун же уйдун чийки майын илип койчумун. Жылкычы чымчык аны 1—2 айда чокуп бүтүрүүчү. Ал бүткөндө жаңысын илчүмүн.

Чоң жылкычы чымчыгым өтө жарашыктуу, көрктүү эле. Башы капкара, төшү сапсары, мойнунан куйругуна чейин төшүн эки бөлүккө тең бөлүп эндүү кара сызык кесип өтчү (ургаачысында бул сызык энсиз болот), мойну капкара, жаактары аппак, жону жап-жашыл куйругунун үстү көгүлжүм, канаттары кочкулкүрөң келип, аларды агыш-жашыл сызыктар каршытерши кесип өтчү. Ал бир минутага да тыным алып, тынч олтурчу эмес. Эртеден кечке чейин ары бери учуп, бир нерсе издеп, жемин жылчыктарга бекитип, ал жерден кайра алып, башка көмүскө жерге жашырып, уясына кайра-кайра кирип, ичин кээде ыпыр-сы-

пырга толтурса, кээде кайра мизилдете тазалап турчу. Бөтөн киши келсе «хэ-хэ-хэ» — деп күлүп» алып уясына жалт кире качып, ал жерден тумшугунун учун гана көрсөтүп, шыкаалап олтурчу. Киши келген жагына кетмейинче түнөгүнөн чыкчу эмес. Кокус чыгып калса, жеминен бир нерсе ала качып, кайра жашырынчу. Чоң жаңгакты айрыкча жакшы көрчү. Бычак менен жартысын бөлүп берсем, данеги түгөнмөйүнчө чокуй берчү. Бирок, жаңгакты көп жегендиктен, ичи эч качан өтчү эмес.

Кээде мен аны: «Канаттары талып кеткен чыгар. Учуп бир жыргап алсынчы»,— деп үйдүн ичине коё берчүмүн. Ал үйдүн ичинде чагылгандай чарк айланып, хэ-хэлеп күлүп учуп жүрчү. Кокус чымын, чиркей, күбө, жөргөмүш көрүнүп калса, көз ачып-жумганча аны кагып алчу. Ал бар кезде биздин үйдүн ичинде бир да чымын жашаган жок.

Жылкычы чымчык жаратылышында баарына кызыккан, ынтызар, шок баладай. Ал баарысын өз көзү менен көрмөйүнчө, тумшугу менен чукумайынча тынч алып олтура албайт. Ошол кызыгуу сезими айрыкча өнүккөндүктөн, бул канаттуулар капаска өтө бат түшөт. Капастын ичине азыраак күн карама, 3—4 чегиртке, 2—3 көполөк, бир кесим май, суу куюп, бутакка илип койсоңор, токойдогу 3—4 жылкычы чымчык бири-биринен талашып, заматта капастын ичине кирип кетишет. Аларга караганда торгойду кармоо он эсе кыйын.

Тынчы жок мүнөзүн түшүнүү керек. Себеби, жылкычы чымчыктар өзүнүн жемин жыл бою шимшилеп издөөгө аргасыз болушат. Алар өтө ач көз. Жемди көп жешет. Курсагы такыр эле тойбогонсуйт. Жем издеп жүргөндө тынымсыз сайрап «жаагы» басылбайт. Ар бир кычыкка, ар бир жылчыкка, ар бир коңулга узун учтуу тумшугун салмайынча чыдап олтура алышпайт.

Адатта чоң жылкычы чымчыкты үй булбулу — ка-

нарейкаларды багышкан адамдар сатып алышат. Алардын ою боюнча канарейканын 3—4 айлык эркек балапандары чоң жылкычы чымчыктын «ци-ци-фи, ци-цифи? и-а, и-а» деген сонун кайрыктарын үйрөнөт имиш. Москвадагы конкурстарда не алтын, не күмүш, не коло медаллдарын жеңип алышат. Себеби, бул кайрыктар билермандар тарабынан өтө жогору бааланат.

Билбейм, анысы чынбы, не тамаша сөзбү, бирок, 5 жылдын ичинде менин жаш да, картаң да канарейкаларым чоң жылкычы чымчыгымдын бир дагы кайрыгын үйрөнүшкөн жок. Ал көп эле сайрады, бирок ага окуучу чыкпады. Кийин качырып жибердим. Капасына жем берип, суусун алмаштыруу үчүн үйгө кайра кирип кетсем (анын капасы балкондо турган) капастын оозу ачык калыптыр. Суусун алып келип карасам, чоң башым жок (мен аны Чоңбаш деп тергечимин).

Күттүм. Аябай күттүм. Көп күн күттүм. 5 жыл жашады. Ушунча мезгилдин ичинде мага үйрөнгөн жокпу? Капасына, даяр жемине үйүр албадыбы? Бет маңдайда эле алма, өрүк, алча багы өсөт. Көп болсо, ошого убактылуу пааналаган чыгар. Келип калар. Мыймытым, башайы чымчыгым, 8 канарейкам учуп кетишип, кайра келишпеди беле? — деп өзүмдү-өзүм алаксытып, сооротом. Бирок, беш күндө да, он беш күндө да кайрылбады. Сыягы бул канаттуулар адамга биротоло үйрөнбөйт окшойт. Канча бапестеп баксаң да канындагы жапайылык сезим түтүндөй булоолонуп чыкпайт көрүнөт. Бир учуп кетсе, күтпөй эле коюш керек экен. Мен болсом капастардын жетишпей жатканына карабастан, анын капасын бир ай ачык бойдон кармап, ичине күн ара жаңы жем салып күтүп жүрдүм. Бирок кайрылган жок.

Жылкычы чымчыктар эмне берсең ошону жей берет. Мала топу, булбул, кара шакылдак, эр сынар сыяктуу жемди ылгабайт. Нан берсең нан жейт, дан берсең дан жейт. Айрыкча күн караманын данын, майда

жер жаңгактарын чагып жегени кызык. Бирин «тиштеп» алып, бутагына конот да, аны бир буту менен бекем басып, тумшугу менен «түрс-түрс-түрс» чокуй баштайт. Чокуганы алыстан даана угулат. Данды күмжам кылды го деп ойлойсуң. Бирок, ал ары учуп кеткенде дан жерге тырс түшөт. Мындайынан бүтүн бойдон көрүнөт. Алсаң-кичинекей тешик жасап, ичиндеги данегин бүт жеп алган. Сырткы кабыгы бузулбаган бойдон калган. Мындай куу, амалкеч, мээнеткеч да канаттууну көргөн эмесмин.

Мен кеп кылып жаткан куштар жаратылышта укмуштай бат көбөйүшөт. Бир чыгарганда, 10—12 балапанды бир чыгарышат. Жумурткалары майда, апакай, тумшугунун учунда кызгылтым чекиттери, сепкилдери болот. Бир жазда 2 жолу балапан чыгарышат. Аларды баралына жеткиргиче орто эсеп менен 60—80 миң чегиртке, курт-кумурска —үлүлдү жешет. Бул жагынан алганда да, сайраганы жактан алганда да, жүнүнүн коолдугу жактан алганда да жылкычы чымчыктар ар тараптан корукка алынууга татыктуу канаттуулар. Бат көбөйсүн үчүн токойлордо, өзөндөрдө, бактарда чыйырчыктыкынан саал кичирек, бирок, турпаты, түспөлү жактан ага окшош уяны көбүрөөк илүү талапка да, максатка да ылайык.

Жаңы кармалып алынган Чоң жылкычы чымчык (берки түрлөрү андай эмес) абдан чатак салат. Ал капастан чыгып, качып кетүүгө укмуштай далалаттанат. Таң аткандан кечке чейин жылчык издегени-издеген. Кокусунан башы эле бата турган тешик тапса, анда бошонуп кетти дей бер. Кээде мештин оозунан кирип, мордон чыгып кетишет. Үч-төрт бөлмөлүү үйдүн ичине коё берсеңиз бардык бөлмөлөрдү, бардык коңулдарды тинтип чыгат. Жылтыраган, кыймылдаган буюмдун баарына бир сыйра тумшугун тийгизип чыкпаса, аты өчүп кала тургансыйт.

Жаратылышта жылкычы чымчыктар февраль айын-

да сайрай башташат. Күн өткөн сайын үнү бийиктеп чыгып, кайрыктары, күүсү көбөйөт. Март айында алар бийигирээк бутакка конуп алып, бийлешет. Ооба, кадимкидей сайрап жатып бийлешет. Анысы ургаачысын кошулууга, никелешүүгө жасаган ишараты. Эркеги канчалык ынтаа менен берилип, сонун бийлесе — ары-бери туйласа, ал ошончолук ургаачысын бат таап алат. Бири-бирин тандоо, издөө, жактыруу, сүйүү адамдардагы гана сезим эмес, канаттууларда да ошондой сезим дүрт этип албырттайт көрүнөт. Опасыз сүйүү буларда деле болот.

Чоң жылкычы чымчыктарды багуу үчүн февраль-март айларында кармоо керек. Бирок, көрүнгөнүн кармаса, андан жакшы натыйжа чыкпайт. Себеби, жогору жакта эскертилгендей, бул канаттуулардын баарысы эле сонун сайрай беришпейт. Орто эсеп боюнча 10—15 тин бири сонун сайрайт. Так ошону кармоого аракеттен. Бир белгисин көңүлгө түйүп коюп, артынан түшсөңөр, дайыма жем жеп, конгон жерин көрүп калсаңар өжөрлөнүп акыры кармап аласыңар. Ошол жерге капас коюп, ичине күн карама, жаңгак, май, бышкан эт салгыла. Даамдуу жемге ал сөзсүз азгырылат, арбалат.

Февраль-март айында кармалганы эмнегедир бир-эки жумадан кийин эле үйдө сайрай баштайт. Күзүндө, не кышында кармалганы 4—5 айга чейин сайрабайт. Жаш балапандары да көпкө чейин сайрашпайт. Кийин сайраса да, кайрыктары аз болуп калат. Себеби, алар чоң агаларынан ырды али үйрөнө, өздөштүрө элек болушат.

Жылкычы чымчык көп жашап, көп сайрасын десеңер адегенде ага бекем, жарык, кенен капас жасап, ичине сөзсүз кара чыйырчыктын уясын илип койгула. Ал ошол уяга кирип уктайт. Уя илбесеңер, жашырына турган жер таппай, алдастап, жүрөгү экиге жарылып, бат эле өлүп калат. Бул биринчиден.

Экинчиден, ага ар түрдүү жем бергиле. Ал: чегирткe, курт-кумурска, быштак, майда тууралган эт, сабиз, чийки май, күн караманын данын (15—20 данын бир суткага), бышырылган картошка, нан, алма жейт. Жеми канчалык ар түрдүү болсо, ал ошончолук көп жашайт, көп сайрайт. Ачып, чирип, батташып калган жемди бербегиле — андай жем канаттуунун өтө назик ашказанын бузуп, ар түрдүү илдетке алып келет.

Айрым адамдар (мен тааныгандардан) кезиккен жерде минтип «мактанышат»!

— Мен Чоң жылкычы чымчык да, кичине жылкычы чымчык да (анысы московка, лазоревка, аполлоновка) багып жатам. Жемине келгенде жалаң күн карама менен кара куурайдын уругун берем. Жарым жыл болду бири сайрай элек. Эмнеси?

Аларга да, башка окурмандарга да баса белгилеп айтып коёрум: күн карама менен кара куурайдын уругу өтө майлуу, аны мен билген куштардын (арасында ушул сөз козголуп олтурган жылкычы чымчыктардын бардык түрлөрү да бар) баарысы эң жакшы көрүшөт. Жем бергенде адегенде эле ошол эки урукту терип жешет. Жемде алар көбүрөөк болсо, аны жеп, бат эле семирип кетишет. Куштар үчүн семирүү өтө зыян. Ал эмнеге алып келерин мен очерктердин биринде кеңири айткан элем. Дагы айтаарым: күн карама менен кара куурайдын уругунан сак болгула! Канаттууларга аны көп бербегиле. Жалаң ошол жем менен баксаңар кушуңар ашып кетсе бир жыл жашайт. Бирок, бир дагы жолу сайрабайт жана акыры көз жумат.

Мен жылкычы чымчыктардын пайдалуулугу тууралу да ооз учунан кеп козгоп кеттим. Эгерде аларга көбүрөөк уя жасап, калың бактарга, скверлерге, парктарга (бул куштар жыш өскөн, калың токойлорду жакшы көрүшөт) илип койсоңор, ага чоң жылкычы чымчык да, анын берки түрлөрү да акыры учуп келишет, уя салышат, тукумдап көбөйүшөт. Алар айрыкча уя-

нын жоон жыгачтан көсөлүп жасалганын жакшы көрүшөт. Ал эмне деген уя деп таң калып жатасыңар го? Таң калбагыла. Көсөлгөн уяны жасоо өтө жеңил. Кара чыйырчыктын уясынан да жеңил. Ал үчүн узундугу 20 см, жоондугу да 18—20 см бутаксыз дөңгөч же жыгачтын жоон өзөгүн ара менен аралап алгыла. Эми аны өсүп тургандагыдай абалында кап ортосунан аралап бөлгүлө. Андан кийин ичин не курч бычак, не курч стамеска менен шашпай, жарып албагандай кылып көсөгүлө. Ички клеткаларын акырындык менен бүт оюп чыккыла. Адатта тегирменчилер тегирмендин аштоосун жоон теректен ошентип оюп жасашат. Кабыгынын калыңдыгы эки элидей — 3 см калса болду.

Бир бөлүгүнүн жогорураак жагына сыя челектин түбүндөй төгөрөк чийип, аны кылдат ойгула — канаттуу так ушул төгөрөк тешик аркылуу кийин уясына кирет. Ал да жасалып бүткөндөн кийин эми эки бөлүгүн бири-бирине мурдагы калыбында кынапташтырып, төрт-беш жеринен 3—4 сантиметрлик ичке мык менен кагып койгула.

Эмне пайда болду? Көсөлгөн кумурадай нерсе жасалдыбы? Ооба. Ага түбүн жана төбөсүн тактадан, калың фанерден, же төбөсүн калкан темир (чирибейт да, жаан өтпөйт), астын тактадан өз өлчөмүнөн 1—2 см чоңураак кесип кагып койгула. Уяңар даяр болду. Эми аны бел курчоосунан тал-дарактын бийигирээк жерине-жерден 8—12 метр бийиктикке — зым менен бекемирээк ороп, байлап койгула. Ал уя эч качан аңгырап бош турбайт. Ага же жылкычы чымчыктар, же кара чыйырчыктар, же короолулар, же башка сайроочу куштар, такыр жок болду дегенде таранчылар сөзсүз уя салышат, балапандарын чыгарышат. Мындай уя оңой менен чирибейт, жарылбайт. Аны сырдоонун, боёонун, актоонун деле кереги жок. Өзү илинген жыгачына куюлушуп тургандыктан, жырткычтар аны этибарына алышпайт. Негизгиси — эч жылчыксыз кылып

жасагыла. Ичи жарык кирбей, чылк караңгы болсун. Жарык кирсе жылкычы чымчыктар ага жашабай коёт. Себеби, алар ичине жүн, кыл, чөп-чарды жумурткалаганда гана ташышат. Балапандары учуп кеткенден кийин ыпыр-сыпырдын баарысын сыртка чыгарып ташташат. Ичин таптаза бойдон күтүшөт.

Кээде жылкычы чымчыктардын 8 ден 15 ке чейин учуп жүргөн боз балапандарын көрүүгө болот. Арасында бир чоң эркеги сөзсүз кошулуп жүрөт. Аны сапсары төшүнөн жана төшүн кап ортосунан экиге тең бөлүп өткөн көмүрдөй кара сызыгынан ажыратып билебиз. Кара сызыктын аягы куйруктун түбүнөн беш тыйындын чоңдугундай кара так менен бүтөт. Бул атасы. Балдарын жем издеп жегенге жана кубулжутуп сайраганга үйрөтүп жүргөн кези. Балапандар уядан чыккандан кийин ургаачысы кайра жумурткалайт. Эркеги болсо, тукумун ээрчитип алып, дагы 15—20 күн айланчыктап, ар кандай душмандарынан, каракчыларынан саксактап, үйрүлүп жүрөт. Бул жылкычы чымчыктардын өз балапандарына, тукумуна болгон боорукердигин, камкордугун айгинелеп турат. Айрым куштар, мисалы, бөдөнө, торгой, булбул балапандарына мынчалык күйүмдүү эмес. Балапандары уядан учуп кеткенден кийин «эмне болсоң — ошо бол»,— деп карабай коюшат. Кароосуз калган бечаралардын айрымдары так ошол алгачкы күндөрү эле иткушка жем болушат. Себеби, сактануу сезими али өөрчүй элек. Алар өтө ишенчеек болушат. Мышык, ит, үкү, кыргый качырып келатса да, качпай тостоюп, таңыркап олтура беришет. Анан алар жем болбогондо эмне болот?

Бул жагынан алганда жылкычы чымчыктардын бардык түрлөрү өз тукумуна өтө боорукер келишет.

Эми мен жылкычы чымчыктардын башка түрлөрү жөнүндө да бир-эки ооз сөз айта кетейин.

Себеби, мен алардын да айрым түрлөрүн багып

көрдүм, айрым түрлөрүн, мисалы, лазоревка, аполлоновка дегендерин азыр да издеп жүрөм. Табылса багайын деген ниетим бар. Алар да токойлордо жашап, токойдун көркү, токойдун балдары болуп эсептелишет.

Мен московка деген эки чымчыкты бактым. Азыр андай чымчыктар Фрунзе шаарындагы Дзержинский бульварында, парктарда, кара жыгач багында, Пржевальск, Тянь-Шанда жашайт. Түспөлү, өңү, дене түзүлүшү жактан чоң жылкычы чымчыкка окшош. Бирок, андан эки эсе кичинекей. Төшү боз, тигиникиндей узун кара сызыгы жок. Жону, башы, куйругу кара.

Өтө сүйкүмдүү, татынакай, шайыр канаттуу. Колго алып, оюнчуктай ойногуң келет. Бирок, колго алууга болбойт. Канаттууларды колго алчу беле? Ал куурчак, не оюнчук эмес да!

Сайраганы назик, үнү ичке, ыры 3—4 кайрыктан турат. Алар «тю-пи, тю-пи, ти-пью, ти-пью», «цы-ци, цы-ци» жана башка кайрыктар. Капастын ичинде да тыным албай, бир нерселерди эртеден кечке чейин издеп, тинтип жүрөт. Чоң тууганындай болуп ачкөз, сараң эмес. Жемин кычыктарга бекитпейт. Жемди көп талап кылбайт. Курсагы тойсо, тууруна конуп алып, башындагы жүнүн үрпөйтүп, терезеге карап сайрай берет. Жанына барсаң коркпойт, урунбайт. 5—6 айдан кийин эле алакандан күн караманын уругун алып жейт. Ал да уруктун жоон жагын тешип алып, ичиндеги данегин майдалап аш кылат.

Сайраганы жактан аны өтө мыкты, ак таңдай ырчы деп айта албайм. Бирок, кайрыктары кулакты тажатпайт, жумшак, ыргактуу. Кыл кыяктын доошундай. Кыл кыяктын сыбызгыганы кулактын кужурун албайт го. Московканын кайрыктары да ошондой. Эртеден кечке чейин сайраса да жадатпайт. Уга бергиң келет. Сергий түшөсүң.

Мендеги 2 московка бир жарым жыл жашады. Абдан жакшы көрчүмүн. Чоң жылкычы чымчыкка бер-

ген жемден буларга да аз-аздан берчүмүн. Анысын да түгөтүп жей алышчу эмес.

Бир жолу мен отпускага кетмек болдум. Ысык-Көл менен Тянь-Шань тарапка чыкмакмын. «Жылкычы чымчыктарымды убактылуу багууга кимге ишенип берсем болот!» — деп башым катып жүргөндө эшиктеш коңшулардын Таня деген кызы келип, менден чымчык сурады. Сүйүнүп кеттим.

— Таня, азырынча сен мына бул капкара эки чымчыкты багып тур. Мен эс алып келейин. Анан дагы көрө жатарбыз,— дедим да 2 московканын 10—15 күндүк жемин, кандай суу берүүсүнөн бери баарысын ак кагазга жазып бердим. Таня анда 5-класста окуучу.

Эки капасты чымчыктары, жем-чөбү менен үйүнө өз колум менен жеткирдим. Эки-үч күндөн кийин жолго аттанып чыгып кеттим.

Ал жактан 12 күндөн кийин кайттым. Келер замат Тcovнын эшигин черттим. Кыз мени ыйлап тосуп алды. «Эмне болду, Таня?» деп сурасам, ал: «чымчыктарыңыз өлүп калды» деп ыйлап жиберди. Мен да карбаластап, селдее түштүм. Сыягы кыз аларды бага албай койсо керек. Капасын карасам ичинде бир тоголок жем, бир тамчы суу да жок. Көрсө жемди муздаткычка салган бойдон унутуп коюптур. «Бала, баланын кылган иши чала» деген кеп ушул эмеспи.

Московка адамга эң сонун үйрөнөт. Ал колдон жем жеп, ийинге, башка, алаканга конот. Бир жыл баккандан кийин аны сыртка алып, кое берсеңер, эч жакка кетпей, үйдүн тегерегинде, жаныңарда курт-кумурска терип, каршы-терши учуп жүрө берет. Үйдү көздөй бассаң артыңан учуп жөнөйт.

Менин Женя деген бир тааныш жигитим бар. Болгондо да бою эки метр он сегиз сантиметр келген жигит. Жапайы куштарды гана багат. Үйүндө өзү темир канат кезинде уядан алып, багып өстүргөн үч московкасы бар. Капасы короодогу эски алманын ийри бу-

тагында илинип турат. Оозу дайыма күндүз ачык. Үч чымчыгы алма бакта чымын-чиркей терип, күн карамадан, быштактан, жумурткадан жеп алып, кайра бутактарды аралап кетишет. Кечинде үйүнө киришкенде, Женя капасынын оозун жаап, кичинекей кулп илип коет, анысы мышыктар жеп кетпесин дегени.

— Келерки жылы мен булардан балапан өстүрүп алайын деп жүрөм,— деди Женя мени менен болгон аңгемелешүүсүндө. — Азыр чоң капас жасап жатам. Жазга чейин бүтсөм, ичине уя жасап (мен жогоруда айткандай уяны) илип коем да капасынын оозун ачык калтырам. Уясына жумуртка туушуп, балапан чыгаргандан кийин тегеректеги бактардан курт-кумурска терип берип, багып чоңойтушат...

Буга эмне кошумчалайын? Женянын аракети мага жакты. Келерки жылы ал московканын балапандарын үйүндө чоңойто алса, мен андан бир-экисин карыздап турармын. Өзү да берем деген. Убадасы бар. Антка шержигит.

Эгерде силер да жылкычы чымчыктын кичинекей, көмүрдөй капкара, жылтырак түрүн кокус кармап алсаңар (анын жаактары гана аппак), капаска кое бергиле. Алгачкы күнү жемин жебесе, ага кыйнап да болсо, колдон жем жедиргиле. Сүткө малынган нан, бышырылган картөшкө, чегиртке, бышырылган жумурткадан тумшугуна жакындатсаңар, сөзсүз аз-аздан чокуп жейт. Бир эле жолу колдон жем берсеңер, экинчи жолку жемин алар капастан өзүлөрү чокуп жешет. Капасын ак жоолук, же ак кездеме, илеки менен жаап, терезеге койгон жакшы. Ал силерден чочубасын. Ошондо капастын ичиндеги жемди сөзсүз жеп, суу ичет. Бара-бара абдан үйрөнөт.

Лазоревка деген сөз орус тилинде «жашыл» деген сөздү түшүндүрөт. Аты ошондон берилгенби, айтор, лазоревка — жапжашыл жылкычы чымчык. Ал московкадан бир аз чоңураак, ирдүүрөөк.

Эгерде московка ийне жалбырактуу, калың токойду мекендеп жашаса, лазоревка, тескерисинче, ийне жалбырактуу токойлордон «качып», жазы, чоң, оймочийме жалбырактуу токойлорду артык көрөт.

Бул да тынчы жок, бир жерге бир мүнөт да «чыдап» олтура албаган канаттуу. Жаактары апакай, көзүнөн ылдый карай көгүлтүр түстөгү сызык бир тамчы жаштын изиндей «төгүлүп» өтүп турат. Башындагы агыш-көгүлжүм «топусу» ага ого бетер көрк берип, ажарын чыгарат.

Шаарларга, айыл-кыштактарга, адам баласы жашаган жерлерге көп жолобойт. Адамдан дайыма алысыраак, ээн жерде жүрүүнү каалайт. Шалба, саздак жерде жазы жалбырактуу жыгач, бадал тилкелери болсо, ал так ошондой жерде бутактан-бутакка секирип оттоп жүрөт.

Лазоревка — өтө пайдалуу канаттуулардын бири. Себеби, ал жалаң курт-кумурска, алардын тукумун, личинкаларын терип күн көрөт. Отоо чөптөрүнүн уругун өтө аз жейт. Аны да курт-кумурска таптакыр табылбай калган, Аяз ата кылычын музга жанган суук кыштарда гана аргасыздан жеши мүмкүн.

Үйдөгү капаска ал бат үйрөнөт. Кокус жашыл төштүү татынакай бул чымчыкты кармап алсаңар, аны московка, чоң жылкычы чымчык сыяктуу эле баккыла. Алар жеген жемди лазоревка да жейт. Айрыкча тууралган сабиз, талкан, быштак, курт-кумурска, азыраак жумуртка, эт кошулган аралашма жемге бир көндүрүп алсаңар, мындай жээнтектелген жемди жеп, лазоревка кеминде 10—12 жыл жашайт.

Жылкычы чымчыктын сүрөткө тарткандай эң сулуусу, эң коозу Аполлоновка. Куйругу денесинен эки эсе узун. Башы чымкый ак, капкара көздөрү гана жылтылдайт. Узун куйругу да ак. Төшү аппак. Жону акбоз. Тумшугу быйтыйып кичинекей.

Аралаш жалбырактуу токойлордо, нымдуу, саздак жерде жашап, ошол жерде уялап, балапан чыгарат. Кээде калың тигилген же жапайы түрүндө жыш өскөн ак кайың тилкелерин байыр алат.

Берки жылкычы чымчыктардын баарысы — чоң жылкычы чымчык да, московка да, лазоревка да, үкү баштуу жылкычы чымчыктар да жалгыз-жалгыздан жүрүшөт. Аполлоновка эч качан жалгыз жашабайт. Ал 8—10—12 баштан биригип жүрөт, же жок дегенде эки-экиден бөлүнүп жашайт. Бири-биринен такыр ажырашпайт.

Мен Сергей Торопов деген студенттин үйүнөн экөөн көргөм. Сергей аларга татынакай уя жасап, капастын жогорку бир бурчуна илип коюптур. Мен үйүнө киргенде экөө тең уяда экен. Биз сүйлөшүп көпкө олтурдук. Башка куштарын бүт карап чыктым. Жапайы куштардын кырктан ашык түрү жашайт экен. Өңдөрү жөн эле башайы кездеме. Түрлөнөт: ак, кызыл, сары, кара, көк, жашыл, мала кызыл, боз, күрөң... Мынчалык түрдөгү куштарды мен башка эч кимден көргөн эмесмин. Ышкыбоз деп ушул жигитти айтса болот. Бош убактысын бүт куштарынын жанында өткөрөт.

— Сайроочу куштар боюнча илимий эмгек жазайын деп жүрөм,— деди ал мени менен болгон аңгемелешүүсүндө. — Байкоолор көп топтолду. Мисалы, сиз да канаттуу куштарды мен туула электен бери багып келатыптырсыз. Аныңыз жакшы. Бирок, айтыңызчы, кара торгой, токойдо жашаган сары айгыр дүмпүлдөк, токойдо гана жашаган Юла торгой, алтын куш «Мен кимге күйөө», жорго чымчык жана башка сейрек канаттуулар жөнүндө эмнелерди билесиз? Көрдүңүзбү, билбейсиз. Мен аталган куштарды ийне-жибине чейин изилдеп чыктым. Сизге азыр «Мен кимге күйөө» деген өңү сап-сары, чоңдугу күкүктөй кушумду берип жиберсем, бир жума өтпөй өлтүрүп аласыз. Себеби,

аны бакканды билбейсиз. Башкача айтканда, жемди кантип бергенди билбейсиз. Туурабы? Туура.

Жаратылышка кызыккан, ага өмүрүн арнаган ушундай жигиттер көп болсо.

Экөөбүз жарым саат сүйлөштүк. Узун куйрук апакай чымчыктары — аполлоновкалар уясынан чыкпады. «Менден коркуп олтурушса керек»,— деген ой кылт этти.

— Ушундай уялчак немелер,— деди Сергей. — Жакшы көрүшкөн кебек курттарынан берип көрөйүнчү.

Ал чоң темир кутудан 3—4 кебек курттун личинкаларын алып чыкты да, аполлоновкалардын капасындагы жем салгычка таштады. Ал капастын оозун жабар замат уядан кирсиз ак пахта түспөлүндө жеңил бир чымчык доошсуз учуп чыкты. Артынан экинчиси да көрүндү. Биринчиси бир куртту тиштеп, уяга кире качты. Экинчиси да бир куртту тиштеп, уяга булт этип кирип кетти.

— Кишинин көзүнө көрүнбөй, дайыма ошентип уялчаак келиндей жашырынышып олтурушабы? — деп сурадым.

— Жок. Капастын ичинде ары-бери ойноп эле жүрүшөт. Башка киши келсе, ушинтип ийменчек болуп калышат. Экөө деги ынак. Эч качан чырлашпайт. «Кээде «кантишер экен», деп тамаша иретинде бир эле курт салып коем. Талашышпайт. Сөзсүз бөлүп жешет. Уясы гана тарыраак болуп калды. Узундугу 24 см, туурасы 24 см, бийиктиги 18 см уя жасайм. Куйругу мынчалык узун болорун мен мурда элестеткен эмесмин. Бул экөөн биринчи жолу багып олтурам. Жазында дагы экөө-төртөөн кармаймын деп жүрөм. Ал үчүн Пржевальскийге барышым керек. Керек болсо барам да... Көп кишилерде аполлоновкалар бат эле өлүп калышат. Анын себеби, алар жемди көп беришет. Бул канаттуулар соргок бо-

лушат. Канча берсең өлөрүн билбей жей беришет. Өлбөс үчүн жемди аз-аздан, бир күндө 2—3 жолу берип жатам. Лекциядан келер замат, адегенде ушул экөөнө жем сунам.

Бул куштардын сайраганы анчалык эмес. Бирок, жалаң татынакай түрү, узун куйругу үчүн эле экөөн, же төртөөн бакса болот...

Токой ыргактары жакшы музыкадай. Токойду аралаганда шоокум чыгарып, кыйкырып, жинденип, ызычуу салууга болбойт. Токойдун ичинде шыбырашып сүйлөшүп, көбүрөөк кулак түрсөңөр, тыңшасаңар укмуштай күүлөрдү угасыңар: бул жерде эң мыкты сайраган куштар жашайт, бул жерде эң кооз көпөлөктөр учуп жүрөт, токойдун ичи салкын, дайыма жашыл жана жыпар мончок жыттанат.

Мен жогоруда азыраак кеп кылып кеткен канаттуулар жана алардын башка түрлөрү Тянь-Шандын жана Таластын, Аксуунун жана Арпанын, Жети-Өгүздүн жана Жалал-Абаддын... токойлорунун алтындай кымбат байлыгы. Ал байлыкты курулай ысыраптоого болбойт. Ар бир түрүн кылдат үйрөнүү, кылык-жоруктарына байкоо жүргүзүү, ар тараптан корукка алуу, ар түрдүү уя менен камсыз кылуу — ар бир адамдын ыйык милдети деп эсептейм.

Токойдо жашаган куштардын түрлөрү эң эле көп. Мен жүздөн бирин да айткан жокмун. Көпчүлүгү куурап, ичи чирип калган жоон жыгачтардын ичин көзөп, өзүлөрүнө татынакай уя жасашат. Кароолчулар, токойчулар, корукчулар мына ушундай өлүү жыгачтарды кеспей эле коюшса жакшы болмок.

Кимде-ким токой канаттууларын баккысы келсе, ал адегенде токойдун досу, жардамчысы, көз салуучусу болушу керек. Ал үчүн токойго жылдын төрт мезгилинде барып, анын жашоочулары менен кеңкесири таанышып, мүнөзүн үйрөнүп, эмне жем жегенин байкап, сырдашып, тажрыйба топтолгондо гана тигил же

бул канаттууну үйдө багууга бел байлаган жакшы натыйжа берет. Токойдон кармалып келген канаттуунун үйдө өлүп калышы — куштарды сүйөм деген ар бир ышкыбоз киши үчүн өтө кайгылуу.

Эгерде токойдо канаттуулар болбосо, токойдун өзү да болмок эмес. Себеби, аны жаш чыбык кезинде эле түмөндөп көбөйүшкөн курт-кумурскалар, мителер, коңуздар, чегирткелер, ж. б. лар кемирип, соолтуп, кууратып коймок. Токойго көп барып турсаңар сөзсүз мындай окуяга күбө болосуңар: жылкычы чымчыктардын бардык түрлөрү, короолу куштар, мен аттарын билбеген ар түрдүү чоң жана кичине канаттуулар маал-маалы менен топторго биригип алып, катарга тизилип алып, жыгачтарга чабуул жасап жөнөшөт. Алдында дайыма чоң жылкычы чымчыктар, тоңкулдактар, чыйпылдактар, артында андан майда канаттуулар жүрүп олтурушат. Биринчи катары да, экинчи катары да ар бир жыгачты, ар бир бутакты, ар бир жалбыракты дарыгерлердей кылдат текшерип, тыңшап чыгышат. Алардын курч, көрөгөч көздөрүнөн, курч тумшугунан бир дагы мите, личинка, кумурска качып, жашырынып кутула алышпайт. Эмне көрүнсө, ошону жеп жүрүп олтурушат. Ошондуктан, биз канаттууларды токойлордун, өзөндөрдүн, бактардын.... санитарлары, тазалагычтары деп айтабыз. Алар бизге мынчалык көп, теңдешсиз жакшылык кылып жатканда, биз үчүн айттырбай камкордук көрүшкөндө, биз аларды мылтык, тапанча, рогатка менен атып, ташка, окко, отко алышыбыз жакшыбы? Бул мыкаачылыктын барып турган чеги го, окуучум. Өзүң деле ойлонуп көрчү: тырнактай макулуктар бизге эч арамдык ойлобосо, эч кандай душман болбосо, биз аларды коргошубуз керекпи же кордошубуз керекпи?

# 13 ЧЫЙЫРЧЫК

**Кара чыйырчык көрсөңөр**
**Урбагыла таш менен**
**Жыгачтан уя салгыла**
**Ала шалбырт жаз менен**

**(Алыкул Осмонов)**

— Агай, кара чыйырчыктын бир эле түрү барбы же алар да торгой, майкот, мукур, жылкычы чымчык, кара шакылдак сыяктуу бир нече түргө бөлүнүшөбү? — деп сурашты менден бир жолу үйгө келишкен бешинчи класстын мотурайган үч окуучусу...

Эмесе, бул сөзүм баарыңарга тааныш канаттуу жөнүндө болсун.

Кара чыйырчык. Адам баласына ушунчалык байыр алып, ага өтө жакын жашаган башка кайсы жапайы сайроочу канаттууну билесиңер? Ал кичинекей айылкыштактарда жана чоң-чоң шаарларда, ээн талаадагы темир жолчунун үйүнүн төбөсүндө жана альпинисттердин лагеринде, жер айдап жаткан тракторчунун сокосунун артында жана чөп чапкандардын тегерегинде жорголоп, учуп жүргөнү жүргөн. Биз ага абдан үйрөнүп, көнүп калгандыктан, көп учурда анчалык элес деле албайбыз, көңүл деле бурбайбыз. Тек бизге бул канаттуу короодо, чарбакта жүргөн тоок, өрдөк, каз сыяктуу деги жакын, ынак болуп көрүнөт.

Эмне үчүн мындай? Эмне үчүн биз кара чыйырчыкты жаныбыздай жакшы көрөбүз? Ага жаз келери менен уя жасайбыз. Анткени, бул шайыр канаттуу бизге өтө көп пайда келтирет. Саратан, чегиртке, коңуз. Булардын түрлөрү эсеп жеткис. Эгерде кара чыйырчык таптакыр жаратылышта болбосо, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түмөндөгөн зыянкечтери адам баласына эсепсиз чоң залал келтиришмек. Буудайды, жүгөрүнү, арпаны, сулуну жеп бизди нансыз; кызылчанын жал-

быргагын, түбүн мойсоп бизди кантсыз; алма, өрүк, шабдалыны... кемирип, бизди витаминсиз, ширесиз, белоксуз калтырышмак. Мындан 30—40 жыл илгери саратан, чегиртке Жердин айрым райондорун сасык жөө тумандай каптап кеткенде, артында кууураган боз талаа калган дешет азыр улгайган кишилер. Ошондо зыянкечтерге каршы күрөшүү үчүн башка жактан, алыскы бөтөн өлкөлөрдөн кара чыйырчыктарды миңсандап алып келип коё беришкен. Канаттуулар менен курт-кумурскалардын ортосунда кансыз аябагандай чоң кыргын болгон экен. Канаттуулар жеңип чыгып, адам баласынын улугу — нан, демек, буудай сакталып, аман калыптыр.

Африканын, Американын, Чыгыш Азиянын али начар өнүккөн, байыркы деңгээлде калып келаткан өлкөлөрүнө түркүн түстүү курт-кумурскалар азыр деле ойлонто тургандай көп зыян келтирип жатышат. Кээде алар кара чыйырчык, таранчы деген канаттууларды биздин өлкөдөн «сатып» алууга мажбур да болуп жүрүшөт.

Кара чыйырчык өзүнүн чоң пайдасы менен адам баласына жагып калгандыктан, миңдеген жылдардан бери, укумдан-тукумга анын жанында жашап келатат.

Дыйкан: «Кара чыйырчык көрүндүбү — жаз биротоло келди деп түшүнө бер. Эми кыш кылычын кынынан канчалык жалаңдатып суурубасын, ал эч нерсе кыла албайт. Эми атты чегип, сокону курчутуп, кара жерди майдай тилип, аштык айдай берсек болот»,— деп алаканына түкүрөт.

Малчы: «Тигинде кара чыйырчык топтой секирип жүрөбү, ыя? Жаз келип калган турбайбы! Эми жер жарылып, көк чыгып, малыбыз тоюнат экен. Жуттан аман-эсен кутулдук. Шүгүрчүлүк!» — деп канжардай жазы мурутун жанып, сакалын сылайт, күлмүңдөй апай төшкө көз чаптырат.

Балдар: «Ээ, ата, кече эле кара чыйырчык жок эмес беле! Карасаң, тигил мырза теректин кылдай учунда сайрап олтурат. Жүргүлө, агайга барып айтабыз. Тезирээк уя жасайлы. Ка-ап, мурда эле жасап, даярдап койбой!» — деп өздөрүнчө бушайман, өздөрүнчө түйшүккө түшүшөт, мастерскойду көздөй ашыгышат.

Айтор, кара чыйырчыктын келишине кайдыгер жан жок чыгар. Ал ар бирибиздин өмүрүбүз, жашообуз, болмушубуз менен бекем баш кошкондой. Учукыйыры көрүнбөй чалкып жаткан улуу, сыймыктуу Мекеним — СССРдин кайсы гана жерине барбагын текши аймактарынан татынакай, көмүрдөй капкара бул кушту жаз маалында сөзсүз көрбөй, жолуктурбай койбойсуң. Жазында жана жайында эркектери сыйкырчы майлап койгонсуп, жылтырап, кубулуп турушат. Күзгө маал денесинде чаар-ала чекиттер пайда болот. Ал жаратылыштын бир табышмагы. Сыягы жаратылыш күзүндө жашыл киймин жоготуп, өзү боз тартканда кара чыйырчыкты да бозортуп, ар кандай алгыр канаттулардан сактап, коргойт окшобойбу. Мүмкүн ошондой чыгар.

Мына, ал кыштаган жери — Испания, Греция, Италия, Каспий жана Кара деңиз тараптан март айынын орто ченинде келди дейли. Ар бир үй-бүлөсү миңдеген километр жерден канат талытып учуп келсе да, былтыркы «үйүнө» кайра пааналабай койбойт. Адегенде эркектери, артынан он чакты күндөн кийин ургачылары учуп келишет. Озунуп келген эркеги былтыркы уясына аярдап баш багат: «Ичинде эч ким жок болду бекен?» — деп саксынып, текшергендегиси. Кээде анын уясын албуут таранчылар, же шойкоңдуу жылкычы чымчыктар, же тынымсыз кыймылдагы тыйын чычкандар ээлеп алышат. Айрыкча кара чыйырчыктын үй жаатындагы эң негизги «душманы» — таранчы. Ал алыска — Африкага кетпей, ушул эле жерде

кыштап калгандыктан, бар максаты чыйырчыктын татынакай, жылуу, кенен уясын ээлеп алууга бурулган. Чыйырчык сапар чегип кетер замат уясын ээлейт. Ээси жазында кайткандан кийин деле үйүн ага оңой менен бошотуп, кайтарып бербейт. Кадыресе салгылашып, тытышып, кармашып жатып, кайра берсе берет, бербесе көптүккө салып, чыйырчыкты «башка жерден уя таап ал»,— деп кууп да жиберет.

Бир жолу менин көрктүү, бактуу-шактуу айылым — Шекерде мындай кызык окуя болду. Ага мен өзүм күбөмүн.

Биздин короодогу дүпүйгөн бутактуу чоң жыгачта көп жылдан бери чыйырчыктын уясы илинип турчу. Ага жыл сайын эки чыйырчык келип, уялап, эки жолудан балапан чыгарышчу. Орто эсеп менен 8—10 балапан учуруп кетишчү.

Бир жолу сырттагы шоокумдан ойгондум. Анда мектепте окуп жүрчүмүн. Жаз алды. Сыртка мүдүрүлө чуркап чыктым. Кадыресе суук экен. Ичиркенип кетип, боз пальтомду ийниме жамындым. Карасам кара чыйырчык келип, таранчылар менен уясын талашып жатыптыр. Чыйырчык бирөө (сыягы эркеги го), таранчы үчөө (сыягы эркеги менен эки ургаачысы). Жалгызга жардам бергим келди. Бирок, кантип берем? Таш менен урсам, таранчылар да, кара чыйырчык да жөн эле учуп кетет. Ал белгилүү дечи. Пайдасы кайсы? Айла жок. Аңкыйып карап тура бердим. Тигилердин чатагы улам ырбай, күчөй берди. Туштушка бырпырап учкан жүн, уядагы былтыркы чөпчар, кендир, эски-уску курумшу, жүн сапырылды.

Аңгыча болбой түбүндө тал турган дубал, аянтка чоң сары мышык ары жактан булт эте секирип чыкты. Эки көзү чырдашып, тытышкандарда. Талисте жашырынып турган мени мышык көргөн жок. Үрпөңдөшкөндөргө арбалды да калды.

Уя талашкандар эми уйгактай чокмороктошуп,

аябай кызыл чеке болуп кызып алышса керек, бутак ылдый кулай баштаашты. Бири-бирин тырмагынан кое бере турган түрү жок. Ач тикендей жабышып алган үч боз таранчыдан чыйырчыктын ар кайсы бир жери кээде карарып көрүнө калат. Мен «үчөө биригип, бир чыйырчыкты тыткылап таштабайбы!» деп коопсуздандым. Ажыратайын деп жүткүнгөндөй да болдум. Бирок, чатакты чоң сары мышык менден мурда тыйды.

Тигилер үймөктөшүп, кулап олтуруп дубалга жакындаганда мышык көзгө илешпес укмуштай тездик менен түйүлүп секирди... Жөн секирбей «мыё — о!» деп ажаан доош чыгарды. Тигилер заматта бири-бирин «кучагынан» коё беришкенсиди. Бирок, таранчынын бири мышыктын ийнедей курч тырмагында калыптыр. Анысы эркеги экен. Эркегинен ажырап, жесир калган бечаралар чыйтылдап, экөө эки жакка зуу коюп учуп кетишти. Кара чыйырчык уясынын жанына конуп, жүнүн таранып, өзүн тез эле тартипке келтирди да уяга «лып» кирип кетти. Көпкө чейин ичинен сыртка чыккан жок. Саргыч, учтуу тумшугу гана дапдаана көрүнүп турду.

Бул чыйырчык ургачысы келгенче уясын тазалап, ичин жаңыртып, татынакай «төшөк» салып, белендеп койду. Кийин биринчи жолу алты балапан, экинчи жолу төрт балапанды торолтуп учуруп чыгарышты. Тегеректеги көп сандаган таранчылар бир дагы жолу тынчын алышкан жок.

Мындай чатак жаратылышта көп болот. Бирок, кээ бир учурларда таранчылар көптүккө салып, чыныгы ээсин уясына, түнөгүнө киргизбей, таптакыр кууп да жиберишет. Андай болбос үчүн силер кара чыйырчыкка сөзсүз жардам бергиле. Алдын-ала — чыйырчыктар келе электе — мисалы, январь-февраль айларында эски уясын жаңыртып, таранчыларды дагыра уруп, үч-төрт жолу коркутуп койсоңор, алар уяга жолобой калат. Же бир эски көйнөктү жыгачка керип,

үстүнө эски калпак, тумак, шапкени илип койсоңор, таранчылар андан жаа бою коркуп, башка, көмүскө жерге уя салууга «көчүп» кетишет.

Чыйырчыктын жыгач уясына мышык да кириши мүмкүн. Ал кирбес үчүн жыгач уясы бекитиле турган мамыны калтыркан темир менен ороп, майда мык менен бекемдеп кагып койгула. Андай «темир» мамыга мышык тырмышып чыга албайт, тырмагы темирге илинбейт.

Уяны фанерден жасабагыла. Ал кар, жаандан бат эле чирип, керектен чыгып калат. Жука (1,5—2 см), таза сүрүлгөн тактадан жакшысы жок. Жылчык, тешик калбасын. Оозун төгөрөк чыгарып, орноткондо күн чыгышты көздөй, шамал кулатып кетпей тургандай, бекемдеп мамыга же жоон бутактарга зым менен байлагыла. Уяны коoздоп, сырдоонун эч бир кереги жок. Эң негизгиси — ал бекем болсун. Оозунун астына эч кандай «коно турган» бутак-сутак, текче-секче жасабай эле койгула. Чыйырчык талаадан, бактан... учуп келип, уясына шак эле кирип кетүүгө жөндөмдүү куш. Анын тырмактары өтө курч.

Уя жасап, балапан чыгарып жатканда тынчын албагыла. Ичине үңүлө карабагыла. «Жем берет элек», — деп көп убара болбогула. Керектүү жемин чыйырчык өзү таап алат.

Кара чыйырчыктын жогору жакта айтылгандай пайдасынан башка дагы бир артыкчылыгы бар. Ал — сайроочу куштардын түркүмүнө кирет.

Өзүнүн кайрыктары анчалык деле көп эмес, бирок башкаларды туураганга келгенде ал жөн эле укмуш. Кулундун кишенегенин, козунун маараганын, эчкинин мекиренгенин, короздун чакырганын, жөжөлөрдүн чыйпылдаганын, иттин үргөнүн, мышыктын мыйоологонун эрте жазда угуп калсаңар кулун, эчки, жөжө... экен деп ойлобогула. Ал сыйкырчы, куудул чыйырчык. Жан-жаныбарларды гана тууроо боюнча адис

болбостон, ал сагызган, чөкөтаан, ала карга, чабалекей, куркулдак, жылкычы чымчык, тартар, өрдөк, каз жана башка канаттууларды да так өзүндөй туурай, кайталай алат.

Эгерде чыйырчыктын темир канат балапанын алып, колдон багып чоңойтсо, ал адамга укмуштай үйрөнүп, айрым сөздөрдү, кыска сүйлөмдөрдү так айта алат. Айрыкча: «ч, ш, ц, х, п» тыбыштары катышкан сөздөрдү, мисалы, чырак, чегиртке, чыйырчык, шакылдаба, шуулдак, пахта, цирк, ха-ха, пах-пах, өх-өх, пыш-пыш» деген сыяктуу сөздөрдү, күлкүнү, шоокумду эң сонун туурайт.

Бир сөздү же бир нече сөздү үйрөтөм десеңер эртең менен жана кечинде бирдей үн ыргагы менен, жем берердин алдында улам кайталай бергиле. Беш-алты айдан кийин ал таптак сүйлөп калат. Үйрөтүп жатканда коркутуп чочутпагыла, абдан сылык мамиле жасагыла. Ал кайталап айтса эң жакшы көргөн жеми сөөлжандан, кебек курттан, же коңуздан «сугундуруп» койгула, ал аракетинин алкышы катарында бааланат. Куш муну сөзсүз түшүнөт, даамдуу жеминен дагы алуу үчүн далалаттанат.

Быстровка айылында Павел Варавин деген кишини тааныйм. Ал мындан беш-алты жыл илгери «Чагылган» деген чыйырчык бакты. Эмне үчүн кушуна «Чагылган» деп ат койгонун мен да билбейм, өзү да билбесе керек. Мүмкүн чагылгандай өтө ылдам учкандыгынанбы? Таң.

Мергенчиликке, балык улоого, жер жемиш тергенге алыскы улуу тоого мотоцикл менен барганда да «Чагылганын» кошо ала кетчү. Куш ийнине, башына конуп, дайыма жанында жүрөр эле. Павел балык кармап, же козу карын, бөрү карагат, мандалак терип жатканда, кушу чегиртке терип жеп, шар аккан муздак суугa киринип, айланчыктап алыс кетчү эмес. Көргөндөр аябай таң калышчу экен.

— «Чагылганды» мен мындан жети жыл мурда— балапан кезинде уядан түшүп калган жеринен алып бактым,— дечү ал мага сыр ачып.— Отпускада элем. Убакыт бош. Эрмектеп чегиртке кармап, жумуртка, кесме, быштак берсем жей берди. Бат чоңойду. Адегенде капаска деле салган жокмун. Бирок, столдогу идиш-аякты кулатып, чакадагы сууну чачып, неберемдин оюнчуктарын бекитип, чатак баштаган соң ага көп деле чоң эмес капас жасадым. Таманы — калтыркан темир, сууну чачса да үйдүн ичи булганбайт. Бара-бара жаңы досумдун өнөрү күчөдү. Мен тамеки чегейин десем ашканадан ширеңкенин кутусун алып келет, кимдир-бирөө эшикти какса: «Кто пришел?» деп сурайт, кичинекей неберебиздин чай кашыгын талашып, варенье куюлган пиялага тумшугун малып, алча өрүктү ичинен илип чыгат. Столдун, полдун, керебеттин баарысы кызыл-ала батташкан, чапташкан варенье болду да калды.

— Минтип жашай берсек, биздин үй эки-үч айда тоокканага айланат го,— деди аялым кейип.— Карачы, баарысын булгап, чачып, үйдүн иретин бузду. Коё бер. Коё бербесең, мен коё берем. Же экөөңөрдү таштап, өзүм кетип калам.

— Мен коё берген жокмун. Сөз үйрөтө баштадым. «Молния». Кто пришел? Я. Скворушка. Хороший. Кыш-кыш!» деген сөздөрдү күн сайын кайталай бердим. Капаста олтуруп, менин «сабагымды» өздөштүрө берди. Мен апендиче кайталаган сөздөрдүн баарысын жакшы айтып калды. Эми аны аялым да баласындай жакшы көрөт. Бизди да таштап кеткен жок...

— Кийин ошол сонун «Чагылганымды» мышык жеп кетти. Үйдүн эшиги ачык калган экен, коңшунун мышыгы баш багып, үйдө учуп жүргөн кушумду кубалап, арбап жүрүп кармап алыптыр. Капасын ким ачканын да билбейм...

Чыйырчыкты мен да бактым. Павел айткандай, сөздөрдү бат үйрөнөт. Тили жаңы чыккан баладай кекечтенип, кызыл өңгөчү менен гана сүйлөгөндөй доош чыгарат. Капастын эшигин ачканга келгенде — жеткен уста. Кара кулпу гана салып койбосо, ар кандай иймектей илгичти өзү тумшугу менен оп-оңой эле ачып алат. Жем, суу бергенде ээси капасты кантип ачып-жабарына кылдат көз салып олтурат. Мындай басканда эле илгичке жабышат. Тумшугун кайчыдай ачып, керек болсо доңкулдактай тырсылдатып, тырмагы менен тырышып жатып «үйүнүн» эшигин ачып коёт. Мынчалык акылдуу, көрөгөч, баамчыл куш жок сыяктанат.

Көп кабаттуу, чоң үйлөрдө чыйырчык асыроо кыйын. Багуусу жеңил дечи. Жеми табылат. Ал: быштак, кесме, бышкан жана чийки эт, сөөлжан( эң жакшы көргөн эти), тууралган сабиз, алма, дарбыз, коон, бадыраң, нан жеп, суу, сүт, айран, каймакты тартынбай жеп-иче берет. Бирок, сууга чүмкүгөндү, кирингенди эң жакшы көрөт. Киринип жатканда үйдүн ичин бүт көл-шал кылып жиберет. Идиштеги суусу таптакыр жок болуп калмайынча кирине берет. Жаңыртып суу куйсаң, кайрадан чапчылап, чачыратып кирет. Жеми, суусу, куму салынган идиштердин баарысын атайылап оодарып, астынан сөөлжан издеп, аябай бүлүк салат, өзүнөн салмактуу оор идиш койбосо болбойт. Же идишти бекем байлап, бурап коюу керек.

Чыйырчыкты өзүмдүк короосу, үйү бар адамдарга багуу жеңил. Короонун бир бурчуна же бастырманын астына зым тордон кенен капас сыяктуу тосмо жасап, үстүн шифер, же толь, же брезент, фанер, такта менен жаап, бир жеринен эшик чыгарып койсо, үйү даяр болот да калат. Сууну чачса, ал кыртышка сиңип, бат эле кургап турат.

Кенен, жарык капаста чыйырчык 20—30 жыл жашайт. Көп сайрап, моокумду кандырат. Кээде мөөрөп,

кээде кишенеп, кээде үрүп көп жолу таң калтырат. Жеминен гана өксүтпөсөңөр, ал ошол капасында кыйналбай эркин кыштап да чыгат.

Фрунзе шаарынын парктарында, кара-жыгач багында, дачалар жайгашкан тоо арасында кийинки жылдары айрым чыйырчыктар кыштап да калып жатканын көрүп жүрөм. Алар кара шакылдактарга, ала карга, таранчыларга, сагызганга кошулуп, жемин таап жегенге үйрөнүп калышкан окшойт. Чыйырчык жалпы эле ар кандай кырдаалга, жашоо шартына бат көнө турган, чыдамдуу куштардын бири. Ага ботко, кесме, күлчатай, картөшкө берсеңер деле кайра тартпайт.

Баса, мен жогору жакта эскертилген үч баланын суроосуна али жооп бере элек турбайынбы. Жооп берейин:

Кара чыйырчыктардын дагы 2 түрү бар. Бири кызгылтым чыйырчык. Өтө кооз, жарашыктуу канаттуу десем болот. Төбөсүндөгү жүнү узун болгондуктан, таажыдай көрүнөт. Башы, тамагы, канаттары, куйругу — чымкый кара. Жону, төшү, капталдары, курсагы — мала-кызыл. Ургачысы эркегинен кичирээк жана бозураак. Тумшуктары сары, түп жагы кара-боз. Буттары да саргыч, узун, жотолуу. Бул чыйырчык Казакстанда, Орто Азия республикаларында (анын ичинде Кыргызстанда), Украинада, Түштүк Батыш Сибирде, Волга дарыясынын жээктериндеги токойлордо, Алтай крайында айрыкча көп. Балапандарын мелүүн, салкын, агын сууларга жакын жерлердеги токойдо, тилкелерде чыгаргандан кийин, миңдеп-түмөндөп топторго биригип, жер которуштуруп жүрүшөт. Балапандарын өстүрүп жаткан кезде жүздөгөн гектар жерде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерин жеп жок кылышат. Кийин, тукуму чоңойгондон тартып, кескелдирик, жөргөмүш, чымын-чиркей, курт-кумурскадан тышкары түрдүү өсүмдүктөрдүн уругун, алма, өрүк,

тыт, жийде, жүзүм жешет. Мына ошол кезде гана бир аз зыян келтириши мүмкүн. Бирок, негизинен, мала кызыл чыйырчык пайдалуу канаттуулардын түрүнө кирет. Ошондуктан, аны ар тараптан корукка алуу советтик ар бир адамдын ыйык милдети.

Берки чыйырчык сыяктуу эле адамга, капасына, колдон берилген жемге бат үйрөнөт, чочуркабайт, жатыркабайт. Бирок, жаратылышка кумарпоз, үйүндө «жандуу бурчу» бар кишилер кызгылтым чыйырчыктарды өтө сейрек багышат. Себеби, бул канаттуунун сайраганы эң эле начар. «Чыр-чыр» дегенден башканы билбейт. Баккан адамдар анын сырткы кооздугуна, тышкы келбетине, сымбатына гана кызыгышат. Мен өзүм мала кызыл чыйырчыкты бала кезде гана эки жыл баккам. Түлөгөндөн кийин мала-кызыл жүнү оңуп, ал агыш-боз тартканынан кийин, үчүнчү жолку жай айында коё бердим. Үйүмдө кол менен тартып алган сүрөтү гана калды.

Мала-кызыл чыйырчыктар Индияда кыштайт. Мындан 30—40 жыл илгери андай куштар бизде жок болучу. Сыягы Индияда кургакчылык болуп, аптап күч алгандан кийин куштардын айрым түрлөрү Түндүктү көздөй, биз тарапка көчө баштаса керек.

Муну мен эмне менен далилдей алам? Анын орчундуу бир маалыматы бар. 1962-жылга чейин Талас өрөөнүнүн жашоочулары чыйырчыкка окшош карала чоң кушту билишчү эмес. Аталган жылы Фрунзедеги зоологиялык бирикмеге Индиядан жүзгө жакын ошондой карала чымчыктар алынып келинип сатылды. Мен ошондо Талас шаарында жашап, райондук газетада иштеп жүргөм... Кызмат боюнча Фрунзеге бир каттаганымда зоологиялык дүкөнгө да кайрылдым. Келген сайын ал дүкөнгө сөзсүз бир баш багып кетчүмүн: сайроочу куштардан, жеминен, капастарынан сатып алчумун.

Бул сапар Белинский көчөсүндөгү дүкөнгө кирсем

карала чоң куштар сатылып жатыптыр. Мага деги эле кооз көрүндү. Сайраганы да бир укмуш.

Бир чоң капасы менен төртөөн сатып алдым да, кубанычым койнума батпай, автобус менен куштарымды Таласка алып жөнөдүм.

Жол катары төртөөнөн көз албадым. Мотордун жанына, шоферго жакын койдум эле машинанын «жүрөгүнүн» доошунан алар да шыктанып, жолду катар мукамдуу сайрап барышты.

Үйгө барып, түз эле бир чоң бөлмөнүн ичине коё бердим. Шуулдап учканы, канаттарынын ала-буласы, сайраганы балдарыма да жагып, эки-үч күн жанынан чыккан жокпуз. Ушул күндөрдүн ичинде алар бөлмөнүн ичин биротоло булгап, акир-чикир төгүлгөн жерге айландырып жиберишти. Укмуштай сайраган, бирок ыплас куштар экен.

Капаска салсам — тар, бири-бири менен кагылышып, жем талашып, эртеден кечке чейин чырлашып, сайрабай, жүнү булганып, көркү кетти. «Эмне кылсам? Коё берсемби? Шаардын ичинде жем таппай, бөөдө ачкадан куруп калат ко? Туулуп өскөн айылым — Шекерге алып барсам кантер экен?»

Ушул ойго бекидим. Үйдө мен аларга сөөлжан, чегиртке, кесме, тууралган эт, картөшкө, быштак берип жүргөм. Эмне берсем, ылгоочу эмес.

Булар чыйырчыктардын үчүнчү түрү болуп чыкты. Илимий аты майна, же саратан жечү чыйырчык деп аталат экен.

Мен бул төрт ала чыйырчыкты Киров районундагы Шекер айылына 1962-жылдын 14-июль күнү коё бердим. Коё берген күнүмдү блокнотума жазып койдум.

Төртөө эң бийик жыгачтын бутактарына конду. Жүнүн тарап, өзүлөрүн тартипке келтиришти. Анан сайрашты. Үйдө бир да жолу кубулжутуп мындай сонун сайрашкан эмес. «Капырай, жаратылышта деги кооз сайрайт турбайбы?» — деп өзүмчө таң калдым.

Он-он беш мүнөт өткөндөн кийин төмөнкү талааны көздөй куркулдап, чыйпылдап учуп кетишти. Айылда эки күн жүрсөм да көзүмө чалдыкпады. «Индияга, өз мекенине Манас тоосун ашып кетишсе керек»,— деп ойлодум.

Айылга эми кышында бир келдим. Карасам уй сарайынын жанында баягы төрт ала чыйырчык учуп жүрөт.

— Кызык куштар экен,— деди мага сарайдын карoолчусу Ыстанбек аксакал.— Уйлардын жатагынан алыс кетишпейт. Кыктын арасындагы курттарды, жемди терип жеп, шыпка конуп сайрап олтурушат. Мурда мындай чымчыктар жок болчу. Тентек балдар рогатка менен атайын деп 3—4 жолу келишкенде кууп жибердим. Жүрө беришсин. Таранчыдан, сагызгандан башка канаттууларды кышында көрчү эмес элек. Атын гана билбейбиз. Чыйырчыкка деги эле окшош. Адамдан коркпойт. Кээде мен күнгө жылынып, дубалга сүйөнүп, магдырап олтурсам, жаныма чейин басып келишет. Кийиз өтүгүмө жабышып калган бирди-жарым арпанын, жүгөрүнүн данын чокуп-чокуп кетишет...

Төрт-беш жылдын ичинде Шекер айлындагы ала чыйырчыктар 40—50 башка жетти. Уясын ферманын көмүскө жерине салат экен. Жайында талаага кетип, айылды аралап, кышында кайрадан фермада жашашат. Короо-короонун ичинде ит-мышыктан да коркпой, секирип басып жүрүшөт. Нан, сөөк, кичине эт, быштак, картөшкө түшүп калса, илип алып учуп кетишет. Сайраганынан көп адамдар ыракат алышат.

Бирок, Шекер айылындагы ала чыйырчыктар баягы мен алып барган куштардан тарады дейин десем андай канаттуулар Киров районунун Орловка, Ключевка, Покровка, Көк-Сай, Грозное деген айылдарында да жашап жүрүшөт. Сыягы Индиядан бул куштар те ошол 60-жылдарда бир таралса керек. Бизге чейин

учуп келип, жерибиз жагып калып, биротоло байыр алып калышкан окшойт. Же Индияга бийик, суук тоону ашып кайра кете албай калдыбы? Ким билет. Же биздин кышыбыз аларга анчалык суук көрүнбөйбү? Таң.

Айтор, чыйырчыктын үчүнчү түрү азыр Талас өрөөнүн өз мекенине айландырып, жумурткалап, балапан чыгарып, жыл сайын көбөйүп баратат. Ар бир уяда 5—6 жумурткасы болот экен. Аны ургачысы 14—15 күн басат. Эркеги балапандарын багууга өтө сонун жардам берет. Жайыттардан, талаадан коңуздарды, ар кандай курт-кумурскаларды терип, көп пайда келтиришет. Уяны эски чүпүрөктөрдөн, жүндөн, чөптөн салышат. Кышында адам баласынын турагына жакын көчүп жүрүшөт. Акылдуу, байкагыч, сак бул кушту дыйкандар да, малчылар да, мектеп окуучулары да жакшы көрүшөт. Анткени, алар бир эсе тамакаштын калдыктарын-жугундуну, курт-кумурскалардын уругун жеп, санитар болушса, экинчиден, көп сайрап, моокумду, кумарды кандырат.

Кышында талааларды, өзөндөрдү, айылдын үйлөрүн кар жаап койгондо жалбырагы эбак түшкөн терек же талга шурудай тизилип алып, ала чыйырчык сайрап олтурса жаманбы? Бул да болсо жаратылыштын адам баласына тартуулаган бир белеги эмеспи?!

Чоң капаска бакса, ала чыйырчык татаал эмес ырлардын обонун, кыяк күүлөрүн, айрым сөздөрдү бат өздөштүрүп, так өзүндөй тууроого жөндөмдүү. Итке да, мышыкка да, каз-өрдөккө да кошулуп жүрө берет. Абдан үйрөнгөндөн кийин капасы ачык калса, андан учуп кетип, талаа-түздү чабыттап, кечинде кайра келет. Индияда бул куш көп адамдардын үйлөрүндө ээн-эркин жашайт экен. Аны Индияга барып-келип жаткан туристтер айтып, көп кеп кылышат. Кожоюнунун колунан кесме, эт алып жейт экен. Мүмкүн бара-бара бул канаттууну баккан адамдар бизде да чыгар. Чы-

йырчыкка караганда аны багуу жеңил окшобойбу. Себеби, жакшы үйрөнгөндөн кийин ал үй кептери сыяктуу талаага барып, өз жемин өзү таап кайра келип турат. Адам менен жаратылыштын макулуктарынын ортосундагы мындай татына байланыш кимди гана болбосун кызыктырат, суктандырат деп ойлойм. Акылдуу, күчтүү, чоң адам баласы өзүнөн кичинекей жан-жаныбарларга, канаттууларга асили боорукер, камкор болгону эле жакшы дечи.

...Чыйырчыктар. Март айында бизге конокко келип, сентябрь айында кайра учуп кетчү бул татынакай куштар ар бирибиздин жүрөгүбүзгө жакын, ынак. Алар келгенде биз чексиз сүйүнөбүз, кубанабыз. Алар кеткенде биз чексиз кайгырабыз. Элесин дагы көп күн көргөнсүп, сүйлөшкөнсүйбүз. Жаздын кайра келишин, чыйырчыктардын кайтышын самай баштайбыз. Булактын шылдыры түбөлүк басылбаган сыңары адам менен чыйырчыктын байланышы, карым-катышы да түбөлүк, үзүлбөс, бекем... Ошондуктан, «ала чыйырчык көрсөңөр, урбагыла таш менен...»

МАЗМУНУ


Адам жана жаратылыш . . . . . . . . . . 3
1. Булбул . . . . . . . . . . . . 28
2. Торгой . . . . . . . . . . . . 44
3. Боз чымчык . . . . . . . . . . . 54
4. Кара шакылдак . . . . . . . . . . 66
5. Мыймыт . . . . . . . . . . . . 74
6. Башайы чымчык . . . . . . . . . . 79
7. Кызыл төш . . . . . . . . . . . 83
8. Африкалык «кекилик» . . . . . . . . . 90
9. Бөдөнө . . . . . . . . . . . . 95
10. Токуучу куштар . . . . . . . . . . 101
11. Флейта . . . . . . . . . . . . 113
12. Токой кайрыктары . . . . . . . . . 120
13. Чыйырчык . . . . . . . . . . . 162

КУЗЬМЕНКО БОЛОТБЕК

**Певчие птицы**

Очерки

*На киргизском языке*

ДЛЯ МОЛОДЕЖИ

ЖАШТАР ҮЧҮН

Фрунзе, Издательство «Мектеп»

Редактор Д. Сулайманов. Художник Б. Алыкулов. Худ. редактор К. Сейталиев. Тех. редактор С. Нурмиева. Корректор М. Деркембаева.

ИБ—801

Терүүгө 16/I 1978-ж. берилди. Басууга 30/III 1978-ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $70 \times 108^{1}/_{32}$, 5,25 физ. басма табак +0,125 вкл. 7,35 шарттуу басма табак. +0,17 вкл. 7,33 учеттук басма табак+0,28 вкл. Д—02429. Заказ № 42. Тиражы 12000. Мукабасыз баасы 50 т. Мукабасы 15 т.

720002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102. Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты

65 т.